453
454

Аң-сезим
الوعي
# Ал-Ваъй

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, шаввал-зулкаъда, 1445-х. – май-июнь, 2024-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Газа согушу, анын эл аралык жана регионалдык мамилелерге таасири

## Газа согушу Түркиядагы шайлоого кандай таасир кылды?

## Феминизм жана гомосексуализмди жаюуда эл аралык жана бейөкмөт уюмдардын ролу

## Яхудий вужуду менен булуң мамлекеттери ортосундагы мамилелерди нормалдаштыруунун кооп-коркунучтары

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

453
454

Шаввал-зулкаъда 1445х
май-июнь 2024м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Газа согушу, анын эл аралык жана регионалдык мамилелерге таасири....................................................3

– Антисемитизм жана анын Фалестин маселесине байланышы (1) ................. 11

– Яхудий вужуду менен булуң мамлекеттери ортосундагы мамилелерди нормалдаштыруунун кооп-коркунучтары... Мусулмандар буга кантип каршы турушу керек? ..........................20

– Аскерий үстөмдүк жалганы. Исламий дүйнөдөгү куралдуу уюмдар Батышты туңгуюкка кептөөдө........................... 29

– Мумин жана муминалар ортосундагы достук жана важибди аткаруу түшүнүгү ........................................ 34

– Феминизм жана гомосексуализмди жаюуда эл аралык жана бейөкмөт уюмдардын ролу ................................ 44

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***60

– ***Куръани Карим сабагында***.............. 67

– ***Бейиш бактары:*** Куръандын фазилаттары жөнүндө (2)..................... 73

– ***Соңку сөз:*** «Хасбара» агенттиги... (израилдин) фалестиндиктерге каршы кара үгүтү ушинтип иштейт ........................ 78

– Газа согушу Түркиядагы шайлоого кандай таасир кылды? ......................... 80

**НУСКА БААСЫ**

| |
|---|
| Ливан 1000 лира |
| Яман 30 риял |
| Түркия 1 доллар |
| Пакистан 1 доллар |
| Австралия 2,5 доллар |
| Америка 2,5 доллар |
| Канада 2,5 доллар |
| Германия 2,5 евро |
| Швеция 15 крон |
| Бельгия 1 евро |
| Британия 1 евро |
| Швейцария 2 франк |
| Австрия 1 евро |
| Дания 15 крон |

بسم الله الرحمن الرحيم

## ГАЗА СОГУШУ
## АНЫН ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА РЕГИОНАЛДЫК МАМИЛЕЛЕРГЕ ТААСИРИ

**Устаз Хамд Табиб – Байтул Макдис**

Маанилүү эл аралык жана регионалдык окуялар – аскерий, экономикалык же болбосо фикирий-мабдаий болобу – албетте эл аралык жана регионалдык майданда көптөгөн таасирин калтырып, бир катар өзгөрүүлөрдү жүзөгө келтирет о.э. алардын акыбеттери ошол регионго гана чектелип калбайт. Мисалы, мурунку Советтер Союзунун мабдаий жактан кулашы эл аралык жана регионалдык мамилелерге өтө чоң таасир кылды жана анын таасири бүгүнкү күнгө чейин уланып келүүдө. Батыштын Ирак жана Афганистанга каршы согушу да эл аралык системага жана мусулман өлкөлөрүндөгү регион мамлекеттеринин системасына саясий, экономикалык жана идеологиялык жактан чоң таасирин тийгизди. Өткөн кылым башында жана акыркы он жылдыкта айрым исламий өлкөлөрдө болгон козголоңдор да калктардын сакафатына, ири мамлекеттердин регион үчүн иштеп чыккан саясатына жана келечек программаларына чоң таасир көрсөттү. Ушул сыяктуу бүгүнкү күндө Газада болуп жаткан согуш да чоң таасирин калтырды. Бул таасир-акыбеттер кийинчерээк эл аралык жана регионалдык мамилелерде, «Жакынкы Чыгыш региону» деп аталган системага өзүн көрсөтөт. Ал тургай, бул согуш али токтобогон болсо да, Америка жана региондогу өлкөлөрдөгү анын малайлары тарабынан белгиленген максаттар катары бул согуштун саясий жана аскерий соңу дагы эле белгиленбеген болсо да.

Газага каршы бул аёосуз согуш, шексиз бүткүл регионду өз иримине тартып жаткан үлкөн өзгөрүүлөрдүн бири болуп эсептелет. Анын маанилүүлүгү мусулман өлкөлөрүндөгү козголоңдордон, Ирак жана Афганистандагы согуштан, Балкан согушу, Украинага жасалган чабуул сыяктуу дүйнөнүн ар аймагында жүз берип жаткан согуштардан аз эмес.

**Газа согушунун эл аралык жана регионалдык мамилелерге ачык-айкын таасири өтө көп, алардын айрымдарына токтолуп өтөбүз:**

1 – **Батыштын бардык баалуулуктары үрөй учурган түрдө кулады, ал тургай, Батыш баалуулуктарын кабыл алган жана аларды коргоп жаткан уюмдар да кулады,** айрыкча, адам укуктары, демократия жана эркиндиктерге байланыштуу уюмдар кулады. Себеби, Газага жасалган согуш АКШ жетектеген Батыштын жалган сөздөрүн ачыкка чыгарды. Негизи, Батыш алсыз, куралсыз элге каршы баскынчы яхудийлерди колдоп-кубаттап жатат. Ошондой Батыш кыргын кылуу жана ойрондуга айлантып, кыйратуу үчүн керектүү бардык курал-жарак жана техникалык каражаттар менен яхудийлерди камсыздап жатат. Батыш бул баскынчы яхудийлерди БУУ жана Коопсуздук Кеңеши сыяктуу эл аралык мекемелеринде колдоп, Газа калкынын мүмкүнчүлүктөрүн жана жерин тартып алып зулум саясат иштеп чыгуу менен алардын Газа байлыктарына болгон ач көздүгүн кандырууга урунууда. Себеби, бул Батыштын колонизаторлук долбооруна кызмат кылат. Согуштун башында Кошмо Штаттар президенти Жо Байден: «Биз (израиль) жана бүткүл дүйнөдөгү шериктештерибиз менен иштөөнү улантабыз жана (израиль) өз жарандарын жана шаарларын коргошу жана чабуулдарга жооп кайтарышы үчүн бардык зарыл болгон каражаттар менен камсыздайбыз», - деди. Франция Коммунисттик партиясынын улуттук жетекчиси Фабьен Руссел «Radio Orient I»ге берген интервьюсунда мындай дейт: «Биз бир тараптын курман болгондорун көрүп, каралап жатабыз, бирок, экинчи тарапта (Газада) өлгөндөрдү көрбөй жатабыз. Бул нерсе баалуулуктарыбызды коргоодогу карама-каршылык болуп, суроолорду жаратууда жана жаштарды, айрыкча келечек муунду ушул баалуулуктарга кайдыгер кароого үйрөтүүдө». «Кудсул Арабий» гезитинин 2023-жылдын 23-октябрындагы чыгарылышында «Батыш гуманизминин жалгандыгы жана заманбап демократиялык баалуулуктардын кулашы» деген аталышта макала жарыяланган. Макалада ушулар баса белгиленет: «Россия Украинанын жерлериин басып алышы эл аралык укук нормаларга ылайык кылмыш саналган кырсык болуп эсептелет... Бул кылмыш эскирген деп этибарсыз калтырылбайт, баскынчыга катаал санкцияларды колдонууну жана Украина элине жардам көрсөтүүнү талап кылат. Себеби, алар чабуулдан жана массалык кыргын куралдарынан азап тартышууда. Ушул Батыш 1967-жылдан бери Фалестин жерлерин басып алып жаткан (израиль) менен мунаса кылууда. Бирок, Батыш баскынчынын зулуму астындагы калкка жардам бербей жатат, баскынчыга

санкцияларды колдонбой, Газа согушунда каалагандай кылмыш жасап жаткан баскынчыны жоопко тартпай жатат!».

2 – **Америка Газадагы согушту токтотуу жөнүндөгү БУУнун жана Коопсуздук Кеңешинин резолюцияларына каршы добуш бергенден кийин эл аралык мекемелерде эл аралык карама-каршылыктардын пайда болушу.** Бул карама-каршылык көп жылдан бери биринчи ирет 2024-жылы 22-мартта Россия менен Кытай Коопсуздук Кеңешинин резолюциясына каршы чыгышы менен жүзөгө келди. 2024-жылы 22-мартта БУУнун расмий веб-сайтында: «Россия менен Кытай вето укугунан пайдаланышкандан кийин БУУ Коопсуздук Кеңеши Газада ок атууну токтотуу керектигин тастыктаган АКШ резолюция долбоорун кабыл албады», - деп айтылат. Ички жана тышкы басымдар натыйжасында Америка да Газага каршы согуш башталгандан бери биринчи ирет 2024-жылы 26-мартта Коопсуздук Кеңешинде кабыл алынган эл аралык резолюция вотумунда бейтарап калды. Резолюцияда ок атууну токтотуу жана туткундагыларды азат кылуу чакырылган. Муну менен бирге, анда 2023-жылы 7-октябрга тиешелүү темада Хамасты кылмыш жообуна тартуу маселеси айтылган.

3 – **Ислам акыйдасына таянган фикирлердин мусулман өлкөлөрүндөгү калктардын мамилесине таасири.** Бул абал Газа калкын колдогон элдик иш-аракеттерде, Фалестинди азат кылуу жана Газа калкына нусрат берүү үчүн жихад дарбазаларын ачууну талап кылууда ачык-айкын көрүндү. Иордания, Яман, Ирак, Түндүк Африка жана көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө болгон окуялар Газа калкын колдоп-кубаттоодо мусулмандар бир Уммат деген түшүнүккө келүүдө чоң фикирий таасир көрсөттү. Бул иштер жакынкы күндөрдө мисалы Газа калкына жардам берүү жана бул жардамга тоскоолдук кылып жаткандарды кулатуу сыяктуу натыйжаларды албетте келтирип чыгарат. «The Economis» журналында 2023-жылы 2-декабрда ушулар баса белгиленди: «Газа согушу Жакынкы Чыгышта болуп жаткан диний козголоңго таасир кылды жана фалестиндиктерге каршы согушта диний жана маданий кайрылуулар абдан күчөдү, муну (израиль) жетекчилери да, Батыш бийликтери да элден жашыра алышпады. Бул согуш саясий киши менен диний киши ортосундагы байланышты бекемдеди. Ушул орунда баса белгилеп айтуучу бир нерсе бар. Сурамжылоонун натыйжаларына ылайык, диндарлыгы күчөп жаткан жаш муун саясатка биз эч качан көрбөгөн жаңыча аракеттер аркылуу киришүүдө».

4 – **Газа согушу Американын ички келишпестигине, саясий жетекчилигине жана коомчулугуна бир нече жактан таасир**

**кылды.** Алардын катарында, бул согуш ал жердеги эки ири партия ортосунда уланып жаткан саясий жаңжалдарды жана конгресс мүчөлөрү ортосундагы күрөштү күчөтөт. Мисалы, америкалык журналист Крис Хежес 2023-жылы 10-ноябрда мындай деди: «Вашингтон (израилдин) Газадагы согушуунун акыбеттеринен коркуп жатат. АКШ администрациясы (израилге) таасир өткөрүүгө жана токтотууга кудуреттүү эмес. Себеби, Кошмо Штаттарда (израиль) лоббиси күчтүү. Газадагы согушту созуу регионалдык жана жергиликтүү жактан Кошмо Штаттарга зыян алып келет». АКШ Демократтар партиясынын мүчөсү саясий серепчи Махдий Афифий «Sky News Arabia» веб-сайтына берген интервьюсунда: «(Израилдин) Газага каршы согушу АКШга саясий, экономикалык жана массалык даражада чоң жүк болду», - деди.

5 – **Жалпысынан региондун калыптанышы, өзгөчө Фалестиндин ичиндеги күрөштү эсепке алып, Газа согушунан кийинки доор үчүн саясий чечимдерди иштеп чыгуу.** 2024-жылы 23-мартта Блинкен Каирге жасаган сапарында мисирлик кесиптеши Самих Шукрий менен биргеликте берген маалымат конференциясында жана бир нече араб мамлекеттеринин министрлери менен өткөргөн жолугушуудан кийин: «Биз узак мөөнөттүү тынчтык жана коопсуздук зарылдыгына келишиштик», - деди. Блинкендин сөзүнө ылайык, бул өз кезегинде «Фалестин администрациясын реформалоону жана (израиль) кошуналары менен мамилелерди нормалдаштырууусун талап кылат». Анын фикиринде, регионалдык интеграция туруктуу тынчтык жана туруктуу коопсуздукту камсыздоонун негизги таянычтарынын бири.

6 – **Яхудий вужуду жана регионалдык системага тиешелүү келечектеги ар кандай чечимдерге Иранды шерик кылуу үчүн анын таасирин киришүү катары колдонуу.** Негизи, бул маселеде башка киришүүлөр да бар. Алардын катарында, Саудиянын Иран менен жакындашуусу, жакында Иран яхудий вужудун коркутканы, Ирандын Сирия режимин кулоодон сактап калууга аралашуусу, Иран Газада Хамас кыймылы менен Исламий Жихадды колдоп-кубатташы сыяктуу. Иран иштерине адистешкен Жакынкы Чыгыш изилдөөлөр борбору тарабынан чыгарылган изилдөөдө мындай делет: «Иран каршылык огу бир тараптан Яман, Ирак, Сирия жана Ливанда ички чыр-чатактарга катышып жаткан куралдуу шиа согушкерлерин өз ичине

алса, дагы бир тараптан, Сирия режими менен союздаш болуп, бул мамлекеттердеги саясий чечимдерге өз таасирин өткөрөт. О.э. ал Фалестиндин Хамас жана Исламий Жихад кыймылдары менен кызматташып, өз атын жана мыйзамдуулугун аларды колдоп-кубаттоодон алат»... «Иран Араб борборлорунун төртөөсүн көзөмөлдөйт. Бул тууралуу ирандык жетекчилер өздөрү билдирген. Анын таасири өз кызыкчылыктарына ылайык түрдө ушул борборлордогу саясий чечимдерди көзөмөлдөөгө, ал тургай бул саясий таасирди ири мамлекеттер менен региондогу башка ийгиликтерге айырбаштоого мүмкүчүлүк берет. Мисалы, 2018-жылда Батыш менен Ирандын ядролук программасы маселесинде сүйлөшүүлөр татаалдашканда Иран ядролук маселеде келишимге келе албашын, бирок, Яман боюнча сүйлөшүү алып барышы мүмкүн экендигин жарыялаган».

7 – **Газа согушунун таасирлеринин дагы бири – Жакынкы Чыгыш регионунун келечегине жана бул региондогу яхудий вужудунун деңгээли жөнүндөгү көз караште АКШ бийлиги менен яхудий бийлиги ортосунда келишпестиктердин күч алышы.** 2024-жылы 9-апрелде АКШ жетекчиси Байден испан тилиндеги «Univision» тармагына берген интервьюсунда «Нетаняху Газа согушун кантип башкарышы мүмкүн?» деген суроого: «Мен анын кылып жаткан ишин туура эмес деп билем, бул маселедеги иш-аракетине макулдабаймын», - деп жооп берди. Ал интервьюда: «Өткөн аптада башкы кеңсеси Кошмо Штаттарда жайгашкан кайрымдуулук уюмунун жети кызматкери Газада (израиль) рейддеринде өлтүрүлдү, бул өтө үрөй учурган нерсе», - деди. Ал кошумчалап айтты: «Ошондуктан, мен чакырып жаткан нерсе ушул – ок атууну токтотууну жана алты-сегиз ай ичинде өлкөгө бардык азык-түлүк жана дары-дармектин киришине урухсат берүүнү (израилдиктер) өздөрү талап кылышы керек». Байдендин бул билдирүүсүнө жооп катары яхудийлердин премьер-министри ушул билдирүүнү берди: «Президент Байден эмнени назарга алып жатканын билбеймин, бирок, эгер ал менин көпчүлүккө каршы, көпчүлүк (израилдиктердин) каалоосуна тескери саясат жүргүзүп жатат, бул нерсе (израилдин) кызыкчылыктарына зыян жеткирет деген нерсени назарга алып жаткан болсо, экөөсүндө тең жаңылышат».

8 – **Газадагы согуш Украина согушу сыяктуу эл аралык согуш жана жаңжалдарга таасир кылды.** Бул жаңжал Трамп

Газага финансылык жардам көрсөтүүгө чакырганда дагы да күч алды. Натыйжада Байден бул жардам Украинага, Газага, Тайванга жана Мексика менен болгон чегара маселесине бөлүнөө турган жардам менен бирдей болушун шарт кылды. Россиянын «Известия» гезитинин 2023-жылдын 23-октябрындагы санында журналист Богдан Львовский: «Батыш басма сөзү Украина окуяларын күзөтүүнү кыскартты», - деди. Ал баса белгилегендей: «Жакынкы Чыгыш окуялары башталгандан кийин Украинанын финансылык жардамдарды алуусу кыйынчылыктарга учурады». Муну Львовский Украина финансы министри Сергей Марченконун «Украина финансылык жардам алууда кыйынчылыктарга учурап жатат. Себеби, согуш Батыш мамлекеттерин чарчатты, ал тургай, жардам берүүнү унута турган даражада алдан тайдырды», - деген сөзү менен түшүндүрдү.

9 – **Газа согушунун таасирлеринин дагы бири – согуш Америка жана ага жардам берип жаткан мамлекеттердин аброюн төктү жана Россия менен Кытай бул жагдайдан эл аралык мекемелерди өзгөртүүгө жана алардын мыйзамдарын кайра түзүүгө чакырууда пайдаланышты.** 2023-жылы 16-декабрда британиялык журналист Питер Оборн «Middle East Eye» веб-сайтында жарыяланган макаласында мындай деди: «Газа эл аралык саясатты өзгөттү. Айтылган (АКШ, Европа Союзу жана Британия айткан) либерал демократия (израиль) премьер-министри Бинямин Нетаняхуга бүтүндөй эркиндик берүү менен либерал дүйнө тартибинин аброюн түшүрдү».

10 – **Дүйнө калктары алдында малай режимдердин жүзү ачыкка чыкты.** Араб изилдөө борбору 2023-жылы 12-декабрда өткөргөн сурамжылоонун натыйжасында мындай делет: «Араб көчөлөрүндө өткөрүлгөн сурамжылоого ылайык, баскынчыларды Газа секторундагы кол салууларга дагы да үндөгөн нерсе – бул араб режимдеринин (газалыктарга) терс мамилеси жана яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштырышканы болгон. «Роъюл явм» гезити 2024-жылы 29-январда жарыялаган макалада: «Газага кол салуу араб режимдеринин жана жетекчилеринин айып-авратын ачыктады. Себеби, алардын айрымдары каршылык кыймылынын жеңилишин, баскынчынын жеңишке жетишин арзуу кылышты, курулай сөздөри менен гана Газа кыргынын каралагандай болушту», - делет. Макалага «Газага кол салуу араб режимдеринин айып-авратын ачыктады» деген тема коюлган.

Шек-күмөнсүз, Америка жетектеген кафир мамлекеттер Газа согушу алар пландагандай болушун жана алоонушуна жардам берген башка согуш жана окуялар сыяктуу болушун каалап жатышат, мисалы, Босния согушу, Балкан согушу, Азербайжан согуштары, бүгүнкү күндө болуп жаткан Украина согушу жана башка согуштар сыяктуу. Америка Газа согушу региондун саясатын АКШнын көз карашы боюнча калыптандырышын жана Жакынкы Чыгыштагы анын саясий күн тартибине ылайык болушун каалап жатат. Американын максаты – Газа согушунан кийин саясий туруктуулукту орнотуп, араб-яхудий жаңжалына чекит коюу үчүн "эки мамлекет" чечими деген нерсени жүзөгө чыгаруу. О.э. ал ушул туруктуулукту бекемдөө үчүн региондогу бардык мамлекеттер яхудий вужуду менен мамилелерди толук нормалдаштырышын каалап жатат. Мындан тышкары, Америка бул жана башка согуштардан пайдаланып Кытайдын «Жибек жолу» сыяктуу ар кандай экономикалык аралашуусун токтотуу үчүн региондун саясий системасын калыптандырууну максат кылган. Белгилүү болгондой, Кытай «Жибек жолун» айрым изилдөөлөр жана «G20» саммити сыяктуу экономикалык саммиттер аркылуу тыгыштырыга аракет кылууда.

Кафир мамлекеттер пландап, жүзөгө чыгарууга аракет кылып жаткан иштер мына ушулар. Бирок, иштер ар дайым эле Америка жана башка мамлекеттер каалагандай боло бербейт. Себеби, Ислам Умматы тирүү. Ал келечекте Аллахтын урухсаты менен жүзөгө чыгара турган улуу иштер үчүн пайдубал болгон үлкөн иштерди жасады. Айтканыбыздай, саясаттардын натыйжалары ар дайым кафирлердин көз караштары жана каалоолоруна ылайык боло бербейт. Бул Америка баштаган дүйнөлүк согуштар ушундай бир чоң экономикалык кризистерди пайда кылды, Американын экономикалык абалын силкинтүүдө жана ал күндөн-күнгө татаалдашып бара жатат. Украина согушу Россия үчүн жаңы абалды пайда кылды, Россия Америкага каршы туруп, ага каршы Кытай менен союз түзүүдө. Газадагы бул ырайымсыз карамүртөз согуш Аллах Азза ва Жалланын урухсаты менен келечектеги окуялар үчүн пайдубалды пайда кылды. Ал сергектик жана аң-сезимди пайда кылуу үчүн мурун болгон, Уммат майданында дагы эле болуп жаткан окуяларга кошумча болду. О.э. ал өкүмдарлардын акыркы шылтоолорун да, каршылык көрсөтүү

кыймылы сыяктуу Ислам ураанына жашынган кээ бир мамлекеттерди да ачыкка чыгарды.

Ислам Умматы шексиз өтө оор азап-кыйынчылыктарга туш болду. Бирок, Уммат алардын баарына сабыр кылып, натыйжасын чогултуу алдында турат. Учурда карамүртөз дүйнө идеологиясы да, мамлекеттери да, саясий системалары да ачыкка чыкты. Адамдар алдында бир гана жол калды. Бул – анын күч-кубатын, улуулугун жана сый-урматын кайра тикелей турган, канын жана намысын коргой турган, мал-мүлкүн жана ыйык нерселерин сактай турган жол. Бул аяттын Ээси кандай гана хак сүйлөдү:

﴿أَفَمَنْ أَسَّسَ بُنْيَٰنَهُۥ عَلَىٰ تَقْوَىٰ مِنَ ٱللَّهِ وَرِضْوَٰنٍ خَيْرٌ أَم مَّنْ أَسَّسَ بُنْيَٰنَهُۥ عَلَىٰ شَفَا جُرُفٍ هَارٍ فَٱنْهَارَ بِهِۦ فِى نَارِ جَهَنَّمَ ۗ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِى ٱلْقَوْمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Анан бул курулуштарын Аллахтан коркуу жана Анын ыраазылыгы негизине курган адам жакшыраакпы же курулуштарына жемирилип бара жаткан жар жакасын негиз кылып алып, ошол себептүү өзү да тозок отуна кулаган адамбы?! Аллах андай залим коомду хидаят кылбайт»*** [9:109] ❑

# АНТИСЕМИТИЗМ ЖАНА АНЫН ФАЛЕСТИН МАСЕЛЕСИНЕ БАЙЛАНЫШЫ (1)

**Юсуф Сарисий – мубарек Фалестин жери**

**1 – Кириш сөз:**

2023-жылы 7-октябрда жүз берген окуядан кийин бир нече Европа мамлекеттери, алардын катарында Германия, Британия жана Франция Газа калкын колдоп-кубаттаган же «Акса ташкынын» алкыштаган ар кандай демонстрацияларга тыюу салды. Германия борбору Берлин полициясы 11-октябрда Фалестинди колдогон демонстрацияларга чыгууга тыюу салды. Германия ички иштер министрлиги 15-октябрда Хамасты колдогондорду Германиядан чыгарууну колдорун бирдирди. Өкүмдар коалициянын курамындагы Социал демократиялык партиясынын төрагасы мындай деди: «Биз учурда жарандык жөнүндөгү мыйзамга өзгөртүү киргизүү жараянындабыз. Жарандыкка кабыл алуу – өлкөбүз алдындагы жоопкерчилик. Ким биздин баалуулуктарыбызга тилектеш болбосо, антисемитизм жана терроризмди колдоп-кубаттаса, Германия паспортунан айрылат».

О.э. 10-октябрда Ички иштер министрлиги «антисемитизмди кабылдабайбыз» деп билдирүү берди. Ал билдирүүдө: «Өкүнүчтүүсү, биз акыркы жылдарда Жакынкы Чыгыштагы окуялар Британиядагы яхудий жамааттарын жек көрүүнү козутуу үчүн шылтоо катары пайдаланылып жатканына күбө болдук», - деп кошумчалады. Британия 2024-жылы 19-январда Хизб-ут-Тахрирди эки себепке ылайык т.а. Хамас жасаган 7-октябрь окуяларын колдоп-кубаттаганы жана антисемиттиги үчүн тыюуга салууга toktom кылды.

Франция ички иштер министри 12-октябрь күнү «фалестиндиктерди колдогон демонстрацияларга» тыюу салуу токтомун кабыл алды. Ал француз басма сөзүнө берген интервьюсунда айтышынча, ишемби күнү Хамас (израилге) каршы уюштурган чабуулдан кийин Францияда 100дөн ашуун «антисемиттик иш-аракеттер» катталган. Европа Союзу 9-октябрда өнүгүү боюнча фалестиндиктерге берип келе жаткан бардык жардамдарды токтотту жана ишке ашырылып жаткан бардык программаларды кайра карап чыгууга о.э. 2023-жылдагы бардык долбоорлордун бюджетин жаңы көрсөтмөлөр чыгарылганга чейин токтотууну чечти. Германия жана Австрия да Газадагы (израиль) агрессиясынын фонунда Фалестинге жардам берүүнү токтотту.

Түштүк Африка 2024-жылы 1-ноябрда Эл аралык сотко кайрылып, яхудий вужуду Газа калкын геноцид кылууда айыпталгандан кийин бул вужуд Эл аралык сотту антисемитизмде айыптады.

Ошентип, яхудийлер Газага каршы согуш алып барып жатканда, яхудий вужуду жана Европа мамлекеттери ушул ыфлас "израилди" колдоп-кубаттоо жана Газа калкын колдогон ар кандай демонстрацияларды алдын алуу үчүн «антисемитизмден» пайдаланууда. Антисемитизм өзү эмне? Эмнеге бул мамлекеттер яхудий вужудун сындагандарга каршы антисемитизмди көтөрүп чыгышууда?!

**2 – Яхудийлердин Фалестиндеги тарыхы**

Саййидибиз Ибрахим عليه السلام Ирактан мубарек жерге хижрат кылган. Ошол убакта Фалестинде канъанийлер, амаликалар, амарийлер жана башкалар жашаган. Саййидибиз Ибрахим عليه السلامдын насилинен Яъкуб عليه السلام дүйнөгө келди. Ушул жерден баштап Бани Исраил жана он эки уруу же яхудийлер пайда болду. Куръани Каримде келгендей, Бани Исраил Аллахтын пайгамбары Юсуф عليه السلامдын чакырыгы менен Мисирге хижрат кылган.

Алардын тарыхчыларынын айтымында, Бани Исраил Мисирде болжол менен 430 жыл турду. Андан кийин Фиръавн жана анын аскерлери чөктүрүлгөндөн кийин саййидибиз Муса عليه السلام аларды Мисирден Байтул Макдис тарапка алып чыкты. Алар саййидибиз Муса عليه السلام менен бирге согушка чыгышпаган соң Аллах аларга кырк жыл ыйык жерди харам кылды. Алар биздин заманга чейинки (б.з.ч.)миладий 1450-жылдарда Юшаъ ибн Нун менен бирге ал жерге киришкенге чейин жер жүзүндө тентиреп жүрүштү.

Яхудий уруулары алардын бир мамлекети болбогону үчүн Фалестин калкы менен жанаша, уруулук тартипте жашашкан. Аларды казылар жана диний жетекчилер башкарган. Б.з.ч. миладий 10-кылымдын ортолорунда яхудий уруулар саййидибиз Давуд عليه السلامдын колу менен бир борбордук бийлик астында бириктирилген. Давуд عليه السلامдан кийин анын уулу Сулайман عليه السلام өкүмдарлык кылды. Бул яхудий мамлекеттин борбору алгач Халил шаары болду. Андан кийин Сулайман عليه السلام биринчи ибадатканы кургандан кийин борбор Куддуска көчтү.

Сулайман عليه السلام көз жумгандан кийин мамлекет түндүктө борбору Наблус болгон Исраил падышалыгына, түштүктө борбору Куддус болгон Яхуза падышалыгына бөлүнүп кетти. Яхудий падышалыгы

ички чыр-чатактар жана тышкы чабуулдарга кабылышынан мурун бир нече кылым турду. Акыбетте аны ассуриялыктар жана бабилдиктер кулатышты.

Б.з.ч. миладий 590-жылы яхудийлер фарстарга каршы козголоң кылышты. Себеби, падыша Набухаз Наср б.з.ч. миладий 586-жылда Яхуза падышалыгына бастырып кирип, Куддусту ээлеп алды жана экинчи ибадаткананы ойрон кылды. Шаар калкынын көпчүлүгү туткунга алынып, Бабилге алып кетилди жана бул доор Бабил туткундугу деп аталып калды. Болжол менен 50 жыл өткөндөн кийин фарс падышасы Кир (Куруш) б.з.ч. миладий 516-жылы кээ бир яхудийердин Куддус жерине кайтышына урухсат берди.

Б.з.ч. миладий 332-жылы Искандердин дооруна чейин яхудийлер Фалестинде фарстардын өкүмдарлыгы астында турушту. Андан кийин алардын падышалыгы Грек империясынын бир бөлүгүнө айланды. Салавкийлердин өкүмдарлыгы доорунда алардын маданиятын мажбурий киргизүү аракеттери болду. Бул болсо яхудийлердин козголоңдорунун башталышына алып келди. Андан соң б.з.ч. миладий 63-жылы Рим генералы Помпей Фалестинге чабуул кылып, Куддуска киргенден кийин Салавкийлердин өкүмдарлыгы бүттү. Римдиктер Фалестин башкаруусун падыша Улуу Ирадга берди. Ал римдик яхудий кызматкер эле жана ал Куддустагы экинчи ибадаткананы жаңыдан оңдоду.

Яхудийлер ошол доордон тартып, саййидибиз Иса عليه السلام жиберилгенге чейин Куддуста жашашты. Алар Иса عليه السلامды крестке мык менен какканга аракет кылышты. Ошондо Аллах аны Өз алдына көтөрдү. Андан кийин миладий 66 жана 73-жылдар аралыгында Рим өкүмдарылыгына каршы биринчи яхудий козголоңу башталды. Козголоңдун эң жогору чеги «Масъада» шаарынын курчоого алынышы болду. Миладий 70-жылда римдиктер Куддустагы экинчи ибадаткананы ойрон кылышты. Козголоң жеңилүүгө учурагандан кийин римдиктер яхудийлерге катаал өкүмдарлык орнотушту. Бул болсо яхудий коомунун ыдырашына, Рим империясында жана андан сыртта яхудий диаспорасынын пайда болушуна алып келди.

Яхудий диаспоралары Ашкеназда т.а. Германияда жана Сефердондо т.а. Испанияда топтолду. Ашкеназ яхудийлери – Германия, Польша, Россия жана Чыгыш Европа мамлекеттеринде жайылган яхудий жамааты. Алар идиш (яхудий) тилинде

сүйлөшкөн. Сефарад – яхудийлери Испания, Португалия жана Түндүк Африкада жайылган яхудий жамааты. Ашкеназ яхудийлери Европада Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки доорго чейин калышты. Британия баскынчылыгынан жана Халифалык кулатылгандан кийин яхудийлердин Фалестинге көчүшү башталды. Миладий 1492-жылы Андалус кулагандан кийин Сефарад яхудийлери Марокко жана Түркияга качып барышкан.

**3 – Европа яхудийлери семиттерби?**

Ашкеназ жана Сефарад яхудий диаспоралары ошол убакта семиттер эсептелишкен. Бирок, эки миң жылдык узун доор ичинде яхудийлердин аклий жана физикалык абалы өзгөрдү. Алар (семиттик) касиеттерин жоготушту жана бир нече факторлор себептүү европалыкка айланышты. Бул факторлордун эң маанилүүсү алардын европалыктар менен турмуш курушу болду. Көптөгөн яхудийлер өз ыктыяры менен же христиан чиркөөсүнүн яхудийлерди куугунтукташы натыйжасында христианчылыкты кабыл алышты. О.э. Европа калкынын да көпчүлүгү яхудий динине кирди.

Европа калкы арасынан көпчүлүктүн яхудийлешүүсүнө эң чоң мисалдардын бири – хазар яхудийлерин тарыхы. Хазар падышалыгы миладий 7-кылымда эгемендүү яхудий мамлекети катары түзүлүп, 10-кылымга чейин турду. Ал Кара деңиздин түндүгүнөн Каспий деңизине чейинки аймакты ээледи. Хазарлар орустар тарабынан чабуулга учурады. Андан кийин миладий 965-жылы Византия падышасы Фокас Хазарга каршы аскерий жүрүш кылып, борбор Тамирди көзөмөлүнө алды. Орустар жана византиялыктар алардын жерлерин ээлеп алгандан кийин хазар яхудийлеринин көпчүлүгү Усманий мамлекетке жана Чыгыш Европага көчүштү.

Ошондуктан, Европа жана Россиядагы Ашкеназ яхудийлеринин көпчүлүгү хазар яхудийлери болуп, алардын семиттерге жана Бани Исраилге байланышы жок. Тескерисинче, алар яхудийлешкен европалыктар болуп эсептелет. Ушуга ылайык, антисемитизм аталышы артында жашынган Европа яхудийлеринин көпчүлүгү эч кандай семит эмес. Бул болсо антисемитизм аталышы адамдардын этникалык тобун билдирген аталыш экендигин күмөнгө салат.

### 4 – Яхудийлерге карата диний душмандык жана антисемитизм түшүнүгүнүн пайда болушу

Антисемитизм же яхудийлерге душмандык түшүнүгү түрдүү себептерге ылайык Европада пайда болду. Орто кылымдарда Европа коомдорунун яхудийлерди кемсинтүү жана куугунтуктоо жөнүндөгү көз караштарын калыптандырууда христиан дини чоң роль ойноду. Мисалы, христиандар яхудийлерди Иса عليه السلام ды өлтүрүүдө айыпташты. Алар яхудийлер жөнүндө диний ырасымдарда наристелердин канын ичет деген доомат сыяктуу өтө көп терс айың-кептерди таратышты. Бул жана башка факторлор яхудийлерге каршы чөйрөнү пайда кылды жана аста-секин антисемитизм түшүнүгүн калыптандырды.

Өз кезегинде, Европа яхудийлери гетто деп аталган өзүнчө аймактарда жашашты. Аларда гетто кара өзгөйлүккө, дискриминация жана душмандыкка кабылган яхудийлерге колдонулган социалдык жана экономикалык изоляцияны билдирген.

Европада капиталисттик мабданын пайда болушу, бул мабданын негизи катары динди жашоодон бөлүү акыйдасынын кабыл алынышы жана улуттук мамлекеттердин пайда болушу менен европалыктардын жшоо жөнүндөгү көз караштары өзгөрдү. Бирок, Европада яхудийлерди жек көрүү жоголбоду, тескерисинче, ал диний жек көрүүдөн семиттерге (т.а. Европадагы яхудийлерге) карата этникалык жана улуттук жек көрүүгө айланды. Мындан антисемитизм аталышы пайда болду.

«Антисемитизм» аталышынын колдонулушу немис журналисти жана тарыхчысы Вильгельм Маррга таандык. Ал бул аталышты алгачкы ирет 1879-жылы өзүнүн «Германизмдин яхудийликти жеңишине карай жол» деген китебинде колдонду. Бирок, бул аталыш XX кылымда текчилдик жана ижтимаий (социалдык) дарвинизм идеялары пайда болгондон кеңири жайылды. Яхудийлик энциклопедиясында «антисемитизм» жөнүндөгү аныктамада айтылышынча, бул аталыш яхудийлерге каршы ар кандай уюшкан аракетке же яхудийлерге карата душмандыктын башка көрүнүштөрүнө ишара кылуу үчүн колдонулат. Ошондуктан, бул аталыш бүтүндөй семиттерге эмес, яхудийликти тааныган же яхудий ата-бабаларына барып такалган адамдарга каратылган душмандыкты түшүндүрөт. Европалыктар бул аталышты

яхудийлерге мүнөздөшкөн. Ошондуктан, ал Европага таандык аталыш.

Европада яхудийлерге карата душмандыкка 1881-жылдан 1920-жылга чейинки окуялар мисал болот. Ал кезде Чыгыш Европанын көпчүлүк бөлүгүндө, айрыкча, Россияда өкүм сүргөн оор экономикалык абалдан жана кыргындардан качып, болжол менен 3 миллион Ашкеназ яхудийлери Чыгыш Европадан Америкага көчүштү.

**5 – Ижтимаий дарвинизм, анын текчилдик жана улутчулдуктун пайда болушуна таасири**

Европада капиталисттик мабда пайда болгондо бул мабда коомдун аракеттениши жана тарыхтын өнүгүүсү туруктуулукка эмес, туруктуу өнүгүүгө-эволюцияга байланыштуу деген фикирди кабыл алган. Батыштын бул идеясы Дарвин келгенге чейин эч кандай колдоо таппады. Дарвин келип жаныбарлар дүйнөсүндөгү эволюция назариясын таратты. Капиталисттер бул назарияны жашоо жөнүндөгү фикирлеринин илимий негизи катары кабыл алышты жана диндеги жоктон бар кылуу түшүнүгүнө тескери идея катары таратышты.

Карамүртөз дарвинизм назариясынан андан да карамүртөз ижтимаий дарвинизм пайда болду жана андан дагы башка карамүртөздүк т.а. колонизаторлук келип чыкты.

Ижтимаий (социалдык) дарвинизм – адам менен адам ортосундагы, калктар менен түрдүү маданияттар ортосундагы ижтимаий жана экономикалык айырмачылыктарды түшүндүрүү жана негиздөө үчүн Дарвиндин эволюция назариясын колдонуу. 19-кылымда текчилдик идеяларынын күчөшүндө ижтимаий дарвинизмдин таасири күчтүү болду. Себеби, айрым муфаккирлер Дарвин назариясын инсаний коомго колдонушту. Натыйжада, кээ бир тектер жана этникалык топтор башкаларга караганда жакшыраак жана өнүккөн деп эсептелди. Ошентип, ал текчилдик жана тектик кемсинтүү үчүн негиз жаратты. Ижтимаий илим, саясат жана экономика сыяктуу көптөгөн тармактарга бул назариянын таасири күчтүү болду.

Дарвин назариясындагы табигый эволюция принциптеринен пайдаланып, ижтимаий эволюцияны түшүнүү үчүн атайын түшүндүрмөлөрдү берген жана 20-кылымда «ижтимаий дарвинизмге» чакырган эң белгилүү философ жана мутафаккирлердин арасында Британиядагы Герберт Спенсер

(1820-1903) жана Фрэнсис Гальтон, Франциядагы Эдуард Бернтин (1838-1907) бар.

**6 – Яхудийлер жана сионизм**

Сионизм 19-кылымдын акырында яхудийлердин саясий кыймылы катары Европада пайда болду. Сионисттердин эң көзгө көрүнгөн өкүлдөрүнүн бири Теодор Герцль, ал 1896-жылы «Яхудий мамлекети» деген китепти чыгарды. Ал өз китебинде яхудий калкы өзүнүн улуттук мекенине ээ болушу зарылдыгын билдирип, эгемендүү яхудий мамлекетин курууга чакырды. Сионизм кыймылы 1897-жылда Швейцариянын Базель шаарында өзүнүн биринчи конгрессин өткөрдү жана Герцль Дүйнөлүк сионисттик уюмдун жетекчиси болуп шайланды. Негизги максат сионисттердин Фалестинде яхудий калкы үчүн улуттук мекен курууга багытталган сионисттик иш-аракеттерин бириктирүү эле.

Герцль Усманий мамлекет жана Абдулхамид II рохимахуллах менен мамиле орнотууга аракет кылды. Анын максаты Фалестинде яхудийлер үчүн Усманий мамлекеттин өкүмдарлыгы астында мамлекетти тикелөөдө же Фалестинде турак-жайларды курууга уруксат алууда анын жардам көрсөтүүсүнө умтулган. Бирок, алар султан Абдулхамид II рохимахуллах тарабынан бүтүндөй четке кагылды. Ошондуктан, алардын аракеттери ийгиликсиздикке учурады.

Сионисттик кыймылдын пайда болушуна Европадагы мекенчилдик жана улутчулдук кыймылдар себеп болду. Калктар өздөрүнүн эгемендүү улуттук кызыкчылыктарын көрсөтө баштаган эле. Ушул себептен улам сионисттер да – өздөрү айткандай – алардын тарыхий жери жана мекени болгон Фалестинде яхудий мамлекетин тикелөө аркылуу яхудий калкына мүнөздүү улуттук биримдикти жүзөгө чыгармакчы болду. Герцль яхудий проблемасына ижтимаий же диний проблема деп эмес, өз көз карашынан келип чыгып, улуттук проблема деп карады. Ал антисемитизмден кутулууда ири күчтөрдүн яхудийлерге жардам берүүсүнө үмүт кылды. Бул үчүн бир мамлекет түзүлүп, яхудийлер ушул мамлекетке көчүрүлүшү зарыл эле. Натыйжада, Европа мамлекеттери яхудий саркытынан кутулуп, ошону менен антисемитизм көрүнүшү да жоюлмак.

Сионизм диний кыймыл эмес, европага тиешелүү илманий кыймыл. Ал яхудийлерге диний топ катары эмес, калк катары улуттук мекен тикелөөгө аракет кылат.

Сионизм яхудийлердин улуттук өздүгүн жаратууга аракет кылды. Ал иудаизмди диний идеядан улуттук идеяга, башка Европа калктары сыяктуу өзүнүн эгемендүү улуттук мамлекетине ээ болгон яхудий калкына айлантты.

Башында дүйнөдөгү яхудийлердин көпчүлүгү сионизмдин Фалестинде яхудийлер үчүн мамлекет куруу тууралсындагы максаттын колдошкон жок. Кээ бир ортодокс яхудийлери сионизмди диний үрп-адаттарга каршы жана аларга таандык болгон диний багыттарга тескери келет деп эсептешти. Айрымдары болсо Батыш коомуна интеграциялашып, алар менен кызматташууну үстөм деп билишти. Дагы кээ бирлери араб жана исламий чөйрөдө яхудий мамлекетинин тикелениши түбү көрүнбөгөн чыр-чатак жана согуштарга алып келишинен коркушту. Бирок, 1948-жылы Фалестинде алар үчүн мамлекет тикеленгенден кийин сионизмди колдоп-кубаттоо күчөдү.

**7 – Нацизм жана фашизм Экинчи дүйнөлүк согушка жана Холокостко себеп болду**

Дарвиндин эволюция назариясы жана андан келип чыккан кылмыштуу ижтимаий дарвинизм бардык текчилдик жана тектик үстөмдүк илдеттери үчүн генератор болду. Ал Германияда нацизм, Италияда фашизм жана шовинизм сыяктуу бир катар текчил партияларды пайда кылды. Нацизм тектик үстөмдүк идеясын колдоп-кубаттоодо, текчилдик саясатты, тектик тазалоону жана геноцидди актоодо ижтимаий дарвинизм идеясынан пайдаланды. Нацизм немис калкын т.а. «арий тегин» эң алдыңкы жана жогорку адам тиби деп эсептеди. Алар башка инсаний топторду чабал өнүккөн тектер деп эсептешти.

Башка тараптан, фашизм доорунда (1922-1943-ж) Италия бийлигин жетекчиси Муссолини шовинисттик жана текчилдик идеологиясын кабыл алды. Ал италиялыктардын тегин үстөм деп эсептеди. Ал текчилдикке негизделген мыйзамдуу жана ижтимаий чараларды көрдү. Италиялык болбогон жамааттарды Италия аннексия кылган аймактарга чыгарууга урунду. Фашизм жана нацизмдин кеңейиши, алардын кол салуучу саясаты Экинчи дүйнөлүк согуштун чыгышына алып келди о.э. Италия менен Германия ортосунда көпүрөнү пайда кылды. Бул согуш 60 миллионго жакын адамдын өлүмүнө алып келди. Бул согушта душмандарды геноцид кылууда массалык кыргын куралдары колдонулду.

Бул согушта «нацизм Холокосту» деп аталган окуя жүз берди. Холокост грек тилинен алынган сөз болуп, анын сөзмө-сөз мааниси «отто өлтүрүү» же отто өрттөп, жок кылуу деген маанини түшүндүрөт. Холокост аталышы Экинчи дүйнөлүк согуштун доорунда Германия фашисттик бийлиги жасаган геноцидди билдирүү үчүн иштетилген. Геноцидге көптөгөн этникалык топтор, өзгөчө, яхудийлер дуушар болгон. Яхудийлер Европанын түрдүү аймактарынан чогултулуп, Германиядагы депортация лагерлерине, концлагерлерге жана кыргын борборлоруна жиберилген. Яхудийлер 6 миллион яхудий өлтүрүлгөнүн айтышат. Холокост убагында башка этникалык топтор, алардын катарында, фашисттик режимге душман болгон коммунисттер, нацизмге каршы күрөшкөндөр, румындар (цигандар) жана советтер өлтүрүлгөн. Миллиондогон физикалык жана рухий майыптар о.э. бачабаздар кыргын кылынган. Нацисттер 2 миллионго жакын славян поляктарды жана бир нече миллион орустарды да өлтүрүшкөн.

Сионисттик кыймыл Холокост кылмыштарына сүкүт сактаганын айтып өтүү орундуу. Себеби, бул нерсе Фалестинде яхудийлер үчүн мамлекет тикелөө жана ал жерге яхудийлерди көчүрүү о.э. алардын маселелерине эл аралык тилектештикти пайда кылуу долбоорлоруна кызмат кылат. ❑

## ЯХУДИЙ ВУЖУДУ МЕНЕН БУЛУҢ МАМЛЕКЕТТЕРИ ОРТОСУНДАГЫ МАМИЛЕЛЕРДИ НОРМАЛДАШТЫРУУНУН КООП-КОРКУНУЧТАРЫ
## МУСУЛМАНДАР БУГА КАНТИП КАРШЫ ТУРУШУ КЕРЕК?

**Мухаммад Рожих – Яман**

Британия жетектеген кафир Батыш Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңишинен жана алдын ала түзүлүп, Сайкс-Пико келишими жана Бальфур декларациясына алып келген план негизинде Усманий Халифалыкты кулаткандан натыйжалуу пайдаланды. Белгилүү болгондой, Сайкс-Пико келишими исламий өлкөлөрдү элүүдөн ашуун мамлекетчелерге болуп салган болсо, каргаша Бальфур декларациясы исламий өлкөлөрдүн так борборунда яхудий вужудун орнотту. Батыштын мындан көздөгөнү – Ислам Умматына каршы колонизаторлук кресттүүлүк согушту алып барып, мусулмандардын Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкта көөдөлөнгөн бир саясий вужудда биригүүсүн алдын алып, бул иште яхудий вужудун биринчи линиядагы базага айлантуу жана ушул аркылуу Умматтын биригүүсүнө жол бербей, исламий өлкөлөрдүн чыгышын батышынан бөлүү.

Фалестин маселеси Батыштын назарында башынан эле колонизаторлук маселе болуп келген. Ал – Ислам Умматынын жүрөгүнө сайылган уу канжар. Бул маселе ушул кезге чейин мусулмандарды тынымсыз алдан тайдыруу жана начарлатуу фактору болуп келди. О.э. ал мусулмандарды Ислам негизиндеги чыныгы ойгонуудан чалгыткан жана аларга тыгыштырылган бөлүнүү элементтерин дагы да курчуткан жаңы проблема болду.

Яхудий вужуду Ислам Умматы арасында, аны ар тараптан курчап турган мусулман калктарынын арасында бөтөн зат эле. Америка жетектеген кафир Батыш яхудий вужудунун маанисин бат аңдап жетти. О.э. Батыш Ислам Умматы али өлбөгөнүн, тескерисинче Исламын жана мамлекетин кайра тикелөөгө, өлкөлөрүн ар кандай баскынчыдан азат кылууга катуу умтулуп жатканын тезинен түшүнүп жетти. Мындан тышкары, кафир Батыш мусулмандар мубарек Фалестин жерине канчалык байланышканын, бул жер алар үчүн ыйык жер жана ыйманынын бир бөлүгү экенин, бул үчүн алар ар кандай курбандыкка даяр экендиктерин аңдап жетти. Ошондуктан Америка жана Батыш мамлекеттери яхудий вужудун бардык зарыл нерселер менен камсыздап, аны эң күчтүү куралдар, эң жогорку аскерий жана жарандык техникалар менен колдоп-кубаттап жатышканына күбө болуп олтурабыз. О.э. Ислам өлкөлөрүндөгү малай режимдер, айрыкча Фалестиндин айланасындагы Сирия, Иордания, Мисир жана Ливан

сыяктуу мамлекеттер яхудий вужудунун коопсуздугун коргоо үчүн өз элин көзөмөлдөп, ар дайым сергек болуп яхудий вужудун толук коргоп жатышканын көрүп турабыз. Анткени яхудий вужуду Америка жана Батыштын исламий өлкөлөрдөгү көрө турган көзү жана максаттарын ишке ашырып бере турган, кызыкчылыктарын коргой турган колу болуп эсептелет. О.э. ал Америка жана Батыштын Ислам негизиндеги чыныгы ойгонууга умтулган ар кандай аракетке сокку бере турган куралы.

Америка исламий өлкөлөрдө яхудий вужудунун проблемасын жана мусулмандар ага каршылыгын аңдап жеткен соң, ыплас “эки мамлекет” чечими долбоорун кабыл алды. Ага ылайык, мубарек жердин чоң бөлүгү яхудийлерге берилет, мунун акысына алардын коопсуздугу толук камсыздалат. Ал эми Фалестинге кичине гана жер берилет жана ал да яхудий вужудунун коопсуздугун сактап, аны коргойт жана Фалестин калкына зулум өткөрөт. Америка жана кафир Батыш мамлекеттери өзүлөрүнүн кафир эл аралык уюмдарынын жана мекемелеринин адилетсиз резолюция жана мыйзамдары аркылуу бул жасалма вужудду мамлекет деп моюнга алууга жана анын мубарек жердеги басып алган жерлерин мыйзамдаштырууга шашылышты.

Булуң регионун Америка башкарууда. Америка региондогу ролдорду өзүнүн саясий кызыкчылыктарына карап бөлүштүрүп берүүдө жана саткындык менен түзүлгөн “эки мамлекет” долбоорун ишке ашырууда исламий өлкөлөрдүн өкүмдарларынан турган малайларынан пайдаланууда.

Ушуну да кошумчалоо лазым, мусулман өкүмдарлары, анын катарында Фарс булуңунун өкүмдарлары Фалестин маселесин яхудий вужудунун пайдасына чечүүдө негизги фигура болуп калышты. Алар бул ишти аткарууну – Вашингтон же Лондондогу кожоюндарынын буйруктарына карап – кээде басаңдатышса, кээде тездетишүүдө. Лекин Фалестин маселесин яхудий вужудунун пайдасына чечүүдө алардын пикири бир.

Акыркы жылдарда мусулман өкүмдарларынын, алардын катарында Фарс булуңунун өкүмдарларынын Фалестин маселесине карата кыянаты ачык-айкын көрүнүп калды. Алар Фалестин маселесин чечүүдөгү кыйынчылыктарды жоюуга байланыш каналдары жана Ислам Умматынан тартып алган акчалары менен салым кошушууда. Башка тараптан болсо, алар Аллах жана Расулунан кымындай да коркпостон жана муминдерден уялбастан залим яхудий вужуду менен ашкере жана жашыруун байланыш орнотушууда. Алар яхудий вужуду Ислам өлкөлөрүнө ар тараптан, соода жана логистикалык жактан кирип барышына жол ачып беришүүдө. Дагы бир тараптан алар Газа

секторундагы айрым топтор жана өкмөт менен алака кылып Фалестин калкын чөгөлөтүүгө жана каршылык көрсөтүп жаткандарды моюн сундурууга аракет кылышууда.

Ислам өлкөлөрүндөгү режимдердин, айрыкча, Булуң мамлекеттеринин Исламий шаръий өкүмдөргө каршы чыгуудагы жана мусулмандарды чалгытуудагы эң жийиркеничтүү ролдору: алар башка акида өкүлдөрүнүн пикирлерин таанууга, яхудий, насроний жана мусулмандардан турган дин өкүлдөрүн «Иброхим үйү» аталышында бирге жашоого чакырган чалгытуучу түшүнүктөрдү алга сүрүшүүдө, диндер ортосундагы диалогго жана диний чакырыкты өзгөртүүгө чакырышууда. Ушул сыяктуу алар баскынчы вужуд жөнүндө көз караштı өзгөртүүгө, ал мубарек Фалестин жерин басып алганына мыйзамдуу түс берүүгө, яхудийлерге каршы болгон жана Фалестиндин басып алынышын кылмыш санаган нусустарды жок кылууга о.э. жихад түшүнүгүн, шариятты өкүмдар кылууну жана «ал-вала вал-бара» түшүнүктөрүн бекер кылууга чакырышууда. Бул нерселердин баары мектептин окуу программаларын өзгөртүү жана маалымат каражаттарына көрсөтмөлөрдү берүү менен ишке ашат. Ислам Умматы, айрыкча Булуң калктары яхудий вужудун кабыл алып, мусулмандарга зыян келтирбеген ишке ашкан вакилик катары моюнга алышы үчүн имам-хатиб жана расмий диний мекемелерге ушул ыфлас ролду аткарышы үчүн жол-жоболор көрсөтүлөт.

О.э. Булуңдагы саткын өкүмдарлар регион мамлекеттери менен яхудийлер ортосундагы жаңжалды сунний-шиадан турган мазхабдар ортосундагы жаңжалга айлантууну көздөп жаткан Америка саясатын ээрчишүүдө. Алар яхудий вужудуна көз жумуп, аны моюнга алышат жана аны менен союз түзүүдө эч кандай проблема жок деп билишет. Мындан тышкары, Америка жана Батыш мамлекеттеринин изинен баскан бул саткын режимдер Исламга, анын өкүмдөрүнө каршы күрөшүү жана Ислам менен өкүм жүргүзө турган мамлекетти тикелөөгө аракет кылып жаткан саясий исламий кыймылдарга каршы күрөшүү туурасында өз ара келишип алышкан.

Азыркы Америка администрациясы жоготкон нерсесин Булуң өкүмдарларынан тапты. Айрыкча алар Американын ыраазылыгын алууга жан талашышууда. Алар бул ишти малайлыктарынан келип чыгып кылышууда же өзүнүн кызыкчылыктарынан айрылып калуудан коркуп Америка менен бирге аракет кылып жаткан Британиянын буйруктарына ылайык ишке ашырышууда.

Трамп бийликте турган кезде Фарс булуңунун өкүмдарларынан абдан ыфлас көрүнүштө пайдаланды. Ал өкүмдарлардын мал-мүлкүн тартып алып, жүздөгөн миллиарддарды берүүгө мажбур кылды. Андан

кийин «Абрахам» деген келишим боюнча өкүмдарларды яхудий вужуду менен мамилелерди ашкере нормалдаштырууга үндөп, аларды Жакынкы Чыгыштагы Американын пландарын аткарууга тарта баштады. Андан соң Байден келип, ал да ушул жолду улантты. Натыйжада Амирликтерге яхудий вужуду менен алакаларды нормалдаштыруу вазыйфасы милдеттендирилди. Ошондуктан бүгүн Амирликтер Газа согушунда яхудий вужудуна берген убадасын аткарып, аны каалаган нерселери менен камсыздап жатканын көрүп турабыз. Катардын вазыйфасы Газага, каршылык топторуна жана Газа жетекчилерине өз өкүмүн өткөрүү болду. Бахрайн яхудий вужуду менен мамилелерди ашкере нормалдаштырууда. Ал эми Саудиянын мураскер канзадасы болсо Сауд Арабияны илманийлештирүүгө жана Ислам өкүмдөрүн бузуу, адамдар арасында ахлаксыздык жана бузукулукту жаюу аркылуу элди Ислам дининен жана Исламдын өздүгүнөн алыстатууга катуу аракет кылууда о.э. яхудий вужуду менен алакаларды нормалдаштыруу жөнүндө байма-бай билдирүүлөрдү берип жатат.

Булуң мамлекеттеринин яхудий вужуду менен алакаларды нормалдаштыруу аракеттери көптөгөн саясий, экономикалык, сакафий, маалымат каражаттары, спорт, аскерий жана коопсуздук тармактарын өз ичине камтыды. О.э. ушул нормалдашуу келишимдери Исламий Умматтын байлыктарын чет элге капитал жаткыруу аркылуу жок кыла турган жана регион мамлекеттерин энергетика, өнөр жай, технология, байланыш, айыл чарба, туризм, жолдор жана башка тармактарда яхудий вужуду менен байлаган ири долбоорлорду ачыктады. Бул долбоорлордун баары Американын максаттарын жүзөгө чыгарып, яхудий вужудун региондогу биринчи жана ири мамлекетке айлантат. Исламий өлкөлөрдөгү режимдер ага таяна турган, андан жардам сурай турган, ага достук жана итаат милдеттенмелерин бере турган болушат. Ошону менен Уммат байлыктары жок кылынат, ресурстар уурдалат. Мусулмандар болсо яхудийлерге жана кафир Батыш мамлекеттерине туруктуу көз карандылыкта калышат.

Исламий мамлекеттердин яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштыруусу экономикалык кызыкчылык жана пайда алып келет деген сөздөргө келсек, бул нерсе алардын яхудийлер табиятын билишпегендигин көрсөтөт. Акыйкатта болсо яхудийлердин табияты сараң, өзүмчүл жана кыянатчыл болушат. Яхудий вужудунун башка мамлекеттер менен алакасы кызыкчылык негизине курулса, Ислам Умматы менен алакасы душмандык негизине курулат. Ошондуктан алардын мусулмандар менен болгон экономикалык жана башка

долбоорлору, мусулмандар менен байланышы мына ушул душмандык көз карашка негизделет. Аллах Таала алар жөнүндө мындай деген:

﴿لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْۖ وَلَتَجِدَنَّ أَقۡرَبَهُم مَّوَدَّةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّا نَصَٰرَىٰۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّ مِنۡهُمۡ قِسِّيسِينَ وَرُهۡبَانًا وَأَنَّهُمۡ لَا يَسۡتَكۡبِرُونَ﴾

***«Ыйман келтиргендерге эң катуу душмандык кылгандар яхудийлер жана мушриктер экенини көрөсүң»*** [5:82]

Андыктан, яхудийлерден кандай жакшылык күтүү мүмкүн?! Алар менен мамилелерди нормалдаштырган кимселерде биз үчүн ибрат жана сабак бар. Мына, Мисир көз алдыбызда турат. Ал яхудийлер менен алакаларды нормалдаштырганына 45 жыл, Иордания алакаларды нормалдаштырганына 30 жыл болду. Фалестин администрациясынын яхудийлерди моюнга алганына 31 жыл болду... Алар яхудийлер менен алака кылып эмне пайда көрүштү?! Алардын ахвалы өзгөрдүбү? Же күндөн күнгө жамандашып баруудабы?!

Усманий Халифалык кулатылгандан кийинки мусулмандардын башына түшкөн балээлердин эң чоңу исламий өлкөлөрдүн так борборунда яхудий вужудунун орнотулушу болду. Бул вужуд колонизаторлук кресттүүлүк долбоор болуп эсептелет. Эфиопиядагы «Нахза» плотинасы курулушунда да эң чоң тил бириктирүүчүлөрдүн бири ушул яхудий вужуду болду. О.э. яхудий вужуду өзү кызыктар болуп Сувайш каналына альтернатива болгон жана Фалестин аркылуу өтө турган жолдорду табууда Амирликтер менен тил бириктирди. Баскынчы вужуд менен алакаларды нормалдаштырып жаткан мамлекеттер яхудий вужуду мухтаж болгон эч бир нерсе иштеп чыгарбайт, тескерисинче алар яхудий вужудуна сырьё жеткирип, анын компаниялары, продукциялары жана хызматтары үчүн өз базарларын ачып беришет. Яхудий вужуду глобалдык финансылык борбор болгон Амирликтер аркылуу регион мамлекеттерине кирүү үчүн аны өзүнүн финансылык борборуна айлантууга аракет кылууда. О.э. ал өз казынасына акча алып келип, экономикасынын көлөмүн көбөйтүү үчүн Амирликтерди каржылоочуга айлантууга урунууда. Яхудий вужудунда ушундай кол салуучу жана пайдапарастыкка негизделген көз караш бар, аны менен мамилелерди нормалдаштырууга шашып жаткандар анын ыраазылыгына эмес, тескерисинче жоготууга, кыйынчылык жана көз карандылыкка гана туш болушат.

Экономикалык кызыкчылыктар жүзөгө чыккан учурда да – түпкүлүгүндө андай кызыкчылыктар эч качан болбойт – кыянатка толо мындай пайда кандай гана жаман. Канга бөлөнгөн мындай пайда кандай гана жаман! Жаш балдардын, жесирлер жана жетимдердин ый-муңуна алып бара турган мындай пайда кандай гана жаман! Туткун

аялдардын, качкындардын, куугунтукталгандардын эсебинен боло турган мындай пайда кандай гана жаман! Албетте мындай пайда харам болуп, өз ээсин тозокко түшүрөт. Расулуллах ﷺ айтат:

«لَا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ لَحْمٌ نَبَتَ مِنْ السُّحْتِ. وَكُلُّ لَحْمٍ نَبَتَ مِنْ السُّحْتِ النَّارُ أُولَى بِهِ»

«**Харам менен өскөн эт** (т.а. дене) **жаннатка кирбейт. Харам менен өскөн ар кандай эт тозокко ылайыктуу».** Шахиддердин каны жана мазлумдардын көз жашы ушул кылмышкер баскынчыларга кол сунган ар кандай кишини наалаттайт!

Марокко, Мисир, Иордания, Түркия, Судан жана Булуң мамлекеттеринин яхудий вужуду менен алакаларды нормалдаштыруусу Ислам Умматына зыян алып келип, душманды Умматка өкүмдар кылат. О.э. бул нерсе Умматты күчсүздөнтөт жана биримдигин бузуп, жерлерин бөлүп салат, яхудий вужудун бекемдейт. Яхудий вужудун – Умматка жат болгонуна карабастан – күчтүү жана алгылыктуу табигый бир вужудга айлантат. Региондо колонизаторлукту бекемдеп, исламий өлкөлөрдө Америка жана Батыштын кызыкчылыктарын жүзөгө ашырат. Кафирлердин экономикалык, коопсуздук жана башка тармактардагы таасирин күчөтөт.

Эгер «саткынчыл тынчтык келишимдери» болбогондо бул нормалдаштыруу болбойт эле. Ушул келишимдер бул мамлекеттерди яхудий вужудун таанууга жана Фалестин жеринде Ислам Умматынын жүрөгүнө сайылып турушуна ыраазы болууга үндөдү.

Яхудийлерди колдоп-кубаттап, алар менен нормалдуу мамиледе болуп жаткандар жана алар менен алака орнотуп жаткандар оор кылмыш жасап жатышканын жана муну менен Аллахка, Расулуна, муминдерге кыянаттык кылып жатышканын билишпейби? Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمۡ أَوۡلِيَآءَ تُلۡقُونَ إِلَيۡهِم بِٱلۡمَوَدَّةِ وَقَدۡ كَفَرُواْ بِمَا جَآءَكُم مِّنَ ٱلۡحَقِّ﴾

***«Эй, муминдер, Менин да жана силердин да душманыңарды дос тутпагыла! Силер аларга достук жибересиңер, акыйкатта, алар силерге келген Хакка кафир болушкан!»*** [60:1]

Бу аятта Аллах Таала Өзүнүн мумин пенделерин Ислам жана мусулмандардын душманы болгон яхудий жана насронийлерди дос тутуудан ачык-айкын кайтарууда. Андыктан, аларды таануу жана алар менен мамилелерди нормалдаштыруу ушул нерселерди түшүндүрөт:

- Аллах жана Расулуна итаатсыздык кылуу, буйруктарына каршы чыгуу жана бетпактык, шерменделик жана текеберлик менен Аллахтын өкүмдөрүн бекер кылуу;
- Яхудий вужудунун Фалестин жерине акылуу экенин моюндоо, яхудийлердин пайдасына чегинүү жана Фалестинди мусулмандарга кайтаруу талабынан баш тартуу;
- Яхудий вужуду менен алакаларды үзүүдөн баш тартуу жана алар менен экономикалык, саҡофий, аскерий, коопсуздук жана башка тармактарда алакаларды орнотуу;
- Араб жана исламий өлкөлөрдүн базарларын яхудий вужудунун товарларына жана инвестицияларына ачып берүү;
- Умматтагы жихад түшүнүгүнө каршы күрөшүү;
- Яхудий вужуду менен согушуу жана ага каршы турууну көздөгөн ар кандай адам, жамаат же мамлекетке каршы чыгуу;
- Фалестинди азат кылуу үчүн төгүлгөн кандардан жана шахид болгондордон баш тартуу;
- Ал жерден кууп чыгарылган качкындардын кайтышына жол бербөө.

Мындай жүрөксүз шерменде нерсе Ислам Умматынын көкүрөгүнө канжар саюу жана яхудий вужудунун мубарек жерде жасап жаткан кылмыштарын жашыруу болуп эсептелет.

Биз яхудий вужуду Фалестин жана мубарек Газада кыргындарды улантып, исламий өлкөлөрдүн өкүмдарларынын көз алдында мусулмандар кыргын кылынып жатканына күбө болуудабыз. Бул өкүмдарлар яхудий вужудунун чыныгы коргоочулар болушат жана алар жашашы жана туруктуу калышы үчүн яхудий вужудуна мүмкүнчүлүк беришүүдө. Алар – яхудий вужудунун коргоочу темир сооту жана артына жашына турган Гаркад дарагы.

Исламий өлкөлөрдүн, өзгөчө Булуң мамлекеттеринин өкүмдарлары – мусулмандардын туйгусун эсепке албастан – яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштыруусу жана муну ачык эле тездетиши Ислам Умматынын эркин сындыруу болуп, бул мусулмандардын өз дини жаатында жеңилүүсүнө жана аларга зордоп тыгыштырылган абалга көнүп чөгөлөшүнө себеб болот.

Ушуну баса белгилөө лазым, яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу өкүмдарларга гана таандык. Бул өкүмдарлар Умматтан бөлүнүп, аларга мыйзамдуулук түсүн берген батыштык кожоюндарына толук моюн сунушууда. Алар өз кожоюндарынан эч ажырабастан, жада калса диндин зыянына болсо да, аларды ыраазы кылууга урунушууда.

Ал эми Ислам Умматына келсек, анын өзөгү бекем жана дини тирүү. Ал яхудийлер менен нормалдашууну четке кагууда, саткын жана коркок өкүмдарлар кол коюп жаткан ар кандай келишимди моюнга албай жатышат. Тескерисинче, бул нормалдашуулар өкүмдарлар менен Уммат ортосундагы ажырымды кеңейтүүдө.

Исламий өлкөлөр яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштырууга каршы. Анткени Фалестин алардын акидасынын бир бөлүгү, ыйык жер, Исро жана Мирож жери. Ал жер жүзүндөгү бардык мусулмандарга таандык, анда бардык мусулмандардын үлүшү жана акысы бар. Алар Аллах Тааланын ушул аятын жана Расулуллах ﷺдын хадисин окуп, бул ыйык жерге болгон мухаббат алардын жүрөгүндө дагы да артат. Аллах Таала айтат:

﴿سُبۡحَٰنَ ٱلَّذِيٓ أَسۡرَىٰ بِعَبۡدِهِۦ لَيۡلٗا مِّنَ ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِ إِلَى ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡأَقۡصَا ٱلَّذِي بَٰرَكۡنَا حَوۡلَهُۥ لِنُرِيَهُۥ مِنۡ ءَايَٰتِنَآۚ إِنَّهُۥ هُوَ ٱلسَّمِيعُ ٱلۡبَصِيرُ﴾

*«(Аллах)* ***бир түнү, Өз пендесин — ага аят-мужизаларын көрсөтүү үчүн Масжидул Харамдан Биз айланасын берекелүү кылып койгон Масжидул Аксага сейил кылдырган аруу Зат. Чындыгында, Ал угуучу, көрүүчү»*** [17:1]

Расулуллах ﷺ айтат:

**«لَا تُشَدُّ الرِّحَالُ إِلاَّ إِلَى ثَلاثَةِ مَسَاجِدَ: اَلْمَسْجِدِ الْحَرَامِ، وَمَسْجِدِ الرَّسُولِ صلى الله عليه وسلم، وَالْمَسْجِدِ الأَقْصَى»**

**«Зиярат кылуучулар үч масжидди гана зиярат кылышы мүмкүн: Масжидул Харам, Расулуллах ﷺдын масжиди жана Акса масжиди».** Муттафакун алайх.

Фалестин маселеси борбордук орун туруп, дале алоолонуп жатканынын себеби – ал Ислам Умматынын туйгуларын козгоп, досту душмандан жана калысты саткындан бөлүп жатканында. Канчалаган саткындар Умматты алдоо, үстүнө минип алуу жана душмандарынын пландарын ишке ашыруу үчүн бул маселеде соодалашып келишти! Канчалаган пайдапарастар – колунда бул маселенин мабдаий реалдуу чечими жок болуп, тескерисинче, анын кайдыгер маселеге айланышына салым кошуп жатышканына карабастан – Умматтын мухаббатына жана колдоосуна жетүү үчүн андан пайдаланышты. Бирок Уммат Батыштын айла-амалдары жана бардык карталары түгөнмөйүнчө алдыга кадам таштоону токтотподу. Мына ошондо Аллах батылды жок кылып, Өз сөзү менен акыйкатты жүзөгө чыгарат.

Малайлар Фалестин проблемасын чече алышпайт, алардын оздорунан, билдирүүлөрүнөн жана саммиттеринен чыныгы чечим

чыкпайт. Фалестиндин чечими кафирдин көз караштарына жана кабыл алган чечимдерине ылайык болбойт.

Фалестин маселеси эч качан чечимсиз болбогон. Бул маселени БУУ чечет беле?! Фалестин маселеси эч качан Коопсуздук Кеңешининин, ири мамлекеттердин жана алардын мекемелеринин маселеси болбогон. Алардан чечим талаб кылып болот беле?! Себеби, мусибат жана баскынчылыктын башы алар го! Албетте Фалестин проблемасынын чечими улуу Ислам динибизде. Аны чечүү бүткүл Ислам Умматынын жоопкерчилигине фарз. Анын чечими рувайбиза өкүмдарларды кулатуудан жана Уммат душманы болгон яхудий вужуду менен түзүлгөн келишимдерди четке кагуудан башталат. Ошондуктан Уммат Ислам байрагы астында биригүүсү, Аллахтын шариятын колдонушу жана роббаний жетекчилик астында кошуунду даярдашы керек. Ошондо бул роббаний кошуун яхудий вужудунун мубарек жердеги тамырларын жок кылат. Бул болсо анын артында турган кафир Батыш күчтөрүнө ибрат болот. О.э. Исро жана Миърож жерин Ислам Умматынын кучагына кайтарат. Бул качып кутулгус нерсе. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [12:21] ❑

# АСКЕРИЙ ҮСТӨМДҮК ЖАЛГАНЫ
# ИСЛАМИЙ ДҮЙНӨДӨГҮ КУРАЛДУУ УЮМДАР БАТЫШТЫ ТУҢГУЮККА КЕПТӨӨДӨ

**Исам Шейх Ганым**

Бүгүнкү күнгө чейин уланып жаткан Газа согушунда АКШ коргоо министри Ллойд Остин яхудий вужуду тактикалык жеңиштерге жетишкенине карабастан, стратегиялык жеңилүүгө учураганын айтты. Яхудий вужудунун тышкы иштер министри Ципи Ливни 2006-жылдагы Ливан согушу учурунда: «Душмандын ыйман жана ишеними бизди технологиялык үстөмдүктү жоготууга мажбур кылууда», - деген. Сирия козголоңу убагында да козголоңчулар катардагы куралдар менен аэропортторду курчоого алуу аркылуу аэропорт жана миллиарддаган долларлык самолёттордун иш-аракетин токтотушкан. 2003-жылдагы согуштан кийин Ирактагы жөнөкөй куралдардан башка куралы болбогон каршылык кыймылы дүйнөдөгү эң чоң аскерий кубатка ээ Американы дээрлик жеңген. Афганистанда АКШ армиясы жана Американын батыштык союздаштары болгону 50 миңге жакын Талибан согушкерлери алдында 20 жыл ичинде аскерий жеңишке жете албаган соң, шерменде болуп чегиништи.

Бул нерселер эмнени түшүндүрөт? Мусулмандардын жихады согуштарда жана аскерий кубаттын сыпатында жаңы түшүнүктөрдү пайда кылып жатабы?

Тема дагы да түшүнүктүү болушу үчүн ушуларды айтабыз, Экинчи дүйнөлүк согушта Ленинград (Санк-Петербург) жана Москва сыяктуу шаарлар немис кошуундарына каршы көп жыл бекем турган. Америка да 1970-жылдары Вьетнам ыңкылапчыларынан дээрлик жеңилүүгө учураган. Андан башка дагы Украинадагы согуш жана супер күч болгон Россиянын арзыгыдай натыйжаларга жетише албаганы сыяктуу башка эски жана жаңы мисалдар да бар. Ушул орунда маанилүү суроо пайда болот: согуш майданында үстөмдүк кыла турган жана согуштарда басымдуу таасир көрсөтө турган нерсе эмне? Бул жаатта мусулмандар башка калктардан өзгөчөлөнүп турушабы?

Яхудий жазуучуларынын бири айтышынча, (израилдин) аскерий үстөмдүк назариясы 2023-жылы 7-октябрда Кассамдын чабуулу алдында бүтүндөй кыйраган. Ушул таризде яхудий жетекчилер ондогон жылдар алга сүрүп келген күч-кубат түшүнүктөрү жокко чыкты. Ооба, бул акыйкат, ал тургай Батыш 2023-жылдын 7-октябрындагы чабуул аскерий колледждерде окутулууга ылайык экенин моюнга алды.

Адатта согуштарда күчтүү армия күчсүз армияга чабуул кылып, согуш майданында ийгиликке жетет. Согуштан кийинки сүйлөшүү

жана келишимдерге да ушул ийгиликтер өз өкүмүн өткөрөт. Башкача айтканда, күчтүү мамлекет аскерий жана саясий жеңишти колго алат. Дыкат үйрөнүп чыксак, каршылаштын жеңилүүнү моюнга алышы күчтүү тарапты үстөм кылып, анын саясий ийгиликтерин жүзөгө чыгарат. Т.а. үстөм тарап түрдүү даражада болсо да, каршылашын моюн сундурат. Бирок, каршылаш тарап жеңилүүнү моюнга алуудан баш тартып, моюн сунбаса жана каршылык көрсөтүүнү улантса, күчтүү тараптын чабуулу биринчи кезекте ылдамдыкты, алдыга умтулууну жогото баштайт. Бул орунда ылдамдык дегенде техникалардын ылдамдыгы эмес, инсаний күч назарга алынып жатат. Күчтүү тараптын ылдамдыгы төмөндөгөндө куралдын күчү аста-секин нейтралдашат. Т.а. куралдын күчү каршылашка таасирин жоготуп, күчтүү тарап жеңишке жетише албай калат.

Мусулмандар көптөгөн өлкөлөрдө башынан өткөргөн амалий тажрыйбаларынан улам жоготууларга чыдамдуу болуу жөндөмүнө ээ. Бул нерсе итикадий көз караштан о.э. каза жана кадар жөнүндөгү ыймандан келип чыгат. Мусулмандар керектүү продукция жана куралдардын аздыгына сабыр кылуунун үлкөн запасына да ээ. Бул да Ислам акыйдасынын натыйжасы болот. Мындан тышкары, ажал туурасындагы ыйман согушкерлерди кыйынчылыктарды жеңүүгө үндөйт. Себеби, мусулмандар өлүм акыркы дем бүткөндөн кийин келишине, согуштагы өлүм ахырет жашоосуна т.а. кеңдиги асман менен жерге барабар бейишке өтүү экенине ишенишет. Бул итикадий түшүнүктөр мусулмандарда эле бар, алардын куралынын кубаты үстөм бобгон каршылаштарында бул нерсе жок.

Ошондуктан, исламий уюмдардын кафир душманга каршы согуштары Батыштын аскерий түшүнүктөрүн өзгөртө баштады десек туура болот. Бул согуштар аларды мусулмандар менен согушуудан кооптондуруп койду. Алар мусулмандардын сабырына, кайратына жана Аллах жолунда өлүүнү жакшы көрүүсүнө таң калышты. Бул – мусулмандарды кафирлерге каршы сапарбар кылууда мүмкүнчүлүгү чектелген уюмдардын иш-аракеттери. Андыктан, Исламий Умматты башкарып, анын бүткүл күч-кубатын кафирлерге каршы күрөшкө сапарбар кыла турган мамлекет болсо кандай болот? Ыктымал, кафир мамлекеттердин жетекчилери мунун акыбетин түшүнүшү аларды Исламга каршы аёосуз согушууга үндөп жаткандыр. Ошондуктан, алар терроризмге каршы күрөшүү деген аталышта жихадга каршы жана мусулмандарды өз дини туурасында күмөнгө салуу үчүн аялдар жөнүндөгү өкүмдөргө каршы күрөшүп жатышкандыр. Алар ал тургай Европада халал соодага каршы күрөш баштады. Бул болсо,

Батыштын мусулмандарды жек көрүүсү канчалык күчтүү экенин көрсөтөт.

Ар кандай калк куралданып, өнүгө турган улуу күч – бул акыйкат күчү. Акыйкат Уммат шахсиятын жогору ишенимде калыптандырып, анын деңгээлин көтөрөт. Батыл, айла-амал жана алдоо Умматтын шахсиятын бузуп, саясатын күмөн астына коёт жана кадырын түшүрөт. Акыйкаттын күчү Умматта ишеним жана мазлумга жардам берүү сыяктуу жакшы фазилаттарды бекемдейт. Ал эми батыл Умматта жалганчылык сыпаттарын жана кош стандарттарды пайда кылат. Батыл ээсинин куралы менен күчтүү болуусу анын текебердигин күчөтөт. Бүгүнкү күндө муну Батыштагы куфр улутунан көрүп жатабыз. Мисалы, Америка жана Европа дүйнөгө жана өз элине жалган сүйлөйт. Бул болсо, адамдар, ал тургай Батыш калктары да жаман көргөн сыпат. Бул мамлекеттер аскерий кубаты жана жалганы себептүү текебердик кылышып, кош стандарт мамиле кылышат. Булар мамлекет жана ар кандай калктын келечеги үчүн өтө кооптуу сыпаттар. Анткени, жалган сүйлөө жана ишенимди жоготуу күмөндү күчөтөт, союздарды бузат жана мамлекеттин саясатын ишке ашырууга жооптуу болгондорду начарлатат. Бул болсо мамлекет жана улуттун күчтүү болуусуна карабастан, начарлыкты пайда кылат. Текебердик күтүлбөгөн тараптан душмандыкты жаят.

Бүгүнкү күндө биз муну Американын жана яхудий вужудунун абалынан көрүп турабыз. Мына, Америка Хусийлерди террорчулардын тизмесине киргизди, эгер алар кемелерге чабуул кылууну токтотушса, аларды бул тизмеден чыгарууну жарыялады. Бул эл аралык саясатта шерменделик болуп эсептелет. Яхудий вужуду ага каршы чыккан ар кандай адамды антисемитизмде айыптайт. Бул яхудий вужуду үчүн акыркы коргонуу сызыгы болуп, ушинтип каалаган ишин жасоодо. Батыш элдери Газа согушунда болуп жаткан нерселерге жана өз өкүмдарларынын позицияларына карап, бул жийиркеничтүү позициялар Батыш баалуулуктарын көрүстөнгө айлантып жатканын көрүшүүдө. Кимде-ким бул маанилүү эмес деп эсептесе жаңылышат. Себеби, бул нерсе калктардын канчалык кубаттуу болушуна карабастан, начарлашына, өздөрү жана хазараты кулашына себеп болот. Алардын хазараты кулаганда аны коргой турган эч ким болбойт.

Ислам Умматы жана анын чынчыл саясатчылары жалган сүйлөбөйт. Себеби, Ислам жалган сүйлөөнү харам кылган. Бул алар туурасында ишенимди бекемдейт. Бүгүн биз бул чынчылдык деген нерсени бүтүндөй көрбөй жатабыз. Мисалы, яхудийлер каршылык кыймылынын жетекчилеринин кайрылууларын тыңдашууда, алардын

айткандарын туура деп билип, өз саясатчыларынын айткандарына ишенбей жатышат. Бул ишенбестик мусулмандарга пайдалуу болуп, аларды мумтаз шахсия кылып калыптандырат. Мусулмандар шаръий өкүмдөргө амал кылышкандыктан аларда текебердик жок. Жазалоо мүмкүнчүлүгү болуп турган учурда кечирүү мусулмандарга таандык сыпат. Биз муну исламий куралдуу уюмдардын туткундарга көрсөткөн мамилесинен көрдүк. Бул нерсеге кафирлер да күбө болушту. Мусулмандар күчтүү болгон учурда мазлумга – мусулман болбосо да – жардам беришет. Кафирлерге келсек, алардын позициялары шерменде. Мына, Газада адамдар кыргын кылынып жатканына карабастан, Британия ички иштер министри Британиядагы Газага тилектештик билдирген демонстрацияларды «жек көрүү демонстрациялары» деп атады. Яхудийлердин кылмыштары оор экенине карабастан, Германия каршылык кыймылындагы адамдарга санкция киргизди. Франция президенти Нетаняхуга Хамаска каршы бир нече миң согушкерден турган эл аралык коалиция түзүүнү сунуштады. Америка жөнүндө айтпаса да болот. АКШ президенти Тель-Авивге барганда оорукананын жардырылышы тууралуу яхудийлердин сөздөрүнө ишенерин билдирди.

Согушта эң күчтүү куралдар менен куралданган яхудий армиясын көрдүк. Жеңил куралданган отуз миң согушкерге каршы үч жүз миңден ашуун аскер топтолду. Яхудийлердин коркоктугун жана кээ бир аскерлери абадан жардам жок болгондуктан качып кетишкенин көрдүк. Акыйкатта болсо, согуштардын тарыхында Газада болгондой күчтүү аба калканы болбогон. Эгер мусулман согушкерлеринин саны үч жүз миң болгондо, кафирлер бул мусулман согушкерлерге каршы согуша турган үч миллион аскерди кайдан табышмак? Эгер мусулман согушкерлеры үч миллион болсо, кафирлер аларга каршы согуша турган отуз миллион аскерди кайдан табышмак? Эгер Газа аймагы эмес, бүткүл Фалестин аймагы согуш майданы болсо, яхудийлер Газа аймагын курчап алгандай, бүткүл Фалестинди курчоо үчүн жетимиш миң аскерий самолётту кайдан табышмак? Ко-ош, бүткүл Шам жерлери жана андан чоңураак аймактар жөнүндө эмне десе болот? Эгер мусулмандардын колунда өздөрү иштеп чыккан же кээ бирлерин өздөрү иштеп чыккан жакшыраак куралы болсо эмне болот?

Бул суроолор – Ислам Умматын натыйжалуу аракет кыла албай турган абалда кармап туруу үчүн кафирлерди саткын өкүмдарларды бекем кармоого мажбур кылган стратегиялык суроолор. Уммат учурда камакканада калууда, эгер кишенден бошотулса, яхудий вужуду жана Батыш дүйнөсү кыйрайт. Бул акыйкат. Себеби, сан жана аскерий техника жагынан аз болгон исламий куралдуу уюмдар ири

мамлекеттердин аскерий үстөмдүгүн талкалады. Кафирлер андай нерсени тарых китептеринен окушат эле. Бүгүн болсо алар аны Ирак, Афганистан, Сирия жана Фалестиндеги каршылык согуштарында көрүп жатышат. Бул акыйкат бүгүнкү согуштун бир бөлүгүнө айланды. Яхудийлер оңой жеңиштердин доору бүткөнүн жарыялашууда.

Бул – мусулмандар үчүн ажайып кушкабар. Себеби, Америка, Европа жана яхудий вужудунан турган мусулмандардын душмандары мусулмандардын акыйдасында жана дин өкүмдөрүндө турган күчтөн коркууга түшүштү. Мусулмандар ээ болгон эң чоң күч – бул Ислам. Бүгүнкү күндө мусулмандарда болгон үлкөн инсаний күч, алардын дүйнөдөгү өзүнө таандык деңгээли жана стратегиялык кысыктарды көзөмөлдөшү о.э. мусулмандардын өлкөлөрү нефть, газ жана башка пайдалуу кендерге бай экендиги сыяктуу башка күч-кубаттар учурда мусулмандардын көзөмөлүндө болбосо да, Ислам – алардын эң чоң күчү. Бул нерселер менен Ислам Умматы жер жүзүндөгү эң улуу уммат болот. Качан гана бул өкүмдарлар жок кылынып, калыс өкүмдарлар Исламды колдонушса, Ислам нуру бүткүл дүйнөгө жайылат. Ислам таңы атканда оорулуу умматтардын жасалма күнү батып, алар өз ооруларын дарылоо менен алек болушат. Андан кийин Ислам аларды кыйратып, ыплас хазаратына чекит коёт. Айрымдар ал күндүн келишин алыс деп билишсе да, Аллахтын урухсаты менен, биз жакын деп эсептейбиз. ❑

# МУМИН ЖАНА МУМИНАЛАР ОРТОСУНДАГЫ ДОСТУК ЖАНА ВАЖИБДИ АТКАРУУ ТҮШҮНҮГҮ

**Саир Ахмад Салама**

Исламдагы жоопкерчилик түшүнүгү башка эки түшүнүк менен тыгыз байланышкан, Ислам бул эки түшүнүккө бекем пайдубал койгон. Ислам мукаллафтар турмушта аткара турган ролу (ээлеген макамы же вазыйпасы) негизинде жана муминдерди бири-бирине байлаган байланыш негизинде жүктөгөн вазыйпаларды ушул эки түшүнүк негизинде тартиптештирген. Бул байланыш жалпы достук байланышы болуп, ал мумин жана муминаларды бир денеге, талкалангыс түзүлүшкө айлантат.

Ислам хос жана умумий жоопкерчиликтерди белгилеп, аларды ар бир мусулмандын турмуштагы ролуна ылайык тартипке салганын көрдүк. Мисалы, имам-халифа башчы жана ал өз жарандарына жооптуу. Турмушта анын ролу – мусулман жана зиммий жарандардын иштерин камкордук менен башкаруу үчүн жалпы жоопкерчилик. Жаза чаралар, касас, таъзир, келишимдерди түзүү, Ислам өкүмдөрүнө ылайык иштерди башкаруу үчүн ички саясатты орнотуу, чыр-чатактарды чечүү жана акы-укуктарды өз ээлерине кайтаруу о.э. исламий даъватты жаюуга, жихадды ишке ашырууга багытталган тышкы саясатты жүргүзүү жана башка нерселер өкүмдар жана анын өкүлү болгон кишинин жоопкерчилиги катары белгиленген. Ислам бул маселелердин туура аткарылышын катуу көзөмөлдөйт жана өкүмдарга ушундай бир укуктарды берет, өкүмдар бул укуктар аркылуу бул вазыйпаларды аткарат. Ал Исламий мамлекетти коргоого мүмкүнчүлүк берген күчтү, түзүмдүн туура колдонулушун камсыздоо үчүн полицияны өкүмдардын колуна тапшырат. Ислам ага дагы ушундай бир укуктарды берет, өкүмдар бул укуктар аркылуу маъруф иштерге жол ачып, мункар иштерди жок кылат. Ошентип, бул жоопкерчиликтер өкүмдардын мусулмандардын амири катары аткара турган вазыйпаларынын катарына кошулат. Ошондуктан, эгер өкүмдар өзүнө жүктөлгөн вазыйпаны аткара албаса жана кайдыгерлик кылса, күнөөсү өтө оор болот. Мисалы, өлкөнүн ичинде жана басып алынган өлкөлөрдө Умматка каргаша артынан каргаша келгенде, пакиза муслималардын ар-намысы

тебеленген учурда, Батыш Умматтын кен байлыктарын талап-тоногон убакта мусулман өкүмдарлары Уммат душмандарынын кылмыштарына сүкүт кылышы күнөө эсептелип, баскынчылыкта түздөн-түз душмандарга шерик болуудан башка нерсе эмес. Алар өлтүрүлүп жаткан ар бир мусулмандын өлүмүндө Уммат душмандарына шерик. Алар акы-укук тебеленген ар кандай кылмышта Уммат душмандарына шерик. Себеби, алар жоопкерчиликти көтөрүүдө кайдыгерлик кылышты. Бирок, алар аракет кылышса болот эле, чыдамындагы күчүн Аллахтын алдында жүздөрүн жарык кыла турган түрдө жумшашса болмок. Бирок, алар муну кылышкан жок. Ошондуктан, алар күнөөдө да, жазада да Ислам душмандары менен бирдей. Дагы Аллах билүүчү. Жогоруда биз айткан жоопкерчилик түшүнүгүнө аят жана хадистер топтому далил.

Армиянын ролу ушул – ал өз мойнуна алган коомдун жоопкерчилигинен тышкары белгилүү бир жоопкерчиликтерди мойнуна алат. Чегараларды коргоо, жихад аркылуу даъватты жаюу, коргоо жихады жана басып алынган Ислам жерлерин кайтаруу о.э. мусулмандарды коргоо жана аларга жардам берүү – армиянын жоопкерчилиги. Эгер алар бул ролду аткара алышпаса, алар туш боло турган күнөө оор болот. Алар мусулмандарды колдоп-кубаттабашы мусулмандарга каршы агрессияга катышуу болуп эсептелет. Армия Исламий мамлекетти тикелөөгө чакырган Ислам даъватын колдоп-кубаттабашы батылдын өмүрүн узартууга жана тогуттардын башкаруусуна катышуу болот. Ошондуктан, алар тартып алынган ар бир акы-укукка, Аллах түшүргөн өкүмдөр менен башкарылбаган ар бир маселеге жана тебеленген ар бир ар-намыска о.э. Аллахтын душмандары уурдаган же талап-тоногон Умматтын кен байлыктары үчүн күнөөгө жоопкер.

Уламалардын ролу өтө маанилүү, биз ал туурасында айтып, бүткүл Уммат уламаларын эскертишибиз керек. Аалымдар Аллахтын Китебин үйрөнүп, адамдарга үйрөтүү менен роббаний аалым болушат. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَٰكِن كُونُواْ رَبَّٰنِيِّـۧنَ بِمَا كُنتُمۡ تُعَلِّمُونَ ٱلۡكِتَٰبَ وَبِمَا كُنتُمۡ تَدۡرُسُونَ﴾

***«Тескерисинче аларга: «Аллахтын Китебин адамдарга таалим берип жана өзүңөр окуп-үйрөнүп, Жалгыз Аллахка***

***ибадат кылган кишилер болгула»** (деп айтууга тийиш)»* [3:79]

Бул кадырлуу даражага жана бейишке алып бара турган жол. Бирок, роббаний аалымдарга Аллах Тааланын ачуусу келиши, эң катуу коркутуулар менен эскертиши да мүмкүн. Себеби, аалым катары аалымдарга тапшырылган роль жана вазыйпа эң маанилүү вазыйпалардын бири. Силер коомдун жетекчиси болуп, коомду туура жолго салышыңар жана аткарышы керек болгон улуу вазыйпаларга багытташыңар зарыл. Өкүмдарларды жакшылыкка буйруу жана жамандыктан кайтаруу силердин эң улуу вазыйпаларыңардан эсептелет. Ошондуктан, аалымдын абидден абзелдиги Абу Давуддун сахихинде риваят кылынгандай болот. Расулуллах ﷺ айтат:

«مَنْ سَلَكَ طَرِيقًا يَطْلُبُ فِيهِ عِلْمًا، سَلَكَ اللَّهُ بِهِ طَرِيقًا مِنْ طُرُقِ الْجَنَّةِ، وَإِنَّ الْمَلَائِكَةَ لَتَضَعُ أَجْنِحَتَهَا رِضًا لِطَالِبِ الْعِلْمِ، وَإِنَّ الْعَالِمَ لَيَسْتَغْفِرُ لَهُ مَنْ فِي السَّمَوَاتِ، وَمَنْ فِي الْأَرْضِ، وَالْحِيتَانُ فِي جَوْفِ الْمَاءِ، وَإِنَّ فَضْلَ الْعَالِمِ عَلَى الْعَابِدِ كَفَضْلِ الْقَمَرِ لَيْلَةَ الْبَدْرِ عَلَى سَائِرِ الْكَوَاكِبِ، وَإِنَّ الْعُلَمَاءَ وَرَثَةُ الْأَنْبِيَاءِ، وَإِنَّ الْأَنْبِيَاءَ لَمْ يُوَرِّثُوا دِينَارًا وَلَا دِرْهَمًا، وَرَّثُوا الْعِلْمَ، فَمَنْ أَخَذَهُ أَخَذَ بِحَظٍّ وَافِرٍ»

**«Ким илим издеп жолго чыкса, Аллах аны бейиш жолдорунун бирине жолдоп коёт.** (Бул жолдо) **периштелер илим алуучудан ыраазы болуп, канаттарын жайып,** (акысына дуа кылып турушат). **Аалым үчүн асман-жердегилер жана деңиздеги балыктар магфират сурайт. Аалымдын абидден абзелдиги караңгы түндө толгон айдын башка жылдыздардан абзелдиги сыяктуу. Уламалар – пайгамбарлардын мураскорлору. Пайгамбарлар динар да, дирхам да мурас калтырышпаган. Алар илимди мурас кылып калтырышкан. Демек, ким аны өз акысы менен алса, толук насибин алыптыр».** Асмандагылар, жердегилер жана деңиздеги балыктар аалымдын тиши ак, мээсиндеги илим үчүн эмес, роббаний абалы-позициясы үчүн аларга магфират сурашат. Алар роббанийлер. Бирок, мунун тушунда аларга карата Рахмандын каары катуу болушу да мүмкүн. Бул болсо,

роббаний аалымдын өтө олуттуу эки маселеге карата позициясына байланыштуу.

Биринчи: өкүмдарлар Уммат байлыктарын адилетсиз жеп жатканда жана Уммат душмандарынан пара алып жатканда алар жөнүндө аалымдын карманган позициясы. Өкүмдарлар бул иштери менен душмандарга Умматтын кен байлыктарын талап-тоноого, Умматтын уул-кыздарын кафирге кул кылып берүүгө о.э. Умматтын мүмкүнчүлүгүнө кафирдин өкүмдарлык кылышына мүмкүнчүлүк беришүүдө. Кафирлерге момундар үстүнөн жол берүү катъий харам кылынгандыгына карабастан, өкүмдарлар бул нерсеге жол беришүүдө. О.э. Умматтын душмандары анын каражатын жана байлыктарын адилетсиз жеп жатат. Мындан да кооптуусу, паранын акысына Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка өкүмдөр менен өкүм жүргүзүү шарт болууда. Эгер силер аларга каршы арстандай туруп, аларды харамды жегенден кайтарсаңар, коомчулукту жана жеке адамдарды аларга каршы козгоп, бул өкүмдарларды коркутсаңар о.э. алардын жетекчиси болсоңор, ошондо силер асман-жердегилер, деңиздеги балыктар силерге магфират сурашына татыктуу роббаний аалым болосуңар.

Экинчи: күнөөкөр өкүмдарлардын сөздөрү туурасында силердин карманган позицияңар. Бүгүнкү өкүмдарлардын кайсы биринин оозунан чыгып жаткан сөзгө карабагыла, бардыгы күнөө деп ойлоймун. Бул сөздү кайсы тарап бурбагын, канчалык ойлонбогун, бул сөз күнөө. Ошондой болгон соң, Аллах Тааланын каарын кутулушуңар үчүн Куръанды үйрөнүп, аны адамдарга үйрөтүшүңөр жетиштүү болбойт. Себеби, Аллах роббаний уламаларды кескин коркуткан жана улуу аят менен эскерткен. Бул аят жөнүндө уламалар «Куръанда бул аятка караганда уламаларды катуу эскерткен жана алар үчүн мындан да коркунучтуу аят жок» дешет. Элестетип көрүңүз, Аллах Таала аларды роббаний деп сыфаттайт да, аларды эскертип, коркутат! Я Аллах!

﴿لَوْلَا يَنْهَىٰهُمُ ٱلرَّبَّٰنِيُّونَ وَٱلْأَحْبَارُ عَن قَوْلِهِمُ ٱلْإِثْمَ وَأَكْلِهِمُ ٱلسُّحْتَ ۚ لَبِئْسَ مَا كَانُوا۟ يَصْنَعُونَ﴾

***«Аалым жана даанышмандары аларды күнөө сөздөрдөн, харам тамактыктан кайтарышпайбы?! Кылып жаткан өнөрлөрү кандай гана жаман өнөр!»*** [4:63]

Эй, уламалар, силер кылып жаткан иштериңер өтө жаман. Силер өкүмдарларды харамды жегенден жана күнөө сөздөрдөн кайтарбай жатасыңар. Бул үчүн Аллах Таала тарабынан өтө катуу айтылган ваид, азап бар. Силерди ушул азап күтүп жатат. Бул аят Бани Исраилдин даанышмандары жана роббаний уламалары жөнүндө түшкөн. Алар өз өкүмдарларын жана казыларынын абалдарын көрүп турушкан. Алардын өкүмдарлары жана казылары Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка өкүмдөр менен өкүм чыгарып берүү үчүн араздашып жаткан тараптардан пара алышкан. Роббаний улама жана даанышмандар Аллахтын шариятын адамдарга адилеттик менен өкүм кылуудан тоскон мындай ыплас кылмыштан кайтарышкан жок. Алардын харам жешинин мааниси т.а. Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка өкүмдөр менен өкүм кылуу үчүн пара алгандыгы. Бул бүгүнкү мусулман өкүмдарлары бийликте калуу жана душмандын Уммат байлыктарын талап-тоношуна жол берүү үчүн алып жаткан паранын дал өзү. Яхудийлердин Газа калкына каршы агрессиясы чокусуна жеткенде яхудий вужудун зарыл азык-түлүк жана техникалар менен камсыздоо үчүн өтмөктөрдү ачуу, мусулман өлкөлөрүн Газанын чыгышынан батышына чейин үзүп коюу да ушул пара акысына болду. Мусулман өкүмдарлары аларга мүмкүнчүлүк жаратып беришти. Роббаний уламалар болсо бул өкүмдарларды ушул ыплас иштерден кайтарышпады. Мындай ыплас ишти кылган уламаларды Аллах Таала өтө катуу эскертет.

Себеби, эй, уламалар, силердин позицияңардан бүткүл Умматты адаштыруу жана начарлатуу о.э. өкүмдарларга жана Уммат душмандарына моюн сундуруу келип чыгууда. Силердин араңардан ушундай кылмышты кылгандардын иши өтө жаман кылмыш болуп эсептелет. Мен бардык өкүмдарларга Расулуллах

ﷺ алар жөнүндө айткан башаратты айтамын. Абу Хурайра ﷺ Расулуллах ﷺдан риваят кылган хадисте Ал айтат:

«يَأْتِي عَلَى النَّاسِ زَمَانٌ لا يُبَالِي الْمَرْءُ مَا أَخَذَ مِنْهُ، أَمِنَ الحَلالِ أَمْ مِنَ الحَرَامِ»

**«Адамдарга ушундай бир заман келет, анда адам алган нерсесинин халал же харам болушуна көңүл бурбайт».** Абу Бакр Сыддык ﷺдан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«لَا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ جَسَدٌ غُذِّيَ بِحَرَامٍ»

**«Харамдан азыктанган эч бир дене бейишке кирбейт».** Зайд ибн Аркам Абу Бакр Сыддык ﷺдан риваят кылган хадисте Абу Бакр Сыддык ﷺ айтат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп айтканын уктум:

«كُلُّ جَسَدٍ نَبَتَ مِنْ سُحْتٍ فَالنَّارُ أَوْلَى بِهِ»

**«Харамдан өскөн ар бир денеге тозок ылайыктуу».** Муаззиндин риваятында мындай келет:

«أَيُّمَا لَحْمٍ مِنْ سُحْتٍ، فَالنَّارُ أَوْلَى بِهِ»

**«Кайсы эт** (т.а. дене) **харамдан өскөн болсо, ага тозок ылайыктуу».** Эй, өкүмдарлар, мен силерге ушундай денелер жөнүндө айтып жатамын, силер аларды харамкордук т.а. мамлекеттин акчасын уурдоо, тактыңарды сактап калуу үчүн Америка силерге жардам катары берген акчалар жана Умматтын байлыктарын адилетсиз талап-тоноо менен өстүрдүңөр. Булардын бардыгы харамкордук жана харам жеп өскөн денелер. Мындай денелерге тозок ылайыктуу. Силерге да, батыл үстүндө силерге жардам бергендерге да Аллахтын азабы болсун.

Алардын күнөө сөздөрүнө келсек, харам жегенге жана күнөө сөздөргө Аллахтын азабы убада кылынган. Бул экөөсүнүн күнөө жана бузгунчулуктагы даражасы Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүдөн төмөн. Аяттагы «харам жеш» – бул Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзбөө үчүн алынган пара. Аллахтын өкүмү менен өкүм жүргүзбөстүк харам жегенден чоңураак күнөө болуп эсептелет. Ылдыйыраак даражадагы күнөө жөнүндөгү эскертүү ушунчалык катуу болсо, эң оор күнөөгө сүкүт сактоонун жазасы дагы да катуураак болот.

﴿لَبِئْسَ مَا كَانُواْ يَصْنَعُونَ﴾

***(Кылып жаткан өнөрлөрү кандай гана жаман өнөр!).*** Бул Аллахтын анты болуп, Ал Зат муну менен ант ичип жатат. Аллах Таала айтты: «Ант ичемин, бул роббаний уламалардын жана даанышмандардын кылган иштери кандай гана жаман. Алар күнөө, бузгунчулук жана харам жегенге шашылып жаткандарды кылган иштеринен кайтарышпады». Мындан көрүнүп тургандай, уламалар өз мойнуна алган маанилүү роль жана вазыйпанын натыйжасы да өтө маанилүү. Эгер алар батылга сүкүт сакташса жана батыл баш көтөрүп, үлкөндөшсө, алар күнөөгө шерик болушат.

Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка өкүмдөр менен өкүм жүргүзүлүшү, мусулман өлкөлөрүнө, перзенттерине, ыйык жайларына, аялдарына жана наристелерине кол салынышы о.э. үйлөрү ойрон кылынып, жерлери басып алынышы сыяктуу маанилүү маселелердеги катардагы адамдардын ролуна жана вазыйпасына келсек, алар өзүлөрүнө жүктөлгөн важиб ишти түшүнүшү бул маанилүү ролду аткаруусун кепилдейт. Алар бул ролду биригип аткара алышат, жеке тартипте аткарууга кудуреттүү эмес. Бул вазыйпа нусрат шарттарын аткарбастан, намаз жана дуада Роббинин нусрат беришин суроо эмес. Нусраттын шарты ушул – алгач алар Аллахка жардам бериши керек. Каражат чогултуу менен чектелип, боордошторуна жардам берүүнү токтотуп койбошу кажет. Туурасы, алар биргеликте топ болуп шаар борборлоруна барууга, мамлекеттин бардык кызыкчылыктарын, соода жана заводдорун токтотууга, өлкөдөгү жашоону толук шал кылуу үчүн толук жана кеңири көлөмдүү жарандык козголоңду чыгарууга о.э. өкүмдарларды кулатууга, армияларды аракетке келтирүүгө, ал тургай душманды камсыздоо үчүн өлкөдөн өтүп жаткан кербендерди токтотууга жана башка иштерди жасоого кудуреттүү.

Эгер мусулмандар өздөрүнө жүктөлгөн роль жана вазыйпанын акыйкатын түшүнүп, бул улуу вазыйпаны мойнуна алууга шашылышса, саналуу күндөр ичинде алардын абалы өзгөрөт эле. Уламалар мусулмандарга жүктөлгөн вазыйпалар жөнүндө терең түшүнүк беришкенде жакшы болмок. Алар мусулмандарды өз талабында бекем турган, жихад жарыя кылууну жана Аллахтын шариятын өкүмдар кылууну талап кылган жетик Умматка айлантуу үчүн демилге көтөрүшкөндө, дурус болмок. Тескерисинче уламалар

адамдарга кайрылып, «максат Аллахка дуа кылып, жалбаруу, жардам катары акча берүү жана мункар иштерди жүрөгүнөн четке кагуу керек» дешүүдө. Муну менен уламалар Умматка чалгытуучу маалыматтарды берген болушат. Бул маалыматтар мусулмандарды өз вазыйпаларынан жана абалды өзгөртө турган турмуштук вакиъликтен буруп жиберет. Аллахка дуа кылып, жалбаруу Уммат, армия, өкүмдарлар жана уламалар ар бири өз вазыйпасын аткаргандан кийин болот. Демек, уламалар өз вазыйпаларын аткарышпаса күнөөгө шерик болушат.

Мумин жана муминалар ортосундагы достук түшүнүгүнө келсек, бул достук Умматтын улут жана тектерге бөлүнүү түшүнүгүнө тескери. Бөлүнүү Умматты талкалады. Мисир, Иордания же Пакистан калкы Косово, Фалестин, Шам же Бирма калкынын азап-кыйынчылыгын көрбөй турган болуп калды. Мусулмандар «Иордания биринчи», «Миср мисирликтер үчүн» деген курулай ураандарды көтөрүп жүрүшөт. Ошентип, Куръани Карим аларды бири-бирине жооптуу кылган болсо да, майда-майда болуп бөлүнө беришет. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱعْتَصِمُوا۟ بِحَبْلِ ٱللَّهِ جَمِيعًا وَلَا تَفَرَّقُوا۟ ۚ وَٱذْكُرُوا۟ نِعْمَتَ ٱللَّهِ عَلَيْكُمْ إِذْ كُنتُمْ أَعْدَآءً فَأَلَّفَ بَيْنَ قُلُوبِكُمْ فَأَصْبَحْتُم بِنِعْمَتِهِۦٓ إِخْوَٰنًا وَكُنتُمْ عَلَىٰ شَفَا حُفْرَةٍ مِّنَ ٱلنَّارِ فَأَنقَذَكُم مِّنْهَا ۗ كَذَٰلِكَ يُبَيِّنُ ٱللَّهُ لَكُمْ ءَايَٰتِهِۦ لَعَلَّكُمْ تَهْتَدُونَ﴾

***«Баарыңар Аллахтын арканына** (Куръанга) **байлангыла жана бөлүнбөгүлө! О.э Аллахтын силерге берген ниъматын эстегиле: бири-бириңерге душман болгон убагыңарда дилдериңерди достоштуруп койду эле, силер Анын ниъматы себептүү бир тууган болуп калдыңар. Тозоктон болгон бир чуңкурдун жакасында турган элеңер, силерди андан куткарды. Акыйкат жолду табышыңар үчүн Аллах силерге Өз аяттарын мына ушундай баян кылат»*** [3:103]

إِنَّمَا وَلِيُّكُمُ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ ٱلَّذِينَ يُقِيمُونَ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤْتُونَ ٱلزَّكَوٰةَ وَهُمْ رَٰكِعُونَ ۝ وَمَن يَتَوَلَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ فَإِنَّ حِزْبَ ٱللَّهِ هُمُ ٱلْغَٰلِبُونَ﴾

***«Силердин досуңар бир гана Аллах, Расулу жана таазим кылган абалда намазды толук аткарган, зекетти берген момундар. Кимде-ким Аллахты, Расулун жана момундарды дос тутса** (нажат табат)**, анткени Аллахтын хизби гана жеңүүчү»*** [5:55-56]

Анас ﵁дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ، لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ مِنْ الْخَيْرِ»

**«Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант, силерден кимде-ким жакшы көргөн нерсесин боордошу үчүн да ыраа көрмөйүнчө момун боло албайт.** Табароний Расулуллах ﷺдын ушул хадисин риваят кылат:

«أَوْثَقُ عُرَى الْإِيْمَانِ: اَلْمُوَالاَةُ فِي اللهِ وَالْمُعَادَاةُ فِي اللهِ، وَالْحُبُّ فِي اللهِ وَالْبُغْضُ فِي اللهِ عَزَّ وَجَلَّ»

**«Ыймандын эң бекем байламталары: Аллах үчүн дос тутуу жана Аллах үчүн душман болуу, Аллах үчүн жакшы көрүү жана Аллах үчүн жаман көрүү».**

Мумин жана муминалардын ортосундагы жалпы достук Тауба сурасында белгиленген:

﴿وَٱلْمُؤْمِنُونَ وَٱلْمُؤْمِنَٰتُ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَآءُ بَعْضٍۚ يَأْمُرُونَ بِٱلْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ ٱلْمُنكَرِ وَيُقِيمُونَ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤْتُونَ ٱلزَّكَوٰةَ وَيُطِيعُونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓۚ أُوْلَٰٓئِكَ سَيَرْحَمُهُمُ ٱللَّهُۗ إِنَّ ٱللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ﴾

***«Мумин жана муминалар бир-бирине дос. Алар жакшылыкка үндөшөт, жамандыктан токтотушат, намазды толук аткарышат, зекетти беришет. Аллах жана Анын пайгамбарына моюн сунушат. Дал ошолорго Аллах ырайым кылат. Албетте Аллах кудуреттүү, даанышман»*** [9:71]

Бул аяттан Аллах Таала мумина аялдын үй кожойкеси, турмуш жолдош, эже-карындаш, эне жана жалпы турмуштагы мумина катарындагы ролу менен бирге, ал мойнуна ала турган түрдүү ролдорду баян кылганын көрөбүз. Бул анын мумин жана муминалар ортосундагы жалпы достуктагы ролу. Жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу, намазды толук аткаруу, зекет берүү, Аллах жана Анын Расулу ﷺга итаат кылуу бул достуктун негиздеринен.

Достук – колдоп-кубаттоо, жардам берүү, кеңеш берүү жана жоопкерчиликтерди көтөрүү сыяктуу маанилерди өз ичине алат. Ошондон кийин эч бир мусулман мусулмандардын маселеси алдында өз милдетин аткаруудан качпайт. Ошондон кийин эч бир мусулман мусулмандардын маселелери алдында өз милдетин аткаруудан качып, менин милдетим өзүмө жана үй-бүлөмө

чектелген деп ойлошу мүмкүн эмес. Тескерисинче, ал өзү жана үй-бүлөсү алдындагы милдетин аткаруудан тышкары, мумин жана муминалар да Уммат маселелери алдындагы ролун аткарышы, жоопкерчилигин аткарышы керек. Эгер мусулмандардын биргеликте аракет кылышы, бул вазыйпаларды аткарышы үчүн хизб түзүү талап кылынса, муну аткаруу аларга важиб болот. Себеби, важиб эмне менен ишке ашса, ал да важиб. Албетте, мумин жана муминалар ортосундагы достук түшүнүгү алардын ар бирине байланыштуу болгон вазыйпа, роль жана милдет түшүнүгүнө байланыштуу. Баса белгилеп айтсак, мусулмандар жалгыз абалдан көрө бириккенде күчтүү жана кубаттуу болушат. Алардын мындай абалда биригиши важиб. Ошондо кудуретсиздик жана күчсүздүк алардан кетат. Демек, мусулмандардын достук түшүнүгү, вазыйпа жана милдет түшүнүктөрү жоопкерчилик жана мухасаба түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан. Аллах улуу жана билүүчү!

Устаз Абдуссалам Ясин рохимахуллах айтат: «Эгер ыйман момундардын ортосундагы достуктун тамыры болсо, анын ибадаттагы тастыгы – намазды мечитте жамаат менен аткаруу».

«إِذَا رَأَيْتُمْ الرَّجُلَ يَعْتَادُ الْمَسَاجِدَ فَاشْهَدُوا لَهُ بِالْإِيْمَانِ»

**«Эгер мечиттерге адаттанган кишини көрсөңөр, анын ыйманына күбөлүк бергиле».** Бул хадиси шарифти Тирмизий риваят кылган жана хасан хадис деген. Ыймандын амалдагы тастыгы – жакшылыкка буйруу жана жамандыктан кайтаруу, изгилик иштерде бирге болуу, батылдын ордуна акыйкатты, фитна мамлекети ордуна Ислам мамлекетин орнотуу, шайтан жана анын издештеринин айла-амалына Аллахтын жана Анын досторунун айла-амалы менен каршы туруу[1]. ❑

(1) Момундар ортосундагы достук, Мажид Фулух.

# ФЕМИНИЗМ ЖАНА ГОМОСЕКСУАЛИЗМДИ ЖАЮУДА ЭЛ АРАЛЫК ЖАНА БЕЙӨКМӨТ УЮМДАРДЫН РОЛУ

**Айман Салах – мубарек Фалестин жери**

Эл аралык уюмдардын пайда болушу эл аралык конференциялардын максатына байланыштуу болуп, улуу мамлекеттер колонизаторлук каражаты катары андан пайдаланышкан. Бул конференцияларга туруктуулук элементи берилип, алар мамлекеттерден көз карандысыз өз каалоо-эркине ээ болгондон кийин эл аралык уюмдар алардын улантуучусу болушту.

Эл аралык уюмдар аталышы биринчи ирет 1919-жылы Версаль келишиминде колдонулган. Бул аталыш биринчи ирет өкмөттөрдүн координациялык органын билдирүү үчүн келишимге киргизилди. Кийинчерээк эл аралык уюмдар аталышы Улуттар Лигасынын уставында жана Эл аралык Сот уюму программасында колдонулду о.э. Эл аралык Соттун негизги түзүмүнө киргизилди. Андан соң Бириккен Улуттар Уюму Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн эң жогору уюм экендигин эсепке алып, эл аралык уюм аталышын мурас кылып алды. Ошентип, өкмөт аралык жана бейөкмөт уюмдар сыяктуу көптөгөн эл аралык уюмдар о.э. бейөкмөт эл аралык уюмдар жана бейөкмөт жергиликтүү уюмдар пайда болду. Бириккен Улуттар Уюмунун экономикалык, социалдык, маданий жана гуманитардык маселелерге байланыштуу максаттары бар. (Ал-Ваъй журналынын 438-439-440-атайын чыгарылышындагы «БУУ жаңы дүйнөлүк динге чакырууда» деген макалага караңыз). Бул максаттарды жүзөгө чыгаруу жана БУУ атынан түрдүү вазыйпаларды аткаруу үчүн көптөгөн адистешкен мекемелер түзүлдү.

**Эл аралык уюмдар жана бейөкмөт уюмдардын аныктамасы**

Эң маанилүү уюмдардын кыскача баяны:

– **Эл аралык өкмөт аралык уюмдар:** мүчөлөрү БУУ тарабынан таанылган мамлекеттерден турган уюмдар. Бириккен Улуттар Уюму эл аралык өкөм аралык уюм болуп эсептелет. Көптөгөн адистешкен эл аралык өкмөт аралык уюмдар жана бейөкмөт уюмдар Бириккен Улуттар Уюмуна моюн сунушат.

– **Бириккен Улуттар Уюмунун адистешкен мекемелери:** БУУ жана бири-бири менен кызматташкан мекемелер. Алар БУУ экономикалык жана социалдык кеңешинин координациялык

механизми аркылуу өкмөт аралык даражада о.э. БУУнун координация боюнча Башкы аткаруучу кеңеши аркылуу биргелешкен катчылык даражасында кызматташат. Буга БУУнун таалим, илим жана маданият маселелери боюнча уюму (ЮНЕСКО), Эл аралык Валюта Фонду, Дүйнөлүк Саламаттык Уюму жана башкаларды мисал кылса болот.

– **Бейөкмөт эл аралык уюмдар:** алардын мүчөлөрү жергиликтүү жарандык коом уюмдары (бирикмелер жана кайрымдуулук коомдору), адамдар жана топтор сыяктуу бейөкмөт комитеттер. Аларга мүчө болгондор суверенитетке ээ болгон мамлекеттер эмес. Алар жеке кызыкчылыктар үчүн түзүлгөн. Кээ бир уюмдар «Amnesty International», «Эл аралык кызыл крест комитети», «Чегарасыз дарыгерлер», «Эл аралык кызыл крест» жана «Кызыл жарым ай» коомдору федерациясы жана башкалар сыяктуу өкмөт аралык уюмдарда кеңешчи макамына ээ болушу мүмкүн.

– **Бейөкмөт уюмдар же жарандык коом уюмдары (NGOs):** алар ыктыярдуу, бейөкмөт жана коммерциялык эмес уюмдар болуп, өкмөттөрдөн көз карандысыз түрдө коомдун кызыкчылыктары үчүн иштейт. Ал өкмөттөр менен кызматташуусу же алардан жардам жана каражат алышы мүмкүн. Бирок, алар өкмөттөрдүн көзөмөлүсүз түзүлгөн жана алардын көзөмөлүсүз иш жүргүзүшөт. Эл аралык укуктук мамилелер адатта мамлекеттердин өкүлү болгон өкмөттөр ортосунда болсо да, бейөкмөт уюмдар эл аралык деңгээлде аралашуусу мүмкүн. Жарандык коом уюмдарынын бир нече мамлекеттерде бөлүмдөрү болушу мүмкүн.

Эл аралык өкмөт аралык уюмдар, бейөкмөт уюмдар жана жарандык коом уюмдары өз ара мамилелер тармагы менен байланган болуп, бул тармак алардын бардыгын Бириккен Улуттар Уюмунун максаттарына таяндырат жана анын пландарын ишке ашырат. Бул уюмдар эл аралык иш-аракеттин эң маанилүү каражаттарынын бирин түздү. О.э. алар эл аралык жана социалдык турмуштун тармактарында заманбап эл аралык кызматташтык куралына айланды. Төмөндө жарандык коом уюмдары жана эл аралык уюмдар ортосундагы байланышка о.э. алар тарабынан программа колдонлушуна айкындык киргизебиз. Бул үчүн аялдар, феминизм жана гендер маселелери менен алектенген уюмдардын бирини мисал кылабыз. Бул «Эл аралык үй-бүлөнү пландоо федерациясы». Ал эл аралык бейөкмөт уюм болуп, анын мүчөлөрү

аялдар маселелери боюнча иш алып барган жарандык коом уюмдары болуп, мындай уюмдар 142 мамлекетте бар. Ал көпчүлүк араб мамлекеттеринде жарандык коом уюмдарынын бири катары иш алып барып, «Үй-бүлөнү пландоо ассоциациясы» же «Үй-бүлөнү пландоо жана коргоо ассоциациясы» деген аталыштарды алган жана көпчүлүк шаарларда анын филиалдары бар. Анын бардык филиалдары «Эл аралык үй-бүлөнү пландоо федерациясынын» көз караштарын жана максаттарын карманат. Бул федерациянын көз караштары жана максаттары Бириккен Улуттар Уюмунун көз караштарынын жана максаттарынын бир бөлүгү. Филиалдар бири-бири менен, башка мамлекеттердеги филиалдар менен иш-аракетин координациялайт. Алар феминизм жана гендер түшүнүктөрүн үгүттөө боюнча иш-чараларды алып барышат. Алардын аракети БУУ агаенттиктери, кээде АКШ эл аралык өнүгүү агенттиги сыяктуу ири колонизатор мамлекеттерге караштуу агенттиктер тарабынан каржыланат.

**Бириккен Улуттар Уюмунун феминизм жана гомосексуализмди жаюудагы ролу**

Бириккен Улуттар Уюмунун аялдардын маселелери боюнча иш алып барган көптөгөн агенттик жана органдары бар, алар феминизм жана гомосексуализмдин жайылышына салым кошушат о.э. бул тармакта эл аралык конференция жана келишимдерди даярдоого жана өткөрүүгө катышат. Бул органдардын эң маанилүүлөрү: БУУнун аялдар макамы боюнча комиссиясы, БУУнун калкты изилдөө фонду, БУУнун аялдарды өнүктүрүү фонду, БУУнун өнүгүү программасы, Аялдардын билимин жогорулатуу боюнча эл аралык изилдөө жана окутуу институту, БУУ университети, БУУнун социалдык өнүктүрүү изилдөө институту жана аялдарга карата кемсинтүү боюнча сот-укук комитети, БУУнун балдар фонду, БУУнун турак-жай пункттары борбору, БУУнун качкындар боюнча жогорку комиссарлыгы, БУУнун таалим, илим жана маданият иштери боюнча уюму (ЮНЕСКО).

Бириккен Улуттар Уюму өз түзүмүнө жана Башкы ассамблея резолюцияларына «гендер» аталышын киргизүүгө катуу аракет кылды. Бул үчүн эл аралык конфренциялар уюштурулуп, бул аталыш жана өз ичине алган маанилерди конференцияга катышкан мамлекеттерге таанытуу үчүн мүмкүн болгон стратегия каралып чыкты. Бул конференциялар тарабынан даярдалган отчёттордун аткарылышын камсыздоо үчүн БУУнун атайын программасы да бар.

Өткөрүлгөн ар бир эл аралык конференциядан кийин катышуучу мамлекеттердин бул конференциянын документине канчалык амал кылышын карап чыгуу үчүн жыл сайын өкмөттүк партиялардын жана бейөкмөт уюмдардын катышуусунда конференциялар жана БУУ башкы ассамблеясынын сессиялары өткөрүлөт. Талаптар аткарылбаган учурда бул токтомдордун аткарылышын камсыздоо максатында жарандык коом уюмдарына бул мамлекеттерге басым кылуу вазыйпасы жүктөлөт. Токтомду четке каккан же аткарууга экиленип жаткан мамлекеттерге санкциялар колдонулат. Ошол эле учурда токтомду аткарган мамлекеттерге жардам, карыз жана ушуга окшогон нерселер берилет.

БУУ жана ага байланыштуу уюмдар о.э. аялдар боюнча иш алып барган жарандык коом уюмдары феминизм жана гендер түшүнүктөрүн жаюу үчүн бир нече иш-аракеттерден пайдаланышат. Алардын эң маанилүүлөрү:

- **Адам укугу жана негизги эркиндиктер:** эркек кишинин жетекчилигине каршы күрөшүү, гендердик теңдик о.э. зына жана гомосексуалдык мамилелерди орнотуу эркиндиги түшүнүктөрүн киргизүүдө ушул түшүнүктөр пайдаланылат.
- **Аялдарга карата зомбулук маселелери:** шаръий нике жана эрте турмуш курууну токтотуу түшүнүктөрүн жаюу о.э. үй-бүлөлүк зомбулук жана тийиштик аталышын жаюу аракеттери алып барылат.
- Гендердик теңдик, жыныстык жана репродуктивдүү саламаттык түшүнүктөрүн жаюуда о.э. коомдо зына, сойкулук жана гомосексуализмди нормалдуу мамилеге айлантууда «Саламаттык жана оорулардан, айрыкча, ОИТСтен сактануу» аталышынан пайдаланылат.

Мындан тышкары үй-жай, шаар курулуш, туруктуу өнүгүү, аялдын татыктуу турак-жайга ээ болуу укугу, кырсык, согуш жана чыр-чатактарда гуманитардык жардам көрсөтүү иштери жана аялдын эмгектенүү укугу сыяктуу башка иш-аракеттерден да пайдаланылат.

Феминизм жана гендер идеяларын жаюу үчүн БУУ тарабынан аялдардын маселелери боюнча көптөгөн конференциялар өткөрүлдү. Андай конференциялардын эң маанилүүлөрү:

1 – **Эл аралык аялдар жылына байланыштуу 1975-жылы Мексикада өткөрүлгөн эл аралык конференция:** бул БУУнун аялдардын маселелерине арналган биринчи конференциясы болуп,

анын урааны «Теңдик, өнүгүү жана тынчтык» болгон жана бул конференцияга 133 мамлекет катышкан. Анда аялдын саясий жана социалдык тармактарда өкмөттүк жана бейөкмөт даражадагы макамына байланыштуу биринчи дүйнөлүк план кабыл алынды. Бул конференция[1] отчёту феминизм жана гендер идеяларына чакырууну өз ичине алат. Конференциянын сунуштарына ылайык беш айдан кийин БУУ Аялдар Он Жылдыгы (1976-1985) жарыяланды. Конференция гендердик теңдик боюнча дүйнөлүк диалогду ачуу аркылуу аялдардын өнүгүшүнө жардамашуу боюнча дүйнөлүк аракеттин жаңы доорун баштады. Он жылдыкта теңдик, тынчтык жана өнүгүүгө тиешелүү ушул үч максат белгиленди:

1. Эки жыныс ортосундагы толук теңдик жана гендердик кемсинтүүлөрдү жоюу.
2. Өнүгүүгө аялдардын интеграциясы жана толук катышуусу.
3. Аялдардын дүйнө тынчтыгын камсыдоого кошкон салымын көбөйтүү.

Конференция өкмөттөрдү анын токтомдоруна ылайык келген улуттук стратегияларды, максаттарды жана башкы маселелерди түзүүгө чакырды. Бул аялдардын билимин өркүндөтүү боюнча Эл аралык изилдөө жана окутуу институту о.э. БУУнун аялдар үчүн өнүгүү фонду түзүлүшүнө алып келди. Андан кийин БУУ аялдар комитети түзүлүшү үчүн алар 2010-жылда БУУнун башка эки уюму менен бириктирилди.

2 – **БУУ башкы ассамблеясы CEDAW конвенциясын тастыктоо боюнча 1979-жылы өткөргөн конференция:** конференциянын катышуучулары жамандыгы менен белгилүү «CEDAW» конвенциясын (Аялдарга карата кемсинтүүнүн бардык көрүнүштөрүн жоюу туурасындагы конвенция) тастыкташты. Бул конвенция Ислам өкүмдөрүнө жана Аллах Таала адамдарды жараткан фитратка тескери келет. Ал эркек киши менен аялдын мамилелерин тартипке салып, ушул мамилелерден келип чыккан проблемаларды чечкен шаръий өкүмдөргө альтернатива катары сунушталган. Ал Исламдан болбогону үчүн куфр өкүмү болуп, өкүм алуу үчүн ага кайрылуу жаиз эмес. Ал шарият өкүмдөрүнө тескери экендиги жөнүндө бир нече изилдөө жана фатвалар чыгарылган.

3 – **1980-жылы Копенгагенде өткөрүлгөн БУУ Аялдар Он Жылдыгынын бүткүл дүйнөлүк конференциясы:** бул

(1) Бул конференция токтомдору БУУнун веб-сайтында жарыяланган. https://www.un.org/ar/conferences/women/mexico-city1975

аялдарга арналган экинчи конференция. Ал 1975-жылы Мексикада өткөн Эл аралык аялдар жылы боюнча биринчи дүйнөлүк конференциянын сунуштарын ишке ашырууда жетишкен ийгиликтерди карап чыгуу жана баалоо о.э. Эл аралык Аялдар Он Жылдыгынын экинчи жарымына байланыштуу программаларга оңдоо киргизүү үчүн өткөрүлдү. Бул конфренцияда аялдардын мүлккө ээ болушу жана байлыктарга ээлик кылышын камсыздоо үчүн күчтүү улуттук иш-чаралар өткөрүлүшүнө чакырыктар болду. О.э. мураска шерик болуу, баланын васийлиги жана жарандыгы туурасында аял кишинин укуктарын коргоону жакшыртуу маселелери көтөрүлдү.

4 – **БУУ Аялдар Он Жылдыгынын теңдик, өнүгүү жана тынчтык жаатында жетишкен ийгиликтерин карап чыгуу жана баалоо боюнча 1985-жылы Найробиде өткөрүлгөн бүткүл дүйнөлүк конференция:** бул 1986-жылдан 2000-жылга чейин аялдар кабыла турган проблемаларга арналган үчүнчү конференция болуп, ал «Аялдардын деңгээлин жакшыртуу үчүн Найробинин келечек стратегиялары» деп таанылган. Анда Мексика жана Копенгаген коференцияларынын токтомдору тастыкталды. Конференциянын катышуучулары 1986-жылдан 2000-жылга чейин токтомдорду аткаруудагы тоскоолдуктарды жеңүү боюнча иш-чараларды көрүү зарылдыгын талкуулашты.

5 – **1995-жылы Пекинде өткөн аялдарга арналган төртүнчү бүткүл дүйнөлүк конференция:** анда Бириккен Улуттар Уюму XX кылымдын акырына чейин аялдардын деңгээлин жакшыртуу боюнча Найроби стратегиясынын максаттарын жүзөгө чыгарууга каратылган аракет жана иш-чараларды эки эсе күчөтүүгө чакырды. Бул конференция Ислам шариятына жана Аллах Таала адамды жараткан табигый фитратка тескери болгон бир катар иштерге ачык-айкын чакырышы менен өзгөчөлөнүп турат. Мисалы, ал самавий шариятты, табигый фитрат, аялдын табияты жана түзүлүшү талаптарын эсепке албай, Исламга тескери түшүнүктөгү эркиндик жана теңдикке... эркек менен аял ортосундагы ар кандай айырмачылыкты жок кылууга... шаръий түрдө харам кылынган жыныстык мамилелерге кеңири жол ачууга... жыныстык мамиле эркиндигине урухсат берүүгө... эрте турмуш курууну токтотууга... кош бойлуулукту алдын алган каражаттарды таратууга... эркектин уругу өнүмдүүлүгүн чектөөгө... коопсуз абортко урухсат берүүгө... уул бала менен кыздардын

аралашып таалим алышына этибар берип, аны өнүктүрүүгө... уул бала менен кыздарга эрте жашта жыныстык тарбия берүүгө көңүл бурууга... бул максаттарды жүзөгө чыгаруу үчүн маалымат каражаттарынан пайдаланууга чакырат. Бул конференцияда уятсыздык жарыяланды, аталардын перзенттерге васийлик кылышы жана эркектердин аялдарга жетекчилик кылышы четке кагылды.

6 – **БУУнун 2000-жылы Нью-Йоркто өткөн аялдарга арналган конференциясы – XXI кылымда теңдик, өнүгүү жана тынчтык:** анда CEDAW конвенциясынын бардык идеялары жана мурунку конференциялардагы идеялар алга сүрүлдү. Сойкулар үчүн жаңы аталыштар т.а. "секс кызматкерлер" деген аталыш пайда болду. Үй иштери акы төлөнбөй турган иш деген шылтоо менен аялдарды үй иштеринен баш тартууга үгүттөлдү. Эркек кишини өз аялын зордуктагандыкта айыптап соттоо үчүн үй-бүлөлүк соттторду түзүүгө чакырылды. Мамлекеттерден гомосексуалзимди кылмыш деп эсептеген мыйзамдарды кайра карап чыгуу жана бекер кылуу талап кылынды. О.э. 1995-жылдагы Пекин конференциясына ылайык кээ бир мамлекеттер тарабынан көрсөтүлгөн консерватизмди бекер кылуу талап кылынды.

БУУнун аялдарга арналган негизги төрт конференциясы артынан ар беш жылда бир катар текшерүүлөр өткөрүлдү. БУУнун Башкы Ассамблеясы бул конференциялардын токтомдору канчалык даражада ишке ашырылганын талкуулоо о.э. мамлекеттер бул конференциялардагы мажбурияттарды аткарышын камсыздоо боюнча демилге жана иш-чараларды белгилөө үчүн 2005, 2010, 2015 жана 2020-жылдарда сессияларды өткөрдү.

Аялдарга арналган бул конференциялардан тышкары башка маселелерге, өзгөчө, калк, айлана-чөйрө жана өнүгүүгө арналган көптөгөн конференцияларда феминисттик проблемалар жана идеялар, гендер түшүнүгүн талкуулоого катуу аракет жасалды. Бул конференциялардын токтомдоруна мүмкүн болушунча көбүрөөк феминисттик сунуштар киргизилди. Алардын арасында ушул конференциялар бар:

1 – **1974-жылы Румынияда өткөн биринчи бүткүл дүйнө калкы конференциясы:** бул конференцияда дүйнөлүк иш план кабыл алынды. Анда ушуларга чакырылды: аялдын коомдогу ролун жана толук интеграциялашуусун күчөтүү; турмуштун бардык

тармактарында аялга эркек кишинин укугу менен тең укук берүү; төрөттү чектөө жана аялдын фертилдик даражасын төмөндөтүү.

2 – **1948-жылы Мексикада өткөн калк боюнча эл аралык конференция:** бул конференцияда феминизм жана гомосексуализмдин эң маанилүү идеяларына чакырыктар жасалды: аял менен эркектин толук теңдиги; турмуш куруу жашын жогорулатууга чакыруу; бала төрөөнү кечиктирүүгө шыктандыруу; атаны үй иштерине тартуу; үй-бүлөдөгү жоопкерчиликти энеге жүктөө; үй-бүлөнүн түрдүү жана көп көрүнүштөрүн моюнга алуу; өспүрүм бала жана кыздарга жыныстык тарбия берүүгө чакыруу; үй-бүлөнүн сыртындагы жыныстык мамилелерди моюнга алуу о.э. аларга финансылык жардам көрсөтүү жана аларды тийиштүү үй-жай менен камсыздоо.

3 – **1990-жылы Нью-Йоркто өткөн бүткүл дүйнөлүк балдар саммити:** анда 1989-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган баланын укуктары жөнүндөгү конвенция талкууланды жана аны ишке ашыруу зарылдыгы баса белгиленди. Аларга төмөнкүлөр кирет: баланын фикир, абийир жана ишеним эркиндигине укугу; ата-энелердин перзенттерине васийлик кылуу укугун бекер кылууга чакыруу; репродуктивдүү саламаттык жөнүндө таалим берүү аркылуу өспүрүмдөргө гендер жана гомосексуализмди берүүгө чакыруу.

4 – **1992-жылы Рео-Де-Жанейродо өткөн бүткүл дүйнөлүк айлана-чөйрө жана өнүгүү конференциясы:** түпкүлүгүндө бул конференция айлана-чөйрө, климат жана туруктуу өнүгүүгө байланыштуу болсо да, бирок, анын негизги бөлүгү аялдын укугун, гендер түшүнүгүн ишке ашыруу маанилүү экендигине о.э. өнүгүүнү ишке ашырууда аялдын социалдык жана экономикалык деңгээлин жакшыртууга арналды. Анда коопсуз жана натыйжалуу профилактика, дарылануу жана репродуктивдүү мекемелерди курууга, төрөттү чектөгө о.э. аялдардын эркектер менен тең болушуна тоскоолдук кылган конституциялык, укуктук, административдик, маданий, социалдык, экономикалык жана жашоо таризине тиешелүү тоскоолдуктарды жоюу боюнча стратегияларды иштеп чыгууга чакырылды. Бул конференциядан кийин аялдардын проблемалары жана гендердик мекемелер туруктуу өнүгүүнүн ажырагыс бир бөлүгүнө айланды. О.э. ал айлана-чөйрө жана туруктуу өнүгүү тармагындагы ар кандай эл аралык же регионалдык конференциянын иш-аракетинин бир

бөлүгүн ээледи. Мындай конференцияларга 2002-жылда Йоханнесбургда өткөн туруктуу өнүгүү боюнча бүткүл дүйнөлүк саммитти, 2022-жылы Шармуш Шайхта өткөн БУУнун климаттын өзгөрүшү боюнча конференциясы жана башкаларды мисал кылуу мүмкүн.

5 – **1993-жылы Вена шаарында өткөн Бүткүл дүйнөлүк адам укуктары конференциясы:** бул конференцияда аялдардын саясий, экономикалык жана социалдык адам укуктарынан жана башка Батыш түшүнүгүндөгү укуктардан толук жана тең пайдаланышына о.э. бул маселе өкмөттөр үчүн чоң мааниге ээ болушуна чакырылды. Аялдардын эркектер менен толук теңдиги сыяктуу аялдарга таандык маселелер ортого салынды. Өнүгүү жараянына катышкан жана кызыкдар деген этибарда аялдарды бул жараянга интеграция кылуу маанилүү экендиги баса белгиленди. Аялдарга карата жашыруун же ашкере кемсинтүүнүн бардык түрлөрүнө чекит коюуга чакырылды. О.э. анда 2000-жылга чейин аялдарга карата кемсинтүүнүн бардык түрлөрүнө чекит коюу жөнүндөгү конвенция бардык мамлекеттер тарабынан дүйнөлүк деңгээлде тастыкталышы талап кылынды.

6 – **1994-жылда калктын саны жана өнүгүү боюнча Каирде өткөн эл аралык конференция:** бул конференцияда мурун Пекинде өткөн төртүнчү аялдар конференциясында айтылган маселелерге бүтүндөй окшош маселелер талкууланды. Гендер идеясы өнүгүү талаптарынын бир бөлүгү катары талкууланган маселелердин катарына киргизилди.

7 – **1995-жылы Копенгагенде өткөн бүткүл дүйнөлүк социалдык өнүгүү саммити:** анда үй-бүлөнүн түрдүү формалары моюнга алынды, эркек менен аялдын ортосундагы теңдикке, үй-бүлөдө эркектин аялга жетекчилик кылышын бекер кылууга, эркекти үй иштерин аткарууга жана аял кишини эмгек базарына чыгууга чакырылды.

8 – **БУУнун 1996-жылы Түркияда өткөн турак жай пункттары боюнча (Хабитат 2) конференциясы:** анда аялдардын саясий, экономикалык жана социалдык турмушта толук жана тең катышуусун камсыздоого т.а. турак жай пункттарын өнүктүрүүдө гендер теңдигин камсыздоого о.э. жаңы турак жай пункттарына байланыштуу мыйзам, программа жана долбоорлорго гендер маселелерин интеграциялоо мажбуриятын моюнга алууга чакырылды. Адаттагы эркек менен аялдан түзүлө турган табигый

эмес, эки эркектен же эки аялдан түзүлө турган үй-бүлөнүн түрдүү көрүнүштөрүн моюнга алуу баса белгиленди.

Бириккен Улуттар Уюму тарабынан өткөрүлгөн ар бир конференциядан кийин адатта роль кезеги БУУ агенттиктерине жана бейөкмөт уюмдарга келет. Алар регионалдык конференцияларды өткөрүү аркылуу БУУ конференцияларынын сунуштары аткарылышын көзөмөлдөйт. Регионалдык уюмдар бир катар регионалдык конференцияларды өткөргөн. Араб мамлекеттеринде өткөрүлгөн эң маанилүү регионалдык конференциялар:

1 – **2000-жылы Бахрейнде «Мүмкүнчүлүктөр, тоскоолдуктар жана талап кылынган ролдор» ураны астында өткөрүлгөн Булуң аялдары жана Үчүнчү миң жылдык конференциясы:** Бахрейн кыздар уюму уюштарган бул конференцияда Булуң мамлекеттеринен бир катар аял жана эркек лидерлер катышкан.

2 – **1999-жылы Аддис-Адебада БУУ экономикалык комиссиясынын Африка бөлүмү уюштурган алтынчы аялдар конференциясы.**

3 – **2008-жылы Абу Дабиде өткөрүлгөн «Аялдар адам коопсуздугу түшүнүгү жана маселелеринде: араб жана эл аралык келечек» конференциясы:** араб аялдары уюму тарабынан уюштурулган бул конференцияга көпчүлүк араб мамлекеттеринен келген өкүлдөр катышкан.

4 – **2019-жылы Амманда өткөрүлгөн «Аялдар, коопсуздук жана тынчтык: ишке ашкан өнүгүү өлчөөсү жана кемчиликтерди жоюу» конференциясы:** бул конференция БУУнун экономикалык жана социалдык комиссиясы тарабынан Араб Мамлекеттеринин Лигасы, БУУнун гендердик теңдик жана аялдар укуктарын кеңейтүү боюнча уюму о.э. Ливан-Америка университетинин аялдар үчүн Араб мамлекеттери институту менен кызматташтыкта өткөрүлдү. Бул конференцияга регион мамлекеттериндеги аялдардын маселелери менен алектенген көптөгөн токтом кабыл алуучулар жана жогору кызматтагы расмийлер, бир катар жарандык коом уюмдары катышты.

5 – **2000-жылы ноябрда Каирде өткөн Араб аялдары саммитинин биринчи конференциясы.**

6 – **2017-жылдагы социалдык жоопкерчилик борборунун экинчи аялдар конференциясы:** конференция Регионалдык социалдык жоопкерчилик тармагы алдындагы Аялдардын социалдык жоопкерчилик борбору тарабынан уюштурулду.

7 – **2022-жылы Марокконун Фес шаарында өткөн массалык маалымат каражаттары кызматкерлеринин алтынчы эл аралык конференциясы.**

8 – **2023-жылы өткөн араб мамлекеттериндеги аялдардын жетинчи «Социалдык жоопкерчилик» конференциясы:** о.э. конференция көптөгөн араб мамлекеттери аялдарынын кеңири чөйрөдөгү катышуусунда «2023-жыл үчүн социалдык жоопкерчилик тармагында профессионалдуу араб аялдарнын форуму» аракетин баштады.

**Феминизм жана гомосексуализмдин жайылышында бейөкмөт уюмдардын жана жарандык коом уюмдарынын ролу**

Эл аралык өкмөт аралык уюм болгон ЮНЕСКО көпчүлүк мамлекеттерде гендер түшүнүгүн таалим программаларына киргизүүгө жетишти. Бириккен Улуттар Уюму көпчүлүк мамлекеттерди CEDAW конвециясына кол коюуга мажбурлай алды. Аялдар жана балдар маселелери менен алектенген жарандык коом уюмдары бири-бирин толуктаган, биринчиси коомчулукка, экинчиси өкмөттөргө тиешелүү эки роль аркылуу феминизм, гендер, жыныстык байланыш жана гомосексуализмди жаюу үстүндө иштейт.

Алардын коомчулуктагы ролуна келсек, алар мектептерде гендер түшүнүктөрүн БУУ кабыл алган түшүнүктөргө ылайык окутулушун көзөмөлдөйт о.э. окуу программаларындагы гендер түшүнүктөрүн түшүндүргөн басылмаларды окуучу балдарга жана кыздарга тарат. Турмуш куруу жана анын жоопкерчиликтерине, айрыкча, эрте турмуш куруууга карата жек көрүүнү ойготот. Контратсептив (кош бойлулукту алдын алган) каражаттардв жана презервативдерди таратат о.э. абортко муктаж болгондорго аборт кызматын сунуштайт. Бул маселелер боюнча жол-жобо көрсөткөн жыйындарды өткөрөт. Бул түшүнүктөрдү кабыл алган жана бул түшүнүктөр таасир кылган тандалган мугалимдер о.э. таалим кеңешчилери үчүн да тажрыйбалуу окуу курстары түзүлөт. Гендер түшүнүктөрүн студенттерге натыйжалуу үйрөтүү үчүн окуу

колдонмолорун даярдайт. Аялдар жана балдар маселелери менен алектенген жарандык коом уюмдары коомдун түрдүү катмарлары үчүн жыйын жана семинарларды өткөрөт. Көбүрөөк жакыр коомдор жана аялдардын катмары алардын бутасында болот. Феминизм аларга күндөлүк жашоолорунун табигый бир бөлүгү же баш ийүү керек болгон универсалдуу фикир жана адам укуктарынын бир бөлүгү катары көрсөтүлөт. Түпкүлүгүндө Батыш аялы ушул эркиндик идеялары жана аракеттери себептүү азап тартып жаткан болсо да, алар муслима аялга Батыш аялы ушул либерал идеялар жана аракеттер себептүү өнүккөн жана бактылуу деген элести берип, аны чалгытып алдашууда о.э. Батыштын либерал идея жана аракеттерин кабыл алууга мажбурлоо үчүн пакиза муслима аялдарга фикирий терроризмди колдонушууда.

Бул уюмдар жигит менен кыздарды эркек менен аялдын ортосундагы тоскоолдуктарды жойгон жана уят түшүнүктөрүнө сокку берген иш-чараларда бир жайга топтойт. Эркектик жана аялдык түшүнүгүн жемирүү үчүн эркек менен аялдардын катышуусун талап кылган машыгууларды өткөрүү аркылуу эркектер аялдар менен аралашып жүрүшүн адаттагы абалга айлантат. Кээде эркек менен аялдардын аралашуусу алардын ыктыярдуу иштерге катышып жатканы менен акталат. Мисалы, адамдар зайтун терүүгө жана кээ бир коомдук жайларды тазалоого катышышат. Бутага алынган топтордун туруктуу кызматташтыгын камсыздоо максатында материалдык жактан шыктандыруу аркылуу адамдарды өзүнө тартуу үчүн жакырчылык абалынан пайдаланылат.

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Бириккен Улуттар Уюму феминизм жана гендер маданиятын жаюуда түрдүү иш-аракеттерден пайдаланууга аракет кылат. Бул иш-аракеттердин бири ушул шектүү иш-аракеттерди жүзөгө чыгарууда кээ бир жарандык коом жардам уюмдарынан жана кээ бир эл аралык уюмдардан пайдалануу. Буга фалестиндик качкындарга жардам көрсөтүү иштерин алып барган UNRWA агенттигин мисал катары келтирсек болот. Агенттиктин түпкү вазыйпасы качкындарга гуманитардык жардамдарды көрсөтүү. Бирок, ал гендер маданиятын үгүттөө үчүн адамдардын муктаждыгынан пайдаланат. Агенттик 2023-жылы 9-сентябрда 69 беттен турган «Ахлак-адеп кодексин» басып чыгарып, аны өз кызматкерлерине таратты. Анда Ислам адеп-ахлагын жана баалуулуктарын тебелөөгө чакырылган.

Себеби, анда БУУнун фикир жана эрежелерине булак катары таянып, гомосексуализмди жана гомосексуалдардын укугун урматтоо жана аларды кабыл алууга о.э. башка ар кандай булактарды жана исламий шаръий өкүмдөрдү четке кагууга ачык чакырылган. UNRWA басып чыккан «Адеп-ахлак» кодексинде ушулар келген: «UNRWA гендердик теңдикти Бириккен Улуттар Уюмунун көз карашына ылайык карап чыгат. Мунун натыйжасында гендердик теңдик лесбий, гей, бисексуал, трансгендер, интерсексуал жана гендер түрлөрүнө (ЛГБТга) колдонулат. Бул жергиликтүү маданий үрф-адаттарга тескери келген абалда биздин аракеттерибиз эл аралык жарандык кызматтын кулк-мүнөз өлчөөлөрүнө, БУУнун башка түзүм жана эрежелерине негизделиши керек».

Жарандык коому уюмдарынын өкмөттөргө таасир өткөрүүдөгү күчтүү ролуна келсек, бул төртүнчү аялдар конференциясында (Пекин 1995-жыл) баян кылынган. Конференциянын билдирүүсүндө мындай делет: «Бейөкмөт уюмдар секторунун, өзгөчө, аялдар уюмдары жана гендердик теңдикке чакырган топтордун көбөйүп жаткан кубаты өзгөрүүлөргө үндөгөн күчтөрдүн бири болду. Мыйзамдардын аткарылышына чакыруу жана аялдардын өнүгүүсүн камсыздаган механизмдерди түзүүдө бейөкмөт уюмдар өтө маанилүү ролду ойнойт. О.э. бул уюмдар өнүгүүгө жаңыча жандашуу үчүн катализатор болду... **Аялдар бейөкмөт уюмдар аркылуу жарандык, улуттук, регионалдык жана дүйнөлүк форумдарда, эл аралык талкууларда чоң салым кошуп, күчтүү таасир өткөрө алды**[1]**.**

О.э. БУУ катчысы 2016-жылы аялдардын макамы боюнча комиссияга сунуштаган отчётто жарандык коому уюмдарынын ролун белгиледи. Анда мындай делет: «Жарандык коом уюмдары, айрыкча аялдарды жана адам укуктарын коргогон уюмдар менен жакын кызматташуу гендер көз карашын эсепке алып 2030-жылдагы пландарды ишке ашырууда маанилүү шарттардын бирине айланат»[2].

---

(1) Аялдарга арналган төртүнчү дүйнө конференциясы отчёту – Пекин 1995-жыл, 15-сентябрь. 26-пункт, 16-бет.

(2) БУУ башкы катчысынын аялдар макамы боюнча комиссияга алтымышынчы сессияда берген отчёту (2016-жыл, 14-24-март) отчёт темасы: «Аял мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана анын туруктуу өнүгүү менен байланыштуулугу». 39-пункт, 20-бет.

Бириккен Улуттар Уюму агенттиктери дүйнөдөгү жарандык коом уюмдарын жана бул уюмдардын мүчөлөрүн күчтүү куралга айлантуу үчүн алардын иштөө аракетин белгилейт. Бул агенттиктер улуттук жана регоиналдык жарандык коому уюмдарынын мүчөлөрү арасынан басым өткөрүүчү тармактарды түзүү үчүн алардын кадрларын окутат. Алар дагы да күчтүү, таасирдүү жана өкмөттөргө басым өткөрүүгө кудуреттүү болушу үчүн алардын аракетин башка тиешелүү уюмдардын аракети менен координациялайт. Аларга элди кандай аракетке келтирүү жана коомдук фикирге кандай таасир өткөрүү үйрөтүлөт. Аларга зарыл финансылык жана маалыматтык жардам көрсөтүлөт. Алардын иштөө ыкмасын төмөндөгү баскычтарда жалпылаштыруу мүмкүн:

1 – Өкмөттөр аялдардын маселелерине байланыштуу эл аралык келишимдерди кабыл алышы же тастыкташы үчүн аларга басым өткөрүлөт. Адатта үй-бүлөнү коргоо, турмуш куруу жашын жогорулатуу, үй-бүлөлүк зомбулук, гомосексуалдарга укук берүү жана башка белгилүү бир мыйзамдар кабыл алынышы керек болгондо өкмөттөргө басым өткөрүлөт. Эгер өкмөт алардын талабына жооп бербесе, бул мыйзамдарды колдогон коомдук фикирди пайда кылуу, адамдарды буга сапарбар кылуу о.э. бул мыйзамдарды элдин талабындай кылып көрсөтүү үчүн массалык маалымат каражаттарында кампания башталат.

2 – Эгер өкмөттөр кызматташпаса, феминисттик жарандык коом уюмдары өкмөттөр келишимдерди аткарбай жатканы жөнүндө маалымат чогултат жана буга далилдерди алып келүүгө жана вакиъликтеги абалдарды – алар чыныгы же көбүртүлгөн болушуна карабастан – көрсөтүүгө аракет кылат. Кала берсе, өкмөттөрдү моюн сунууга жана келишимдерди толук аткарууга мажбур кылуу үчүн алар БУУ агенттиктери алдында шерменде кылынат.

3 – Феминисттик жарандык коом мүчөлөрү өкмөттөргө каршы кылычка айлантылат. Бул аларга өкмөттөр менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышын күзөтүү үчүн өткөрүлгөн жыйындарга байкоочу катары катышуу мүмкүнчүлүгүн берет о.э. аларга кошумча күч берет жана өкмөттөрдүн отчёттору жөнүндө маалымат берет. Муну менен алар үчүн өкмөттүн отчётторундагы начар жерлерди издөө, отчётко киргизилбеген маалыматтарды даярдоо жана аларды БУУга сунуштоо мүмкүн болуп калат.

4 – Феминисттик жарандык коом мүчөлөрү адамдар менен БУУнун түрдүү комитеттери ортосунда ортомчулук ролду ойнойт.

Эгер эл аралык келишимдер аткарылбаса адамдарды өкмөттөргө арызданууга үндөйт. Мисалы, аял агасы алган мурастын жарымын алганы же эри анын иштешине тоскоолдук кылганы үчүн арыздануу жана башка Ислам шариятына тескери, бирок, өкмөттөр тастыктаган CEDAW конвенциясына ылайык болгон иштерге чакырылат. Бул арыздар конвенцияны ишке ашыруу үчүн өкмөттөргө басым өткөрүүдө иштетилет.

5 – Өкмөт белгилүү бир келишимди тастыктабаган болсо, БУУ «атайын чара» деп аталган механизмди ойлоп тапкан. Бул механизм БУУга келишимди тастыктабаган мамлекеттердин иштерине аралашуу жана абал жөнүндө отчёт топтоо үчүн атайын сапарларды уюштуруу мүмкүнчүлүгүн берет. Жарандык коом мүчөлөрү сапар алдынан өз аракеттерин алар менен тартиптештирип, жай жайларда иш алып барышат. Бул жарандык коом мүчөлөрү өз мекенине жана өкмөтүнө каршы БУУнун пайдасына иштеген тыңчыларга айлантат.

**Бул уюмдарга карата Исламдын позициясы**

Феминизмге жана гендерге чакырып жаткан уюмдардын максаттарын түшүнүү, алар бузгунчулукту кантип ишке ашырып жатканын жана алардын артында ким турганын билүү аларга кандай каршылык көрсөтүү зарылдыгын көрсөтүп берет. Ошондуктан, алардын айып жана кемчиликтери жалпыга ашкере кылынышы, алардын чакырыктары жана аракеттери шарият өкүмдөрүнө тескери экендигин баян кылуу зарыл. Алар чет элдик уюмдар менен байланганын, бул уюмдардын күн тартибин (пландарын) ишке ашырып жатканын, батыл үгүттөрү жана БУУнун адаштыруучу чакырыктары менен дүрбөлөң көтөрүүнүн акысына финансылык жардам алып жатышканын ачыктоо керек. Аларга каршы күрөшүү куфрга жана адашууга баштаган фикирлерге каршы күрөшүүнүн бир бөлүгү болгону үчүн уламаларды, казы жана даъватчыларды бул күрөшкө катышууга үндөө кажет. Феминисттик уюмдардын программалары ишке ашышына тоскоолдук кылууда жана феминизмге каршы коомдун аң-сезимин калыптандырууда жоопкерчилик аларга жүктөлүшү зарыл. Себеби, Аллах Тааланын:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمۡوَٰلَهُمۡ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيۡهِمۡ حَسۡرَةٗ ثُمَّ يُغۡلَبُونَۗ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِلَىٰ جَهَنَّمَ يُحۡشَرُونَ﴾

***«Албетте, кафир болгон кимселер байлыктарын Аллахтын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол** (байлыктары) **өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Кафир болгон кишилер жаханнамга топтолушат»*** [8:36]

деп айткан сөзү ишке ашуусу зарыл.

Корутунду катары баса белгилеп айтсак, жарандык коом уюмдары алгач кызмат көрсөтүү менен алектенип жаткандай болуп көрүнүшөт. Алардын арасындагы феминисттик уюмдар болсо Исламга каршы феминисттик пландарды ишке ашыруу үчүн кызмат көрсөтүү иш-чараларынан пайдаланат. Бирок, Исламда кызмат көрсөтүү иштери мамлекет тарабынан ишке ашырылышы керек. Себеби, жалпы кызматтар мамлекет аткарышы важиб болгон иштердин бир бөлүгү болуп, бул кызматтарды мамлекеттен башка бирөө мойнуна алышы жаиз эмес. Ал эми, мамлекеттен башка тараптардын бул кызматтарды өз мойнуна алышына келсек, бул мамлекеттин ишинде аны менен атаандашуу болуп эсептелип, бул жаиз эмес. Демек, эгер бул кызматтарды өз мойнуна алган уюмдар тышкы уюмдардын пландарына байланган болсо кандай болот?! Мындан тышкары жарандык коом уюмдарынын өз иш-аракеттерин чет элдик уюмдар жана мамлекеттердин өкмөттөрү менен келишип ишке ашырышы эл аралык мамилелерге аралашуу дегени. Акыйкатта болсо эл аралык мамилелер мамлекетке чектелиши керек. О.э. сырткы жардамга таянып кызмат көрсөтүү мамлекеттин суверенитетин чектейт жана мамлекетти шантажга дуушар кылат. Ошондуктан, ал харам иштерге ортомчулук кылуу болуп саналып, шаръий түрдө жаиз эмес. Ушул себептен улам Исламий мамлекетте жарандык коом деп аталган уюмдарга – ал тургай, жергиликтүү болуп, чет эл менен байланышы болбосо да – тыюу салынат. ❑

## Германия «Чечим Халифалыкта» ураанына каршы чара көрүү маселесин үйрөнүүдө

Германиянын Гамбург шаарында 1000ден ашуун мусулмандардын катышуусунда өткөрүлгөн демонстрациядан кийин аймактык полициянын жетекчиси демонстрацияда көрсөтүлгөн «Германия – баалуулуктар диктатору» жана «Чечим Халифалыкта» деген ураан жана плакаттарды соттук экспертизадан өткөрүүнү жарыялады. 2024-жылы 27-апрелде өткөн ушул демонстрацияда эң көп көтөрүлгөн ураан «Чечим Халифалыкта» деген ураан болду жана ал жөнүндө өлкөдө абдан көп пикирлер билдирилди. 2024-жылы 29-апрелде «ZDF» телевидениесинин экинчи каналына берген интервьюсунда полиция жетекчиси: «Лекин жыйын өткөрүү эркиндиги жана сөз эркиндиги көз карашынан улам конституциябызда экстремисттик фикирдеги демонстрацияларга уруксат берилгени да чындык», - деди. Ал: «Биз полициябыз, мыйзамыбыз болсо нейтралдуу», - деп, жыйын өткөрүү укугу жыйындын тынч өтүшү-өтпөшүнө байланыштуу экенин баса белгиледи. Конституцияны коргоо боюнча Гамбург мамлекеттик ички разведкасына ылайык, демонстрация жөнүндө хабардар кылган адам экстремисттик деп мүнөздөлгөн «Муслим интерактив» кыймылына алакадар болуп, бул кыймыл Германияда 2003-жылдан тартып тыюу салынган Хизб-ут-Тахрирге идеологиялык жактан алакадар болуп эсептелет. Өз кезегинде, Германия Федералдык канцлери Олаф Шольц бул маселе боюнча: «Бир нерсе ачык-айкын болушу керек: бардык кылмыштар Германия Федеративдик Республикасынын мыйзамдарын бузган жайда жообгердикке тартылышы шарт», - деди. Ички иштер министри Нэнси Фезер исламчыларды депортация кылуу менен коркутту жана «Bild» гезитинин шейшемби күнкү чыгарылышына берген интервьюсунда: «Азыр күн тартибибизде депортацияны кеңейтүү боюнча мыйзамчылык ишке ашырылууда», - деди. Ушуга байланыштуу гезит ички иштер министрлигине таянып, өткөн жылы расмийлер тарабынан өз өлкөлөрүнө депортация кылынган исламчылардын саны он экиге жеткенин жазды. Конституцияны коргоо боюнча мамлекеттик равзедка солчул исламчылардын саны 27 480ге жеткенин маалым кылууда.

**Ал-Ваъй:** албетте Германиянын да кошуна Батыш мамлекеттеринен калышпаган жырткыч колонизатор жүзү бар. Бул мамлекет Холокост себебдүү яхудийлерге ката кылганын айтып, бирок бүгүн «Израилдин» Фалестиндеги мусулмандарга каршы кезектеги Холокосту тарабында туруу менен мурункусунан да жаман кылмышты жасап жатат. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا نَقَمُواْ مِنۡهُمۡ إِلَّآ أَن يُؤۡمِنُواْ بِٱللَّهِ ٱلۡعَزِيزِ ٱلۡحَمِيدِ﴾

***«Алар** (момундардан) **ал** (момун)**дар кудурет жана мактоо ээси болгон Аллахка ыйман келтиришкени үчүн гана өч алышты»*** [85:8]

Аллахтан да чынчыл сүйлөөчү ким бар?!

## RT Arabic: Ивроний маалымат каражаттары «Израиль» менен Мисир ортосунда жаңы деңиз жүк ташуу линиясы ачылганын маалымдады

Жекшемби күнү ивроний маалымат каражаттары «Израиль» менен Мисир ортосунда жаңы деңиз жүк ташуу линиясы ачылганын маалымдады. Транспорт маселелери боюнча адистердин бири «Израилдин» «port2port» веб-сайтына маалымдашынча, «Medcon Lines» жүк ташуу компаниясы «Мисир менен "Израиль" ортосунда жүк ташуу жараянын жеңилдетүү үчүн» жаңы линияны ачууга чечим кылган. Веб-сайтта кошумчаланышынча, компания эки жаңы линия ачкан, алардын бири Италиядагы «Равенна», Мисирдеги Искандария жана «Израилдеги» Ашдад менен Хайфа порттору ортосунда, экинчи линия болсо түздөн-түз Мисир менен «Израиль» порттору ортосунда иштейт. Веб-сайтта баса белгиленишинче, контейнер ташыган кемелер Мисир менен «Израиль» тарабынан эки багытта аракеттенет. 1978-жылы түзүлгөн «Pan Marine» деген жүк ташуууга адистешкен компанияга мисирлик ишкерлер ээлик кылат. Бул тууралуу «Pan Marine Group» расмий веб-сайты маалым кылган. Башкы кеңсеси Искандария шаарында жайгашкан бул компания азык-түлүк продукция транспорту тармагында иш алып барат.

**Ал-Ваъй:** эгер Фалестиндин тегерегиндеги режимдер башка зыянкеч режимдер менен бирге «Израиль» тарабында туруп, аны колдоп-кубаттап, каржылашпаганда жана мусулмандардын бул каргышка калгандарды тамыры жана колдоочулары менен кошо

кулатуусуна тоскоолдук кылышпаганда, шек-күмөнсүз, бул яхудий вужуду көз ачып жумганча жок болмок. Биз Аллах Тааладан дуа кылып сурайбыз, бул залим өкүмдарларды, малай жана саткын режимдерди жок кылуубузга жардам берсин, армияларыбыз өз динине жана Умматына нусрат бериши жана бул баскынчы яхудийлерди жардамчылары менен кошуп жок кылышы үчүн рушд-хидаятка жолдосун. Андыктан, яхудий вужудун жок кылып, Фалестинди толук азат кылуу бакытына кайсы армия татыктуу болор экен?! Эй, кошуундар! Шек-күмөнсүз, албетте согуш силердин бириңердин жардамында болот. Андыктан, бул согуштагы ансарлардын үстөмдүгү жана улуу жеңиштер силерге насиб кылсын!

## Америкалык расмий: “Израиль” ката себебдүү өз дрондорунун 40 %ын жок кылды

АКШ деңиз жөө акскер күчтөрүнүн расмийи подполковник Майкл Броден деңиз жөө аскерлер күнүнүн көргөзмөсү алдында: «”Израилдин” таң калычтуу иши ушул болду – учкучуз башкарылган учактардын болжол менен 40 %ын “Израиль” өзү жаңылыштык себебдүү жок кылды», - деди. Бул америкалык аскерий «Израиль» армиясынын мүмкүнчүлүгүндө чоң келишпестик бар экенин аныктады. Бул болсо, дрондордун атып түшүрүлүшүнө себеб болгон. Алар Газада «Израиль» армиясынын күчтөрү тарабынан жаңылыштык себебдүү атып түшүрүлгөн «Израиль» дрондору. Бул жагдай яхудий аскерийлери дрондордун кимге таандык экенин аныктай алышпаганынын натыйжасында жүзөгө келген. Америкалык расмий: «Газадагы, биринчи линиядагы “Израиль” аскерлери учкучуз учактар келе жатканын көрүшкөндө анын кимге таандык экени дароо аныктай албаса эмне кылат? Тезинен атып түшүрөт», - деп кошумчалады. О.э. Броден мындай ката атып түшүрүүлөр асманда бара жаткан дрондордун саны көбөйгөн сайын күндөн-күнгө көбөй берген проблема экенин баса белгиледи.

**Ал-Ваъй:** Инша Аллах, алар өз үйлөрүн өз колдору менен ойрон кылышат.

## Макрон Европанын кыйроосу жөнүндө божомол кылууда: «Европа ырайымсыз өлүм табат»

2024-жылы 2-майда Франция президенти Эммануэль Макрон «The Economist» журналына берген интервьюсунда «бомба жардырып», баарын таң калтырды. Анын сөзүнүн жалпы жыйынтыгы «Батыш цивилизациясы өлүшү мүмкүн, анын акыры ырайымсыз болот жана бул көпчүлүк адамдар ойлогондон да батыраак болушу мүмкүн» деген сөзү болду. Ошону менен бирге Макрон 2024-жылы 25-апрелде Париждеги Сорбонна университетинде Европа жөнүндөгү кеңири сөзүндө да «Европа мамлекеттерин Россия ракеталарына каршы ишеничтүү коргонуу стратегиясын иштеп чыгууга» чакырды. Ал «Европанын өлүшү же башка ири күчтөрдөн чегиниши мүмкүн болгон аскерий жана экономикалык коркунучтардан» эскертти, «дуняда кеңири жайылып бара жаткан кайра куралдануу алдында Европа абдан чабал ойгонуп жатканына өкүнөрүн» билдирди. Америка менен алаканы үзүү маселесинде Франция жетекчиси «өзүнүн сый-урматын орнотууга, коопсуздугун кепилдөөгө жана стратегиялык көз карандысыздыгын кайра тикелөөгө кубаттуу Европаны жаратууга» чакырды. О.э. ал «Биз Европа өлүм коркунучуна учураганын жана өлүмү мүмкүндүгү туурасында акыйкатты ачык айтуубуз керек», «Бул биздин гана тандообузга байланыштуу. Лекин бул тандоону азыр аткаруубуз шарт», «Себеби алдыдагы он жылдыкта биздин начарлообуздун же кыйроого түшүүбүздүн коркунучу чоң» деген сөздөрдү айтты. Макрон АКШ жана Кытайга салыштырганда Европа экономикасы артта калганын басап белгилеп, «Түпкүлүгүндө Франциянын ядролук коргонуусу Европа континентин коргоодо маанилүү фактор» экенине басым жасады.

**Ал-Ваъй:** Макрондун көзү акыйкатты көрбөгөн көр болуп калган. Себеби ал анын хазараты чирип бүткөнүн жана кулоо алдында экенин, Европанын начардыгы түпкүлүгүндө анын кабыл алган хазаратынын негизинде жатканын көрбөй жатат. Батыш хазаратынын начарлыгына жана жемирилгендигине Европа өзү мисал. Андыктан, жемирилүү жана кулоо кезеги Европадан кийин АКШ жана башка капиталисттик мамлекеттерде болот.

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ


## Трамп 2024-жылдагы шайлоодо жеңиле турган болсо, анын натыйжаларына макул болбостугун баса белгиледи

АКШнын мурунку президенти Дональд Трамп эгер 2024-жылдагы президенттик шайлоодо уттурса, анын натыйжаларын моюнга албастыгын билдирүү менен кескин сындоолорго учурады. Ал 2020-жылдагы шайлоодо бурмалоонун курманы болгондугу жөнүндө дагы айтты. Ал «Milwaukee Journal Sentinel» гезитине берген интервьюсунда: «Эгер бардык нерсе адилеттүү болсо, мен натыйжаларды ыраазы болуп кабыл аламын», - деди. О.э. ал: «Эгер андай болбосо, мамлекеттин укугу үчүн күрөшүүгө даярмын», - деп кошумчалады. Ал: «Эгер мен шайлоодо проблема бар экенин көрсөм, аларды ачыкка чыгарамын», «Мунун тескерисин айтсам, мамлекетке зыян жеткирген боломун, бирок андай болбойт, мен шайлоонун адилеттүү болушуна, биз ыхтымал чоң көрсөткүч менен жеңип чыгуубузга ишенемин», - деди. Бирок, ал «Time» журналынын "эгер ноябрдагы шайлоодо жеңилсеңиз, бул нерсе саясий зомбулук чыгарашы мүмкүнбү" деген суроосуна жооб берүүдөн баш тартты. Айрыкча, анын акыркы билдирүүсүнө Байден лагери кескин сын-пикир билдирди. Байден кампаниясынын маалымат өкүлү Жеймс Сингер: «Трамп конституциябыз үчүн кооп-коркунуч, демократиябыз үчүн кооп-коркунуч», - деди. Ал: «Трамптын зомбулукка мухаббатын жана өч алууга өжөрлүгүн четке кагып жаткан Америка калкы ноябрда өтө турган шайлоодо Трампты кулатышат», - деп кошумча кылды. Трамп 2020-жылдагы шайлоонун натыйжаларын бекер кылуу үчүн фитнага алакадарлыгы жана бул фитнада анын тарапкерлери Капитолий имаратына бастырып кириши сыяктуу ондогон кылмыш иштеринде айыпталууда. Жакында өткөрүлгөн эки митингде Тармп демократтар 2020-жылдагы шайлоодо ар тараптуу бурмалоолорго жол бергенин айтты. Висконсин штатынын Уокешо округунда: «Демократтар 2020-жылдагы президенттик шайлоону бурмалашкан, 2024-жылдагы президенттик шайлоону да бурмалашына таптакыр жол бербейбиз. Антпесе, мекенди колдон чыгарабыз», - деди ал. Ал Уилмингтондогу иш-чарага барганда журналисттердин биринин "биз сиздин «Milwaukee Journal Sentinel» гезитине шайлоонун натыйжаларын сөзсүз кабыл албашыңыз туурасындагы билдирүүңүздөн кабатырдабыз, ушул туурабы?"

деген суроосуна: «Сиздин сөздөрүңүздү укпаймын», - деп, ачыктоодон баш тарты.

**Ал-Ваъй:** ушул жылдын акырында АКШда өткөрүлүшү пландалган президенттик шайлоо Америка мамлекетине, анын ыдырашына, акыбетте бир канча мамлекеттерге бөлүнүп кетишине таасир кылышы шексиз. Бул нерсе дуня мамлекеттерине эл аралык терс таасирин тийгизет. Бул бат жүз бербеши мүмкүн. Кийинки шайлоолордо же андан да көбүрөөк убакыттан соң жүз бериши мүмкүн. Бирок көрүнүп турган акыйкат ушул – Американын бөлүнүшү анык. Бул акыйкатты кабыл алуу жана ачык айтуу гана калды.

## Илон Маск АКШ жана Батыш мамлекеттеринде эртеби-кечпи жарандык согуш чыгышын божомол кылууда

Америкалык ишкер Илон Маск АКШ жана Батыш мамлекеттеринде эртеби-кечпи жарандык согуш чыгышын божомол кылды. Ал бул сөздөрдү өзү ээлик кылган «X» социалдык платформадагы аккаунтунда твит аркылуу баса белгилеп: «Каалайбызбы-каалабайбызбы, согуш шексиз башталат», - деди. Маск бул сөздөрдү канадалык бир профессордун постуна жооб берип айтты. Профессор постунда дуняны эскертип, бүткүл дуня Батыш тандаган жана мигранттардын башаламан агып келишине байланыштуу болгон «цивилизациялык өзүн өзү өлтүрүү» жолунда бара жатат жана бул эртеби-кечпи Батыш мамлекеттериндеги элдин мигранттарга каршы козголоң көтөрүшүнө алып келиши, өз кезегинде, жарандык согуш чыгышы мүмкүн деди. Ушул көз караштан, америкалык саясий талдоочу Мак Шаркавий маалымат каражаттарына берген интервьюсунда: «Техас штатынын Кошмо Штаттардан бөлүнүп чыгышы туурасындагы окуялар штаттын губернатору Грег Эбботтун реакциясына байланыштуу», - деди. Грег жарандык согуштун учкуну экенин баса белгилеп, мындай түшүндүрмө берген: «Эгер Трамптын шайлоого катышуусуна тыюу салышса же өмүрүнө кол салышса, албетте жарандык согуш чыгат. АКШдагы куралдардын саны түштүк жана батыш штаттарда чогулган куралдар менен төрт жүз миллиондон ашты, 2024-жылга чейин бул көлөм үч жүз жыйырма миллионду түзүп келген». Грег сөзүн минтип улантат: «Бүгүн бул сан дагы сегиз миллионго көбөйдү, себеби өлкөнүн түштүк жана түштүк-батыш

штаттарындагы жарандар ыхтымалдуу ички согушка даярданып, курал-жарак жана ок-дары топтошууда».

**Ал-Ваъй:** Америка өзүнүн ички ритмин жөнгө сала албай турган жана социалдык тартибин сактай албай турган баскычка келди. Божомолдорго ылайык, абал колдон чыгып, мамлекет жарылуу жана бөлүнүү абалына карай бара жатат... Биз Аллахтан тез күндө Америка өз колу менен өзүн ойрон кылышын жана анын карамүртөздүгүнөн бүткүл дуняны куткарышын сурайбыз. Ошол күндө муминдер Аллахтын нусраты себебдүү шаттанышат. ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## ЯХУДИЙЛЕРДИН КУРЪАНИ КАРИМДЕГИ СЫФАТТАРЫ

Яхудийлерде терең тамыр жайган бир табиат бар, ал Кыямат күнүнө чейин эч качан өзгөрбөйт. Алар каерге барышпасын, каерге орношпосун бул ыфлас табиат аларды коштоп жүрөт. Бул ыфлас табиаттан Куръани Карим катуу эскерткен. Алардын ыфластыгын мусулмандар эле эмес, кайрымусулмандар да тастыкташат. Анткени, бүткүл инсаният алардын эң жаман сыфатына жана эң ыфлас нафсиясына күбө болгон. Яхудийлер илахий сый-урматты абдан акарат кылышат, жада калса алар Аллахтын уулу бар, ал жакыр, биз байбыз дешет. Ал тургай алар Яхя, Закария жана башка пайгамбар жана расулдарды өлтүрүүдөн да кайра тартышпаган.

Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында Абдуллах ибн Масъуд ﵁дан риваят кылат, Набий ﷺ мындай деди:

«أَشَدُّ النَّاسِ عَذَابًا يَوْمَ الْقِيَامَةِ رَجُلٌ قَتَلَهُ نَبِيٌّ، أَوْ قَتَلَ نَبِيًّا»

**«Кыямат күнү эң катуу азабдалуучу кимсе бирер набий тарабынан өлтүрүлгөн же бирер набийди өлтүргөн киши».** Аллахтын аяттарына куфр келтирүү, жалганга чыгаруу, Аллахтын жолунан тосуу, убада жана келишимди бузуу яхудийлердин ыфлас табиаты болот. «Алар Расулуллах ﷺдын заманында да келишимди бузушту жана Расулуллах ﷺды да бир нече жолу өлтүрүүгө урунушту. Алар акыркы аракетинде койду уулап, ал затка белек кылышты. Андан кийин Расулуллах ﷺ көп жыл бул уудан азаб тартты». (Бухарий риваяты). Яхудийлердин саткындыгы, арамзалыгы, көрө албастыгы, коркоктугу, жашоону абдан жакшы көрүшү, Аллахка итаатсыз жана адамдарга душмандыгы баарына маалым. Алар бир-бирине да жамандык кылуудан кайра тартышпайт, адамдардын мал-мүлкүн адилетсиз жешет, жер жүзүндө бузукулук, куфр жана динсиздикти жайышат... Албетте алар эң ыфлас жана туура жолдон бүтүндөй чыккан кимселер.

Кадырлуу окурман, Аллах Субханаху ва Тааланын яхудийлер жөнүндө назил кылган ушул аяттарын окуп, фикирлегиле жана тафсир китебдерине кайрылып, уламалар айткан хадистер менен таанышкыла, ушул аяттардын амалдагы шархын жер жүзүндөгү окуялардан көргүлө.

– Аллах Таала айтат:

﴿وَقَالَتِ ٱلْيَهُودُ عُزَيْرٌ ٱبْنُ ٱللَّهِ وَقَالَتِ ٱلنَّصَٰرَى ٱلْمَسِيحُ ٱبْنُ ٱللَّهِ ۖ ذَٰلِكَ قَوْلُهُم بِأَفْوَٰهِهِمْ ۖ يُضَٰهِـُٔونَ قَوْلَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِن قَبْلُ ۚ قَٰتَلَهُمُ ٱللَّهُ ۚ أَنَّىٰ يُؤْفَكُونَ﴾

***«Яхудийлер: «Узайр Аллахтын уулу», дешти. Насранийлер: «Масих Аллахтын уулу» - дешти. Бул алардын ооздорундагы*** *(далилсиз)* ***сөздөрү. Алардын бул сөздөрү куду мурунку кафирлердин сөзүнө окшойт. Аларды Аллах каргасын! Кандай гана адашышууда!»*** [9:30]

– Дагы мындай дейт:

﴿لَّقَدْ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوْلَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓا۟ إِنَّ ٱللَّهَ فَقِيرٌ وَنَحْنُ أَغْنِيَآءُ ۘ سَنَكْتُبُ مَا قَالُوا۟ وَقَتْلَهُمُ ٱلْأَنۢبِيَآءَ بِغَيْرِ حَقٍّ وَنَقُولُ ذُوقُوا۟ عَذَابَ ٱلْحَرِيقِ﴾

***«Албетте, Аллах: «Аллах жакыр, биз байбыз» деген кишилердин сөзүн укту. Биз алардын айткан сөздөрүн жана пайгамбарларын жазыксыз өлтүргөндөрүн жазып коёбуз жана*** *(Кыямат Күнү аларга)* ***айтабыз: «Тозок азабын татып көргүлө!»*** [3:181]

– Дагы мындай дейт:

﴿وَإِذْ تَأَذَّنَ رَبُّكَ لَيَبْعَثَنَّ عَلَيْهِمْ إِلَىٰ يَوْمِ ٱلْقِيَٰمَةِ مَن يَسُومُهُمْ سُوٓءَ ٱلْعَذَابِ ۗ إِنَّ رَبَّكَ لَسَرِيعُ ٱلْعِقَابِ ۖ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

***«Ошондо Роббиң, албетте, алардын үстүнө Кыямат Күнүнө чейин жаман азаб менен азабдай тургандарды жиберишин билдирген эле. Албетте, Роббиңердин*** *(кафирлер үчүн)* ***азабы катуу,*** *(момундарга болсо)* ***Кечиримдүү, Мээримдүү»*** [7:167]

– Дагы мындай дейт:

﴿ضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ ٱلذِّلَّةُ أَيْنَ مَا ثُقِفُوٓا۟ إِلَّا بِحَبْلٍ مِّنَ ٱللَّهِ وَحَبْلٍ مِّنَ ٱلنَّاسِ وَبَآءُو بِغَضَبٍ مِّنَ
ٱللَّهِ وَضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ ٱلْمَسْكَنَةُ ۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ كَانُوا۟ يَكْفُرُونَ بِـَٔايَٰتِ ٱللَّهِ وَيَقْتُلُونَ ٱلْأَنۢبِيَآءَ
بِغَيْرِ حَقٍّ ۚ ذَٰلِكَ بِمَا عَصَوا۟ وَّكَانُوا۟ يَعْتَدُونَ﴾

***«Эгер алар Аллахтын жана адамдардын** (мусулмандардын) **коргоосунда болушпаса, албетте аларга каерде болушпасын, кор-зарлык жазылып коюлду. Алар Аллахтын каар-азабы менен кетишти жана аларга бечаралык жазылып коюлду. Буга себеп алар Аллахтын аяттарын тангандыктары жана пайгамбарларды жазыксыз өлтүргөндүктөрү. Буга себеп алардын кылган күнөөлөрү жана чектен чыгуулары»*** [3:112]

– Дагы мындай дейт:

﴿لُعِنَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنۢ بَنِىٓ إِسْرَٰٓءِيلَ عَلَىٰ لِسَانِ دَاوُۥدَ وَعِيسَى ٱبْنِ مَرْيَمَ ۚ ذَٰلِكَ بِمَا عَصَوا۟
وَّكَانُوا۟ يَعْتَدُونَ * كَانُوا۟ لَا يَتَنَاهَوْنَ عَن مُّنكَرٍ فَعَلُوهُ ۚ لَبِئْسَ مَا كَانُوا۟ يَفْعَلُونَ﴾

***«Бани Исраил арасында кафир болгон адамдар Давуд менен Ыйсанын тили менен каргышка калышкан. Буга себеп алардын кылган күнөөлөрү жана чектен ашкандыктары. Алар бир-бирлерин кылган ылайыксыз амалдарынан кайтарышпайт эле. Бул кылган амалдары кандай гана жаман нерсе!»*** [5:78-79]

– Дагы мындай дейт:

﴿فَبِمَا نَقْضِهِم مِّيثَٰقَهُمْ لَعَنَّٰهُمْ وَجَعَلْنَا قُلُوبَهُمْ قَٰسِيَةً ۖ يُحَرِّفُونَ ٱلْكَلِمَ عَن مَّوَاضِعِهِۦ﴾

***«Кийин убада-шерттерин бузгандыктары себебдүү аларды каргышка калтырдык жана таш боор кылып койдук. Алар** (Тороттогу Мухаммад алайхис-саламдын пайгамбар болуусу жөнүндөгү) **сөздөрүн орундарынан өзгөртүштү»*** [5:13]

– Дагы мындай дейт:

﴿وَتَرَىٰ كَثِيرًا مِّنْهُمْ يُسَٰرِعُونَ فِى ٱلْإِثْمِ وَٱلْعُدْوَٰنِ وَأَكْلِهِمُ ٱلسُّحْتَ ۚ لَبِئْسَ مَا كَانُوا۟ يَعْمَلُونَ *
لَوْلَا يَنْهَىٰهُمُ ٱلرَّبَّٰنِيُّونَ وَٱلْأَحْبَارُ عَن قَوْلِهِمُ ٱلْإِثْمَ وَأَكْلِهِمُ ٱلسُّحْتَ ۚ لَبِئْسَ مَا كَانُوا۟ يَصْنَعُونَ﴾

***«Алардын көптөрү күнөө, зулумдук тарапка жана харам тамактыкка жүгүрүп жаткандарын көрөсүң. Кылып жаткан амалдары кандай гана жаман нерсе! Аалым жана даанышмандары аларды күнөө сөздөрдөн, харам тамактыктан кайтарышпайбы?! Кылып жаткан өнөрлөрү кандай гана жаман өнөр»*** [5:62:63]

– Дагы мындай дейт:

﴿۞لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْ﴾

***«Ыйман келтирген адамдарга эң катуу душмандык кылуучу адамдар яхудийлер жана мушриктер экенин көрөсүң»*** [5:82]

– Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَأَلۡقَيۡنَا بَيۡنَهُمُ ٱلۡعَدَٰوَةَ وَٱلۡبَغۡضَآءَ إِلَىٰ يَوۡمِ ٱلۡقِيَٰمَةِۚ كُلَّمَآ أَوۡقَدُواْ نَارًا لِّلۡحَرۡبِ أَطۡفَأَهَا ٱللَّهُۚ وَيَسۡعَوۡنَ فِي ٱلۡأَرۡضِ فَسَادًاۚ وَٱللَّهُ لَا يُحِبُّ ٱلۡمُفۡسِدِينَ﴾

***«Алардын араларына Кыямат Күнгө чейин жете турган кек-душмандыкты таштап койгонбуз. Алар*** *(сага каршы)* ***согуш отун жагышса, Аллах аны өчүрөт. Алар жерде бузукулук кылып жүрүшөт, Аллах болсо бузуку адамдарды сүйбөйт»*** [5:64]

– Дагы мындай дейт:

﴿قُلۡ هَلۡ أُنَبِّئُكُم بِشَرّٖ مِّن ذَٰلِكَ مَثُوبَةً عِندَ ٱللَّهِۚ مَن لَّعَنَهُ ٱللَّهُ وَغَضِبَ عَلَيۡهِ وَجَعَلَ مِنۡهُمُ ٱلۡقِرَدَةَ وَٱلۡخَنَازِيرَ وَعَبَدَ ٱلطَّٰغُوتَۚ أُوْلَٰٓئِكَ شَرّٞ مَّكَانٗا وَأَضَلُّ عَن سَوَآءِ ٱلسَّبِيلِ﴾

***«Айткын: «Силерге Аллахтын алдында мындан көрө жаманыраак «сооп»*** *(жаза ала турган кишилер)* ***жөнүндө кабар берейинби? Алар Аллахтын каргышына дуушар болгон, казабына кириптер болгон жана маймыл, чочколорго айлантылып коюлган, ошондой эле шайтанга кул болгон кишилер. Дал ошолор эң жаман орунда болгон жана Туура Жолдон бүтүндөй адашкан кимселер»*** [5:60]

– Дагы мындай дейт:

﴿وَإِذۡ أَخَذَ ٱللَّهُ مِيثَٰقَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ لَتُبَيِّنُنَّهُۥ لِلنَّاسِ وَلَا تَكۡتُمُونَهُۥ فَنَبَذُوهُ وَرَآءَ ظُهُورِهِمۡ وَٱشۡتَرَوۡاْ بِهِۦ ثَمَنٗا قَلِيلٗاۖ فَبِئۡسَ مَا يَشۡتَرُونَ﴾

***«Эстегин, Аллах ахли китебдерден: «Албетте, ал китебди адамдарга ачык баян кыласыңар жана жашырбайсыңар!» деп убада-шерт алган эле. Кийин алар бул убада-шерттерин арттарына ташташты жана аны арзан баадагы нерселерге алмаштырып жиберишти. Алардын бул алды-саттылары кандай гана жаман нерсе!»*** [3:187]

– Дагы мындай дейт:

﴿وَدَّ كَثِيرٌ مِّنْ أَهْلِ ٱلْكِتَٰبِ لَوْ يَرُدُّونَكُم مِّنۢ بَعْدِ إِيمَٰنِكُمْ كُفَّارًا حَسَدًا مِّنْ عِندِ أَنفُسِهِم مِّنۢ بَعْدِ مَا تَبَيَّنَ لَهُمُ ٱلْحَقُّ ۖ فَٱعْفُوا۟ وَٱصْفَحُوا۟ حَتَّىٰ يَأْتِىَ ٱللَّهُ بِأَمْرِهِۦٓ ۗ إِنَّ ٱللَّهَ عَلَىٰ كُلِّ شَىْءٍ قَدِيرٌ﴾

***«Ахли китебдин көпчүлүгү силерди, ыймандуу болгонуңардан кийин – аларга да акыйкат ачык даана болгондон кийин – көрө албастыктары себебдүү куфрга кайтарууну көздөйт. Эми Аллахтын буйругу келгенче алардын күнөөсүнөн өткүлө жана кечиргиле! Албетте Аллах бардык нерсеге кудурети жетүүчү»*** [2:109]

– Дагы мындай дейт:

﴿لَا يُقَٰتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِى قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَآءِ جُدُرٍۭ ۚ بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ ۚ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعًا وَقُلُوبُهُمْ شَتَّىٰ ۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَعْقِلُونَ﴾

***«Алар*** *(мунафык жана яхудийлер)* ***биргелешкен абалда, силер менен жалгыз калаа-коргондуу айылдар ичинде*** *(бекинип)* ***же дубалдар артында гана согуш кыла алышат,*** *(тактап айтканда эч качан силерге каршы ачык согушка чыга алышпайт).* ***Алар өз араларында күчтүү-кубаттуулар,*** *(тактап айтканда, согуш болбостон туруп өз-ара күч-кубаттуу экендиктери тууралуу апырта беришет, бирок согуш убагында алар алсыз-коркоктор. Ооздорундагы сөздөрүнөн)* ***аларды биримдүү деп эсептейсиң,*** *(бирок)* ***жүрөктөрү ар түрдүү. Буга себеб алардын акылсыз коом экендиктери»***[59:14]

– Дагы мындай дейт:

﴿لَن يَضُرُّوكُمْ إِلَّآ أَذًى ۖ وَإِن يُقَٰتِلُوكُمْ يُوَلُّوكُمُ ٱلْأَدْبَارَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ﴾

***«Алар силерге азар берүүдөн башка эч кандай зыян жеткире алышпайт. Эгер силер менен согушса, аркаларына карап качышат. Кийин аларга*** *(эч ким тарабынан)* ***жардам берилбейт»*** [3:111]

– Дагы мындай дейт:

﴿قُلْ إِن كَانَتْ لَكُمُ ٱلدَّارُ ٱلْءَاخِرَةُ عِندَ ٱللَّهِ خَالِصَةً مِّن دُونِ ٱلنَّاسِ فَتَمَنَّوُا۟ ٱلْمَوْتَ إِن كُنتُمْ صَٰدِقِينَ * وَلَن يَتَمَنَّوْهُ أَبَدًۢا بِمَا قَدَّمَتْ أَيْدِيهِمْ ۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌۢ بِٱلظَّٰلِمِينَ * وَلَتَجِدَنَّهُمْ أَحْرَصَ ٱلنَّاسِ عَلَىٰ حَيَوٰةٍ وَمِنَ ٱلَّذِينَ أَشْرَكُوا۟ ۚ يَوَدُّ أَحَدُهُمْ لَوْ يُعَمَّرُ أَلْفَ سَنَةٍ وَمَا هُوَ بِمُزَحْزِحِهِۦ مِنَ ٱلْعَذَابِ أَن يُعَمَّرَ ۗ وَٱللَّهُ بَصِيرٌۢ بِمَا يَعْمَلُونَ﴾

***«Айткын: “Эгер Аллахтын алдында Акырет жайы** (бейиш) **башка адамдарсыз силердики гана болсо, анда өзүңөргө өлүм тилегиле”. Алар кылган кылмыштары себебдүү эч убакта аны** (өлүмдү) **тилей алышпайт. Аллах – адашкандарды Билүүчү. Алар** (яхудийлер) **а түгүл мушриктерден да жашоого ач көз кишилер экенин байкайсың. Алардын кээ бирлери миң жыл өмүр сүрүүнү көксөшөт. Акыйкатта болсо, узун өмүр аларды азабдан оолактата албайт. Акыры, Аллах алардын жасап жаткан амалдарын Көрүүчү!»*** [2:94-96] ❑

## КУРЪАНДЫН ФАЗИЛАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ (2)

– Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат: «**يَجِيءُ صاحِبُ القُرآنِ يومَ القِيامةِ، فيقولُ القرآنُ: يارَبِّ حُلَّهُ** (أي: يقولُ القرآنُ للهِ عزَّ وجلَّ: يا رَبِّ ألبِسْ قارِئَ القرآنِ حُلَّةً، وزيِّنْه وأكرِمْ منزِلَتَه) **فيَلْبسُ تاجَ الكرامةِ، ثُم يقولُ: يارِبِّ زِدْه، فيَلبسُ حُلَّةَ الكرامةِ، ثُم يقولُ: يارِبِّ ارْضَ عَنه، فيَرضَى عنه، فيُقالُ لهُ: اقْرأْ، وارْقَ، ويُزادُ بِكُلِّ آيةٍ حَسَنَةً**»

**«Кыямат күнү Куръан ээси келет. Ошондо Куръан: “Эй, Роббим, аны кооздо”, - дейт.** (Т.а. Куръан Аллах Азза ва Жаллага: “Эй, Роббим, Куръан каарысын кооздо, зийнатта жана мартабасын жогору кыл”, - дейт). **Андан соң ал урмат таажысын кийет жана Куръан: “Эй, Роббим, ага дагы да ашыра кыл”, - дейт. Ошондо даңк кийимин кийет. Андан соң Куръан: “Эй, Роббим, андан раазы бол”, - дейт. Ошондо Аллах андан раазы болот. Андан соң ага оку жана тилават кыл делет жана ар бир аятка бир жакшылык кошулат».** Тирмизий чыгарган, Хаким “Мустадрак”та, Даримий Байхакийлер “Шаъбул ийман”да келтиришкен, сахих хадис.

– Укба ибн Амир айтат: Биз сөрүдө олтурган элек, Расулуллах ﷺ чыгып, мындай деди:

«**أَيُّكُم يُحِبُّ أَنْ يَغْدُوَ كُلَّ يَومٍ إلى بُطْحَانَ** (مَوضعٌ بِقُرْبِ المدينةِ) **أَوْ إلى العَقِيقِ،** (وادٍ بالمدينةِ) **فَيَأْتِيَ منه بناقَتَيْنِ كَوْمَاوَيْنِ** (الكَوْماءُ: النَّاقَةُ العظيمةُ السَّنَامِ، وضَرَبَ المثلَ بها لأنَّها مِن خِيارِ مالِ العربِ) **فِي غيرِ إثْمٍ، وَلَا قَطْعِ رَحِمٍ؟** فَقُلْنَا: يا رَسولَ اللهِ، نُحِبُّ ذلكَ، قالَ: **أفلا يَغْدُو أَحَدُكُمْ إلى المَسْجِدِ فَيَعْلَمُ، أَوْ يَقْرَأُ آيَتَيْنِ مِن كِتَابِ اللهِ عَزَّ وَجَلَّ، خَيْرٌ له مِن نَاقَتَيْنِ، وَثَلَاثٌ خَيْرٌ له مِن ثَلَاثٍ، وَأَرْبَعٌ خَيْرٌ له مِن أَرْبَعٍ، وَمِنْ**

**أَعْدَادِهِنَّ مِنَ الإِبِلِ** أي: كلَّما زادَ مِن عددِ الآياتِ في عِلمِها أو قِراءتِها، كان له بعَددِ تلك الآياتِ أفضَلُ مِن مِثلِها مِنَ الإبلِ»

**«"Силердин кайсы бириңер күн сайын эрте менен Бутханга** (Мадинага жакын жер) **же Акикке** (Мадинанын өрөөнү) **барып, ал жерден күнөөсүз же тууганчылык байланыштарын үзбөстөн** (өркөчтөрү чоң) **эки төө алып келүүнү каалайт?",** деди. (Андай төө арабдардын эң жакшы байлыгы болгондуктан санат кылынган)**. Ошондо биз: "Эй, Аллахтын Расулу, аны баарыбыз каалайбыз", - дедик. Ал айтты: "Силердин бириңер масжидге барып, Аллах Тааланын китебинен эки аятты үйрөнбөйбү же окубайбы, акыры бул нерсе ал үчүн эки төөдөн, үч аят үч төөдөн, төрт аят төрт төөдөн жакшыраак. Канча аят үйрөнсө же окуса, ошончо төөдөн афзел болот».** Муслим, Ибн Хиббан жана Насаийлер "Сунанус Сугро"до чыгарышкан. Абу Давуд жана Ахмад "Муснад"да келтирген, сахих хадис.

– Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«**لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَمْ يَتَغَنَّ بِالْقُرْآنِ** –وَزَادَ غَيْرُهُ– **يَجْهَرُ بِهِ**»

**«Чырайлуу үн менен Куръан окубаган киши бизден эмес.** (Башкалар **«Бийик үн менен»** деген сөздү да кошушкан)**».** Бухарий, Ибн Хиббан жана Насаийлер "Сугро"до чыгарышкан. Абу Давуд, Ахмад, Даримий жана Байхакийлер "Шуъбул ийман"да чыгарышкан, сахих хадис.

– Абдуллах ибн Масъуд риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«**بِئْسَ ما لأَحَدِهِمْ أنْ يَقُولَ: نَسِيتُ آيَةَ كَيْتَ وكَيْتَ، بَلْ نُسِّيَ، واسْتَذْكِرُوا القُرْآنَ؛ فإنَّه أشَدُّ تَفَصِّيًا مِن صُدُورِ الرِّجالِ مِنَ النَّعَمِ**»

**«Алардын бири баланча-баланча аятты унутупмун деши кандай гана бактысыздык. Балким ал унуттурулду.** (Т.а. Куръанды тилават кылууга кайдыгерлик кылганы үчүн Аллах аны унуттурду). **Ошондуктан ар дайым аны тилават кылгыла. Себеби ал кишинин жүрөгүнөн төөдөн да тез качуучу».** Бухарий Муслим, Ибн Хиббан, Тирмизий жана

Насаийлер “Кубро”до чыгарышкан. Ахмад жана Даримийлер да чыгарган, сахих хадис.

– Бир күнү түндөсү Усайд ибн Хузайр үйүнүн артындагы мирбадда (мирбад – хурма кактала турган жай) Куръан окуп жатканда аты катуу үркүп кетти. Андан кийин ал дагы окуганда аты дагы үркүдү. Ал окууну улантканда аты дагы үркүдү, дагы улатканда аты дагы үрктү. Усайд айтат: Уулум Яхяга зыян жеткиришинен коркуп, ага турган элем, башымдын үстүндө бир булут турду жана анда чыракка окшогон нерселер бар эле. Лекин ал заматта көрүнбөй калды. Эртеси туруп, Расулуллах ﷺга барып: “Оо, Аллахтын Расулу, мен түндө Куръан окуп жаткам элем, атым катуу үркту”, - дедим, ал киши: “(Ошондой абалда да) оку, Ибн Хузайр”, - деди. Мен уланттым: “Лекин ал дагы үркүп кетти”, - дедим. Ошондо ал киши: “Эй, Ибн Хузайр, (ошондой абалда да) оку”, - деди. Мен: “Оо, Аллахтын Расулу, окудум, бирок атым дагы үркту”, - дедим, ал киши: “Эй, Ибн Хузайр, (ошондой абалда да) оку”, - деди. Расулуллах ﷺ кийин дагы айтты: «**Ал сени тыңдап жаткан periштелер эле. Эгер окуганыңда адамдар аларды жашынып турган жайынан көрүшмөк**». Абдурраззак жана Хаким “Мустадрак”та чыгарган. Табароний болсо “Кубро”до чыгарган, сахих хадис.

– Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«لاَ حَسَدَ إِلَّا فِي اثْنَتَيْنِ: رَجُلٌ عَلَّمَهُ اللَّهُ القُرْآنَ، فَهُوَ يَتْلُوهُ آنَاءَ اللَّيْلِ، وَآنَاءَ النَّهَارِ، فَسَمِعَهُ جَارٌ لَهُ، فَقَالَ: لَيْتَنِي أُوتِيتُ مِثْلَ مَا أُوتِيَ فُلاَنٌ، فَعَمِلْتُ مِثْلَ مَا يَعْمَلُ، وَرَجُلٌ آتَاهُ اللَّهُ مَالًا فَهُوَ يُهْلِكُهُ فِي الْحَقِّ، فَقَالَ رَجُلٌ: لَيْتَنِي أُوتِيتُ مِثْلَ مَا أُوتِيَ فُلاَنٌ، فَعَمِلْتُ مِثْلَ ما يَعْمَلُ»

**«Хасад кылуу мүмкүн эмес. Эки абалда гана мүмкүн. Биринчиси, Аллах Таала Куръанды үйрөткөн кишиге. Ал түндүн бир бөлүгүндө жана күндүздүн бир бөлүгүндө Куръан окуса кошунасы аны угуп: “Ага берилген нерсе мага да берилсе кана, мен да ошондой кылат элем”, - дейт. Экинчиси, Аллах бир кишиге байлык берген болсо, аны акыйкат жолго сарфтаса. Ошондо: “Баланчыга**

**берилген нерсе мага да берилсе, мен да ошондой кылат элем", - дейт».** Бухарий, Ибн Хиббан, Муслим, Тирмизий жана Насаийлер "Кубро"до чыгарышкан. Ибн Мажжа жана Ахмаддар да чыгарган, сахих хадис.

– Абдуррахман ибн Шибл ﵁ риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«تعلموا القرآن، فإذا علمتموه فلا تغلوا فيه، ولا تجفوا عنه ولا تأكلوا به ولا تستكثروا به»**

**«Куръанды үйрөнгүлө, үйрөнгөнүңөрдө чектен чыкпагыла, ага кайдыгер болбогула, аны дуняга теңеп албагыла жана ал аркылуу дуня чогултпагыла».** Насаий, Ахмад жана Байхакийлер "Шуъбул ийман"да чыгарышкан, сахих хадис.

– Аиша ﵂ риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«الماهر بالقرآن مع السفرة الكرام البررة، والذي يقرأ القرآن وهو يشتد عليه له أجران»**

**«Куръанды мыкты үйрөнгөн киши улуу, итааттуу мирза** (т.а. периштелер) **менен бирге болот. Аны жаттаганда кыйналган киши үчүн эки сооб бар».** Бухарий, Муслим, Ибн Хиббан, Тирмизий жана Насаийлер "Сугро"до чыгарышкан. Абу Давуд, Ибн Мажжа, Ахмад жана Даримийлер сахих хадис деген.

– Умар ибн Хаттаб риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«من نام عن حزبه أو عن شيء منه فقرأه فيما بين صلاة الفجر وصلاة الظهر كُتِب له كأنما قرأه من الليل»**

**«Ким** (Куръандын) **бир бөлүгүн окубастан уктап калса, багымдат намазы менен бешин намазы ортосунда аны окуса, ага кудум түндө окугандай сооб жазылат».** Муслим, Ибн Хиббан, Тирмизий жана Насаийлер "Кубро"до чыгарышкан. Абу Давуд, Ибн Мажжа жана Даримийлер сахих хадис деген.

– Абдуллах ибн Амр риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«اقرأ القرآن في شهر، قلت إني لأجد قوة حتى قال: إقرأه في سبع ولا تزد على ذلك»

**«Куръанды бир айда хатм кыл. Мен: “Андан көбүрөгүнө күчүм жетет”, дедим, ал зат айтты: “Жети күндө бир жолу хатм кыл жана андан ашырба».** Бухарий, Муслим, Ибн Хиббан жана Насаийлер “Сугро”до чыгарышкан. Абу Давуд, Ахмад жана Ибн Мажжа сахих хадис деген.

– Абу Муса Ашъарий риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«**إن من إجلال الله إكرام ذي الشيبة المسلم، وحامل القرآن غير الغالي فيه، والجافي عنه** (أي: الحافِظِ لكتابِ اللهِ عزَّ وجلَّ، العاملِ بأحكامِه دونَ مُغالاةٍ وتكلُّفٍ فيه) **وإكرام ذي السلطان المقسط**»

**«Жашы улуу мусулманды, чектен чыкпай жана кайдыгерлик кылбай Куръанды жаттаган кишини жана адилеттүү султанды урматтоо – Аллахты улуулоонун бир бөлүгү».** Абу Давуд жана Байхакий “Шуъбул ийман”да чыгарган. Баззар жана Табароний “Авсат”та сахих хадис деген.

Уландысы бар

(Израиль) «Хасбара» деп аталган агенттикке таянып фактыларды бузуп көрсөтүү, фалестиндиктерди жана аларга тилектеш болгондорду демонизация кылуу (карамүртөз шайтан кылып көрсөтүү) үчүн дезинформация операцияларын туруктуу алып барат. Анын максады баскынчыны жакшы көрсөтүп, позицияларын актоо жана 1948-жылдан бери жасап келе жаткан кылмыштарын жашыруу. Ал өлкө ичинде жана тышындагы бардык (Израиль) мекемелери тарабынан расмий колдоп-кубаттоо алкагында баскынчынын фалестиндиктерге жасаган кылмыштарын актоого аракет кылат. Баскынчыны жана анын жасаган иштерин каралаган ар кандай аракеттерге каршы турууга жана бүткүл дүнядагы Фалестин маселесине карата тилектештик толкунун токтотууга аракет кылат.

Israel Today гезитинин хабарына ылайык, Мушек Авив жакында «Хасбара» жетекчисинин кызматынан кеткен. Ал өткөн жылдын 7-октябрындагы чабуулдардан бир ай мурун бул кызматты ээлеген эле. Бирок, Тель-Авив бүткүл дүня бойлоп кеңири тараган Фалестин жөнүндөгү фикирлерге каршы ийгиликтүү үгүт кампанияларын ишке ашыра албаганы үчүн ал сынга учурады. «Хасбара» агенттигинин иш-аракетине мисалдар:

– Фалестиндиктерге каршы тукуруу. Маселен, Америка гезиттери 7-октябрдагы Фалестин каршылык кыймылынын чабуулдарында (израилдик) аялдардын зордукталганын айтып, муну тастыктаган далилдерди көрсөтпөгөн. Тескерисинче, бул гезиттер (Израиль) мекемелерине, аскерлерине жана белгисиз күбөлөргө таянышкан. Бирок кийинчерек бул жалган болуп чыкты. Себеби бул ноябрь айында Газадагы биринчи сулх маалында азат кылынган (израилдик) туткун аялдардын көрсөтмөлөрүнө ачык-айкын тескери болгон.

– Ушул чабуулда балдар өлтүрүлгөнү жана алардын башы алынганы жөнүндө сөз таратуу. Америка президенти бул икаяны кабыл алып, маалымат каражаттарында айтып бул жаңылыштыкка аралашты. Бирок ал муну өзгөрттү. Себеби Ак үй президенттин билдирүүлөрү (Израиль) расмийлеринин жана маалымат каражаттарынын хабарларына негизделгенин билдирди.

«Хасбара» колдонгон усулдар:

– Басым өткөргөн сионисттик топтор менен кызматташып салттуу маалымат каражаттарына жылжып кирүү же аларды көзөмөлдөө. О.э. аларды (Израиль) саясатын актаган маалымат жана талдоолор менен камсыздоо. Каршы көз караштарды маргиналдаштыруу же демонизация кылуу аркылуу жок кылуу.

– Коомдук фикирге таасир өткөрүү жана талкууларды анын кызыкчылыктарына хызмат кыла турган тариздe багыттоо максадында Твиттер, Фейсбук жана Инстаграм сыяктуу платформаларда кеңири масштабда твит жана постторду жарыялоо үчүн адистешкен электрондук комитеттерден файдалануу.

– Баскынчы мамлекеттин көз карашын үгүттөгөн жана анын саясий, коопсуздук, экономикалык жана маданий маселелер боюнча көз карашын ачыктаган веб-сайттар жана блогдорду түзүү.

– Баскынчы бийликтин талкууларында активдүү катышуу жана өз көз карашын

колдогон далилдерди көрсөтүүдө элчи жана дипломаттардан файдалануу.

– Башка мамлекеттер алдында өз аброюн жогорулатуу үчүн илим жана маданияттан курал катары файдалануу. Яхудий вужуду курч саясий маселелерден этибарды буруу үчүн концерттер, көргөзмөлөр жана театрлаштырылган тамашаларды уюштурат.

– Дунядагы коомдук фикирге, айрыкча америкалыктардын (Израиль) жана Жакынкы Чыгыш регионунун келечеги жөнүндөгү фикирине таасир кылуу үстүндө иштөө. (Израиль) тынчтыктын тарапкери экендиги жөнүндө коомго кайрылуу.

– АКШ сыяктуу айрым мамлекеттерде өз хабарларын күчөтүү жана өзүнүн сөздөрүнө тескери болгон билдирүүлөрдү бузуп көрсөтүү үчүн активдүү тилектештерден турган «бешинчи колоннага» таянуу. О.э. анын кылмыштарын сындап жаткандардын ахлакий жактан карманган позициясына сокку берүү жана баскынчы мамлекетти «демократиялык мамлекет» катары алга сүрүү.

Ушул багытта яхудий агенттиги (Израилди) жана анын саясатын коргоодо файдалануу максадында дунядагы студенттер үчүн интернетте «Хасбара колдонмосун» ишке салды. Ал коргонуу стратегияларын жана талкууларга киришүү негиздерин кенен түшүндүргөн жана максаддар топтомун белгилеп берген окуу колдонмосу. Ал максаддардын эң маанилүүлөрү: «Экстремизм жана терроризмге каршы күрөшүү» аталышында жырткычтык жана ырайымсыздыкты актоо. Чындыкты бузуп көрсөтүүнүн бир бөлүгү катары фактыларды ойлоп табуу жана анын контекстин бузуу. Этибарды чыныгы кылмышкерден буруу, баскынчыга каршы ар кандай аракетти өзгөртүп, аны антисемитизмге айлантуу. Акыйкатта болсо, антисемитизм бир катар мамлекеттерде мыйзам менен жазаланган кылмыш эсептелет.

**Ал-Ваъй:** чындыкты бузуп көрсөтүү жана өзгөртүү, жалган үгүт таратуу жана этибарды акыйкаттан буруу услубу, айтылып өткөндөй, баскынчынын услубдарынын бири. Бирок бул маселе баскынчы ишке ашырып жаткан нерселерге гана чектелбейт. Тескерисинче, Америка, Британия, Германия жана Фаранция сыяктуу башка мамлекеттерде ошол жамандыгы менен белгилүү «Хасбара» агенттиги менен бирдей ишти аткарган кеңсе жана командалар, аныгы разведка кеңселери бар. Ал-Ваъй мусулмандарды бул сыяктуу арамза кеңселерди күзөтүүгө жана алардын жалгандарын күзөтүү аркылуу аларды ачыктоого үндөйт. Эгер мусулмандар мындай иштерди ачыктоо жана аларды ийгиликсиздикке учуратуу үстүндө иштеген топторду түзсө, дагы да жакшы болот. ❑

# ГАЗА СОГУШУ ТҮРКИЯДАГЫ ШАЙЛООГО КАНДАЙ ТААСИР КЫЛДЫ?

Газага каршы агрессия башталгандан бери Түркияда дээрлик күн сайын Фалестин калкына тилектештик билдирген күчтүү демонстрациялар болууда. Өткөн жылдын 7-октябрынан бери Газа секторуна каршы токтобой келе жаткан ырайымсыз агрессия Түркияда март айынын акырында өткөрүлгөн жергиликтүү шайлоого көлөкө түшүрдү. Себеби арабдарды жана качкындарды жек көрсөтүү аракети сезилерлик төмөндөп, оппозициядагы саясатчылар да, бийликтеги саясатчылар да шайлоо кампаниясында «Газа картасын» колдонууга шашылышты.

Президент Ражаб Таййиб Эрдоган баскынчы (Израиль) жетекчилерине каршы кескин билдирүүлөрдү берүүнү улантты. Блокада натыйжасында Газа секторунун калкын набыт кылып жаткан ачарчылыктын жайылып, (Израиль) менен соода алакалары уланып жаткаты, расмий бийлик демилге тизгинин колго алып, баскынчы (Израиль) менен соода алакаларын токтотууга кайдыгер карап жаткандыктан Эрдогандын коалициясынан тышкарыдагы консервативдүү партиялар расмий бийликтин бул позициясын кескин сындашты. Феврал айында Давудуглу өз партиясынын жалпы жыйынында сүйлөгөн сөзүндө Эрдоганга кайрылып: «Урматтуу президент, биз Түркия портторунан (Израилге) жол алган соода кемелерин жөн карап тура албайбыз», - деди. «Газада мусулмандар кыргын кылынып жатат, адамдар аны (Эрдоганды) “Израилге” болот, азык-түлүк жана учактын күйүүчү майын жөнөткөн жетекчи катары эстешет», - деп кошумчалады ал. Баскынчы “Израилдин” айыл чарба министрлигинин расмий маалыматтарына ылайык, Газа секторундагы агрессиядан кийинки доордо баскынчы мамлекетке жер-жемиш жана жашылчаларды экспорттогон мамлекеттердин тизмесинде түрк компаниялары биринчи орунду ээледи. Өз кезегинде, түркиялык маркум саясатчы Нажмиддин Эрбакандын уулу Фатих Эрбакан «Бийликтин Газадагы окуяларга туура эмес мамиле кылганын» Эрдоган жетектеген «республика союзунан» чыгуу себеби катары көрсөттү. Ал жергиликтүү шайлоого, союздарга кошулбастан, жалгыз өзү болорун жарыялады.

Газа секторундагы агрессиянын акыбеттери Республика элдик партиясынын өкүлү болгон Түркиянын оппозициячыл солчул партиясына да жетти. Газа секторунун калкы баскынчы тарабынан геноцид кылынып жатканда, эң көзгө көрүнгөн саясатчылар газалыктарга тилектештик билдирип, билдирүүлөрдү бере башташты. Республика элдик партиясынын жетекчиси Озгур Озал Газа секторунда Фалестин калкына карата “Израиль” жасап жаткан кылмыштарды каралап, Фалестин маселеси «Республика элдик партиясы жана түрк солчулдарынын маселеси» экендигин баса белгиледи. Истамбулдун азыркы акими, «Республика элдик Партиясы» тарабынан экинчи мөөнөткө талапкер Экрем Имамуглу да Газа секторуна жардам кербенин жөнөттүү жана «зулум токтомоюнча Газага тилектештикти улантууга» басым жасады.

**Ал-Ваъй:** шайлоого байланыштуу ички саясий талкууларда Газа биринчи орунда болгону, Эрдогандын союздаштары менен келишпестигине да Газа себебчи болгону, Түркия көчөлөрү жүз берип жаткан окуялар себебдүү кайнап турганы үчүн Эрдогандын Газа сектору туурасында шерменде позициясы анын партиясынын шайлоодо жеңилүүсүнө алып келди. Кайда карап бара жатканын билбеген Эрдоганды колдогон мусулмандар эң оболу Эрдоган дин маселесине чектен чыгып, динди маскара кылып жатканын аңдап түшүнүшү керек… Эрдоган азыркы жаман өкүмдарлардын арасындагы эң жаманы. Себеби ал кожоюндарына хызмат кылууда динден файдаланууда. Маселен, ал Ирак жана Афганистанда динден файдаланды, Сирия, Африка жана Евразияда да динден файдаланды жана дале файдаланып келе жатат. ❑